84(2=Ки)кыр
М65

Амангелди Мисиров



# КЫЯЛБЕКТИН ЖОМОГУ

УДК 821.51-93
ББК 84Ки 7-4
М 65

Мисиров А. М65 **Кыялбектин жомогу** ж.б. Балдар үчүн ырлыр, жомоктор, аңгемелер. –Ош: Кагаз ресурстары 2015.-224б.

ISBN 978-9967-604-63-6

Автор балдардын жан-дүйнөсүндөгү, дүйнө таанымындагы, кабылдоосундагы өзгөчөлүктөрдү жакшы баамдап, бийик акыл парасат менен түшүнөт, экинчи жактан элибиздеги ыймандын, үрп-адаттын, салттын нарк насилин, жаратылыштын ыйыктыгын балдардын кабылдоосуна өтө жогорку пафос менен көркөмдөп, алардын назик сезимдерин ойготууга далалаттанат.

**Апышев Бекембай ОшМУнун профессору**

М 4803300100-14
ISBN 978-9967-604-63-6

УДК 821.51-93
ББК 84Ки 7-4

© Мисиров А.,2015ж

## Автордон

Жобурап китеп окуса,
Жоодурап жүзү бир башка.
Жакшы ыр жазсам балдарга,
Жашара түшөм бир жашка.

Бак-таалай каалайм бөбөкө
Гүлүндөй жердин жайнаган.
Ыр ырдап койсоң толкундап,
Торгойдой тилиң сайраган.
Узун өмүр, тынчтыкты,
Ыйманды тилейм кайрадан.

Алибетте ырыбыз да, жакшы тилек сырыбыз да балдар үчүн. Балага балтыр бешик кезинен эле бешик ырын ырдап, уккан наристе көңүлү көтөрүлө жыргап, бала бой жеткен сайын акыл-насаат жомокторду тыңдап, адамдын адам болуп калыптанып жашап келатканы да ошол. Мындай ыймандуу салттуу жашоого бүгүнкү да, келечек коом да муктаж. Ошол муктаждыкты канаатандыруунун бирден бир куралы тарбиялык мааниси бар китеп.

Мен мугалим-тарбиячы катары колумдан келишинче, ушул колуңуздардагы китебимди жаш жеткинчектерге арнап, келечектин татыктуу, ыймандуу адамы болуп тарбиялануусуна көмөк көрсөтөт деген ой - тилек менен чыгарып олтурамын.

**Амангелди Мисиров Эл агартуусунун мыктысы, балдар акыны, жазуучу.**

# Кыялбектин жомогу

Кыялбек чын эле кызык бала. Кээде бар эмеспи, ойго келбеген кызык бир укмуштуу окуяны айтат да турат. Биз болсо анын аңгемесин кызыга угуп, анын



кыял жоругуна таң кала беребиз. Бир күнү баарыбыз жайдын ысыгына чыдабай өзөнгө барып киринип, анан өзөндүн жээгинде салкындап отурганбыз. Ал минтип аңгеме баштады:

–Мен туула элегимден мурда да жашаганымды силер билбейсиңер, - дейт. Анда мен бака болчумун. Абдан чоң бака. Ушул эле өзөндө жашачумун. Ошон үчүн көзүм да тосток.

Өзүңөр болсо көрүп эле жүрөсүңөр секиргенде баарыңдан өтүп кетем. Минтип... минтип… Ал бир топ жерге чейин секирип барат да, анан кайра келип, эки бетин чулчуйтуп, колун оозуна тосо калып квак-квак-квак- деп баканы туурап чардап кирет.

–Ушинтип чардап жатсам, -дейт ал, силерге окшоп тентек балдар таш менен ураар эле. Эгер тийсе жаман эле болмокмун. Коркуп кетип «чулп» этип сууга секирип кетчүмүн да, те аркы жээкке сүзүп чыгып, жашыл шалбааларды аралап жүрө берчүмүн.

Дарактар өтө бийик болгондуктан анын учуна көзүм араң жетчү. Мен аралап жүргөн жашыл шибердин арасы өтө кооз эле. Айрыкча жамгыр жаап өткөндөн кийин араласаң бар эмеспи, шибердин муздак-муздак тамчылары, денеме тийип жанымды сергитчү. Кызылала гүлдөрдүн кооздугун айтпа, анда учуп жүргөн көпөлөктөрчү! Кызыкканымдан көпкө чейин тостоюп карап тура берчүмүн. Силер да бака болуп көргөнүңөрдө, эч качан баканы урбайт болчусуңар. Менин аябай корккону илеглек боло турган. Эгер төө жалбырак, аткулак деген чөптөр болбоосо бар эмеспи, анын көзүнө көрүнүп калмакмын да, кылычтай тумшугуна илинип, азыр таптакыр дайыным жок болмокмун, силер менен жүрмөк эмесмин.

– Калп,- деп Чынара анын сөзүн бөлүп жактыра бербей, -калп, сен бака болгонуңда суу жыландар эчак сазайыңды бермек.

– Ал айтканың чын, -дейт Кыялбек терикпей. Мен анын айласын тапчумун. Бир жолу жылан менен кездешип калдым. Мен коркуп кетип башка бакаларга окшоп, артымды салып качканым жок. Душмандан качкан өлүмгө тете эмеспи. Анда эле жылан арткы бутуңдан тиштеп соруп кирет. Мен тике маңдайынан чыктым да, жыландын оозуна чап жармашып үйлөп-

жармашып үйлөп-үйлөп жибердим. Байкуш жылан торсойуп барып жарылып калды. Кыялбектин ушул аңгемесинен кийин Чынара да, биз да эмне дээрибизди билбей, таң калып оозубуз ачылчу.

- Эми, -дейт Кыялбек аңгемесин андан ары улап, карылыгым жетип таятама окшоп өлгөнүмдө кайрадан күчүк болуп алам. Антпесем боло турган эмесмин. Ушул кооз өзөнүбүздү унуткум келбейт. Карачы кандай гана көрктүү! Тиги тоолордун үстүндөгү аппак-аппак ээрчишкен булуттар кандай гана кооз. Алар азыр булакка суу ичкени келатат. Эгер ошол күмүш булуттардан бир үзүм алып жүзүңдү жуусаң, аябай аппак болмоксуң, Чынара- дейт. Пери кыздар бар эмеспи, алар ушул аппак кебездей булут менен жуунушат. Ушул кооз табиятты дайыма карап жүргүм эле келет. А кышында болсо күчүгүмдү жаткыргандай мени да, мештин түбүнө жаткырып коюшат эмеспи.

- Койсоңчу, - дейт Садык жактырбай, андан көрө Чабалекей, же торгой болгонуң жакшы. Каалаган жагыңа уч да, кете бер.

- Чабалекей болгон кыздарга гана жарашат. Кыздар силер чабалекей болуп алсаңар болот. Бирок мышыктан өтө этият болгула. Мен өткөндө жөжөлөргө асылган мышыктын азабын бергенмин.

Алар мени аябай жек көрүшөт. Эгер чабалекей болсом, эми алар менден өчүн алат. А мен болсо мышыкка тытылгым келбейт.

- Ал эми торгой, же кандайдыр бир канаттуу болуу андан да жаман. Кемелек көтөрүп аткан балдарды мындай кой, жаз келгенде торгой байкуштун уясын трактор бир күн келет да, уя менен жумурткасын кошо күмжам кылат да коет.

Ала канат-майсалар да майда куштардын балапандарына кол салуучу болду. Анан калса үрөндү да аябай даарылап туруп себишет. Андан бирди чокуган болсоң көпкөк асманга чыгып, экинчи жолу сайраш оюңа да келбесин. Дан чокуган канаттуулар ошентип аз калды, табияттын болсо куну кетип баратат. Кооз көпөлөк, аары менен канчалаган кумурскалардын да сепкен даарыдан күнү бүтүп баратат, - деп капалуу турат да:

– Мен азыр бака болгум келип жатат, - деп суута секирип түшүп, чумкуп кетип көпкө дайынсыз жоголот. Биз болсо «чын эле бака болуп кеттиби?» - деп ойлоп тынчыбыз кете баштайт. Тынчы кеткен Садык да суута түшүп, аны тээ суунунун төмөнкү агымынан кууп жетип сүйрөп чыгат да:

- Эмне өлгүң келдиби?: - деп тилдеп кирет.

Кыялбек болсо:


- Эми бака болоюн дедим эле, - дейт энтигип.

Ушундай окуядан кийин анын айткан аңегемелеринен эмне дээрибизди билбей, аны аяп, ал тургай чын эле деп, ал сөз кылган бардык жаныбарларды, кооз табиятты аео сезимибиз да күч алып, күн нуруна жаркыраган өзөндү тиктеп, асманда жылып бараткан аппак-аппак булуттарга сукtанып, анда санда көктө сайраган торгойдун үнүнө кулак төшөй, көпкө чейин үнсүз-сөзсүз отуруп калчубуз.

## Кыялбектин экинчи жомогу

Ошентип Кыялбек бизди улам жаңы жомогун айтып кызыктыра берет. Бүгүн болсо ал мен бир кезде чычкан болгон элем десе болобу?! Анын бул сөзүнө таң калганыбыздан айласыздан кантип чычкан болгон экен деп кызыгып калабыз,

- Ишенбесеңер, - дейт ал, сүйрүрөөк кулагын көрсөтүп, - кулагым ошон үчүн чычкандыкына окшош дейт, ишендиргиси келип. Болгондо да чоң чычкан болгомун.



Менден келемиштер гана эмес, мышыктар да коркуп турчу. Анткени мен мышыктан да чоң болчумун. Анан дебейсиңерби, мен талаада жүрүп курсагым да кээде ачып, суусап да калчумун. Ошондо буудай аңызды аралап жүрүп оргондон калган машакты таап алар элем. Сүйүнгөнүмдөн "бул буудайды ким жаратты экен, ушул буудайды ким жаратса да алкыш" дечүмүн. Бирок буудайды адам жаратпаганын, адам эгип гана өстүргөнүн билчүмүн. Ушул убакка чейин кантип буудайдын жаралып калганын билбей жүрөм. Ал эми буудай өзүнөн өзү эле жаралып калганына дагы эле ишене бербейм. Кантсе да үйүмө, ташып буудайга курсагым тоюп, күнгө карктана жатып анан суусап чыкчумун.

Мындайда, албетте, издегениң суу болуп, анын баркын билип, такыр эсиңден кетпей туруп алат. Аргасыз суу издеп жөнөдүм. Суунун шылдыраган жагымдуу үнүн да уктум. Кубанып жетип барып ичейин десем, жагымсыз жыт келсе болобу?! Аябай ачуум келди. Анткени суунун баркын билбеген бирөө эгинине дары сээп курт-кумурскалардан коргойм деп, бакаларды өлтүрүп, убалына калган уулуу дарынын ашканын төгүп салыптыр. Мен ал сууну байкабай ичип алганымда ооруп, же болбосо азыр силер менен чогуу отурмак да эмесмин.

Кыялбек ушинтип сүйлөсө “чын эле чычкан болуп көрдү бекен” - деп бири-бирибизди суроолуу көз менен карап койобуз. Кыялбек болсо айтканынан кайтпай, биздин таң калганыбызга ишенип, ишенбегенибизге карабай аңгемесин улаганы улаган.

- Жүрүп-жүрүп, - дейт анан ал, - өйдө суунун агымына каршы жүрүп отуруп булактын көзүнөн суу ичип, эс алып отуруп ойго баттым. Суунун кантип пайда болгонун ойлоп отурсам заматта күн бүркөлүп, жамгыр жаап жиберсе болобу. Билесиңер го чычкан болгондон кийин тез эле шөмтүрөп үшүйсүң да. Таштын түбүндөгү кичинекей коңулга кире качтым. Эми бул жер мага коопсуз да, тынч жамгырдын кантип жаап жатканын суктана карап отурганга ыңгайлуу эле.

Силер да чычкан болуп көргөнүңөрдө, бир тамчы суунун, же жамгырдын укмуштай тунук, кооз экенин байкайт элеңер да. Айрыкча гүлдүн же жалбырактын бетиндеги жамгырдан кийинки тамчылар шурудай кооз болот. Ишенбесеңер жамгырдан кийинки шүүдүрүмдү жакшылап байкап көргүлөчү дейт. Мен бака же чычкан болуп туруп көргөн табияттын майда сулуулугун кээ бир балдар да көргөн эмес. Анткени, алар көңүл коюп гүлдүн, көпөлөктүн канатындагы эч ким тарта албаган кооздукту, бир тамчы суунун гүл

үстүндөгү көрүнүшүнө көңүл бурушпайт.

Майда нерселерде да адам жарата албаган сырдуу кооздуктар бар. Ал эми аарынын канатын дирилдегенин, анын кыңылдап учкан үнүн укканыңарда комуздун үнүндөй сонунун экенине суктанмаксыңар. Гүлдөр аарынын үнүн аябай сүйөт. Андай үндү угуу үчүн жок дегенде кирпи болсоңор болмок десе. Биз болсо эмне дерибизди билбей, оозубуз ачылат да турат. Ал андан ары аңгемесин улап:

- Жамгыр басылып, күн ачылып анан мен таштын түбүндөгү коңулдап чыга бергенимде, мени кандайдыр бир куш илип кетсе болобу, - дейт. Баятан бери ишенип-ишенбей угуп отурган Чынара:

-Койчу дейт чочуп кетип, анда сен соо калмак белең?

-Туура айтасың, - дейт Кыялбек кебелбей. Анан бар эмеспи эми асманга көтөрүлө бергенде "тарс" эткен дабыштан жерге кулап түштүк. Кушка ок жаңылыптыр да. А мен болсо чочуганымдан кайра бала болуп калбадымбы десе, бул Кыялбектин бизге айткан жомокторунун бири экенин билсек да, жаратылыштын кооздугу, андагы май да жаныбарлардын тагдыры, бул сырдуу дүйнөнүн кынтыксыз жаралып калганына чындап таң калып

кийин жаратылышты барктап, мурдагыдан да бекем сүйүп, бир тамчы суу менен бир даана буудайдын касиети жашоо үчүн жаратылганы биздй түпсүз ойго түртүп турчу.

## Кыялбектин үчүнчү жомогу

Жараткан Эгебиз кыргызга төрт мезгили төп келген касиет ыроолоп, сыйкырга толгон бейиштей жерди бергенин карачы. Күз мезгилинде мөмө-жемиши саргара бышып, малы семирип, тоо арасы ыксырап берекеге толуп чыгат. Анан тез эле кыш келип, зыңгыраган бийик тоолор берекесин койнуна сактаган абышкадай күн нуруна жарк-журк эте чагылышкан ак тонун кийип, жымжырт болот да калат. Бул да көпкө узабай, ак тонун көк-жашыл кийимге алмаштырып, баягы жымжырт тоо-токойдун ичи түркүн куштардын жагымдуу чулдураган шаңына, шылдыраган булактын үнүнө толуп, табиятка жан кирип, кызылала гүлдөр менен кооздонуп, кооз көпөлөктөр сулуу канатын гүлгө мактанып, аарылар болсо гүлдөн гүл тандап, гүлдөрдүн кулагына кыңылдап ырдап, жаз майрамы башталат да калат. Байкалбастан эми жай гана жай мезгили да кирип келет. Мындайда жылуу жайдын жаркыган айлуу, жылдызы жыбыраган салкын түндөрүнө өзүнөн башка эч кандай кооздук тең

түндөрүнө өзүнөн башка эч кандай коздук тең келбес эле. Тоонун ушундай кечтеринин биринде күндүзү кайтарган кой-козуларын короосуна киргизген балдар "Ак чөлмөк" ойнойбуз дедиби, айтор Кыялбекке кошулуп көл жээгине келишти. Кээ бири көлдүн жылуу суусуна бутун салып, кээси жөн гана көк шиберге отура кетишти. Баятан көлдү тиктеп отурган Анара: "Көлдүн түбүндө тулпар бар имиш, ай толгон түндөрдүн биринде көлдөн чыгып оттойт экен" деп уккан аңыз кебин балдарга айта салды эле, баятан сөздү эмнеден баштарын билбей отурган окшойт, Кыялбек адатынча сөзгө аралаша минтип баштады.

– Тигине, көрдүңөрбү? – деди ал колун жаңсай көл жээгинен окчунураак турган эки чоң ташты көрсөтүп, – ошолордун бири алачык, а беркиси болсо көл тулпары. Бир замандарда ошол тулпар көлдөн чыгып жылкыларга кошулуп оттоп, кайра көлгө түшүп кетчү дешет. Муну бир жылкычы байкап калып, чалма салып тулпарды кармаптыр. Ошондо адамдын колуна түшсө кор болорун билген тулпар өзү коркуп кетип, ташка айланып, алачыкты да таш кылып салыптыр. Ошол таш жөнүндө угуп жүрсөңөр керек "тулпар таш" дешет эмеспи.

алысыраактан көрүнгөн ошол таштын бири алачыкка окшосо, беркиси чындап эле оттоп турган тулпарга окшош эле.

Ал тулпардын ушул көлдөн чыкканы чын. Ошон үчүн бул көлдү да "Тулпар көл" дешет. Көлдүн түбүн жакшылап карап көрсөңөр болот. Өтө терең. Мунун түбү башка көлдөргө туташ дешет. Бир мезгилде Байкал көлүнөн түшкөн ээр ушул көлдөн табылган дешчү ата-бабаларыбыз.

Кыялбектин бул сөздөрү баягыдан да бизди кызыктырып, эми көлдүн түбүн кызыга карай баштадык. Жылдыздуу көк асман көлгө чагылышып, дапдаана көрүнүп турду. Көл түбү толо жылдыз. Тигине, жалкуйругу сапырылган тулпардай бир булут жаркыган Айды көздөй жай жылып барат. Терендигин карап жүрөгүбүз опкоолжуйт. Жаратылыштын бул ажайып көрүнүшүн эч бир кино же теледен таптакыр көрүүгө мүмкүн эмес эле.

– Бул көлдө, – дейт Кыялбек айтып жаткандарын токтотпой, – ошол кездерде көлдүн бетин балык берчү эмес экен. Суу сүзүп алган чакаң менен кошо балык чыкчу. Көлдүн бул да бир "макулугу" дешип балыкты кайра көлгө коe беришчү. Ач калышса да балыкты жаратылыштын ыйыгы катары көрүп жешчү эмес. Уккан кулакка караганда кайдан-жайдан бир

балыкты жаратылыштын ыйыгы катары көрүп жешчү эмес. Уккан кулакка караганда кайдан-жайдан бир элдер көчүп келип, балыкты кармап жеп, тукум курут кылышыптыр. Азыр бирин-серин гана балык калганын билет эмессиңерби. Мен да балык кармагым келип, өткөндө бир кызык окуяга туш келгенимди ишенип-ишенбесеңер да айткым келип турат, - деди да Кыялбек андан ары адатынча кызыктуу жомогуна өттү.

Кайырмагымды сууга ыргытып, акыры бир билектей балык кармап алсам болобу!? Кубанган мен балыкты кайырмактан чыгардым да, жээкке ыргытып коюп, кайрадан кайырмакты сууга таштадым. Бул кезде шордуу байкуш балык оозун кере-кере ачып, кум үстүндү ыргыштап жаткан эле. Көлдү тиктеп таттуу кыялдын кучагында термеле баштадым. Анан эмне болду дебейсиңерби?

Көлдүн бети бир аз толкуп, бир кызык болуп жаркырай баштады. Мени көздөй бир сулуу сүзүп келатыптыр. Адегенде мен "көлгө түшкөн кыз го, кантип чөкпөй жүрөт" деген ойдо элем. Ал жакын келип суудан өйдө бир секирди да, кайра чулп эте сууга түштү. Көргөн көзүмө ишенбей таң кала карап калганга үлгүрдүм. Мен көргөн чачы сеңселген сулуу кыздын көкүрөгүнөн ылдый жагы кадимки эле балык

Негедир ал менден коркпой менин жаныма сүзүп келди. Кыязы менин эч бир жанга жамандык ойлобогон жаратылышты сүйгөн бала экенимди билсе керек. Жаратылыштын сырын билүүгө кызыгып жүргөн мен да андан чочуганым жок. Мен эми Айымбалыктын туткунунда калып, өз эрким менен аракет кыла албай калганымды сездим.

– Сен кимсиң? – дедим аргасыздан катуу кыйкырып. Бирок үнүм өзүмө өзүмө араң угулду.

– Айымбалыкмын, – деди ал көлдүн шарпылдаган добушуна окшогон үнү менен.



Айымбалыктын кыска колдору балыктын канатына окшош болчу. Ал мени ошол колу менен көлдүн түбүн көздөй тарта баштады. Мен эми

Айымбалыктын кыска колдору балыктын канатына окшош болчу. Ал мени ошол колу менен көлдүн түбүн көздөй тарта баштады. Мен эми тумчугам го деп ойлогом. Жок тез эле көл түбүндөгү абасы эч жакка чыгып кетпей калган жайык жерге туш келдик. Кадимкидей эс ала түштүм. Анан калса суу астында жанып турган вулкан сыяктуу оттон улам бул жер жылуу да, жарык да экен. Суу түбүндөгү ээн калган шаарга көзүм түштү. Бир кезде көл турган жер шаар болгон экен деген аңыз сөз кыялыма кылт этти.Чын эле ураган шаар экен. Арасынан жалт-жулт эткен асыл таштарга да көзүм түшө баштады. Мындайда чөнтөгүң эске түшөт эмеспи.

Чөнтөктөрүмдү сыйпаласам бош экен, сүйүнө түштүм. “Эми чөнтөгүмдү толтурам” дедим. Менин бул түрүмдү байкаган Айымбалык ойго келбеген сөздү айта баштады.

– Билесиңби, - деди ал өзүнө мүнөздүү үнү менен сүйлөп. – Өткөн доорлордо бул шаардын эли өтө ыймандуу, жупуну, табиятты кастарлагандан улам узак-узак жашаган эл болгон. Ошол мезгилде ушул кыйрап суу түбүндө калган шаар элинин бир ханы болгон экен. Ал карыган чагында уулдуу болуп, уулун өтө эркелетип өстүрө баштайт. Ал мезгилде



МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 999611

адамдардын кийминин чөнтөгү да болгон эмес. Хан болсо баласынын кийимине өтө кооз чөнтөк салдырып, баласы колуна тийген нерсени "меники" деп чөнтөгүнө салып чоңое баштайт.

Бара-бара чогулткан буюму чөнтөгүнө батпай баштык жасатат. Эми анысы чоң сандыкка айланып, буюмун көбөйткөн кезде атасы о дүйнө салып, бала атасынын ордуна хандыкка отурат. Эми чогулткан ар түрдүү буюмдары сандыкка батпай, казынасы үчүн жай да тургузат. Анан казынасы толбой өзүмчүл болуп өскөн ханзаада элге буйрук берип, тоо тештирип, токой кыйып үй салдырып, сулуу куштарды атып канат, куйругун жулуп кыздардын тебетейне тактырып, сүлөөсүн, илбирс атып терисин саттырып, токой кыйып эпсиз коздоп үй салдырып, тарбияттын сулуулугунан алтын, күмүштү салган үйлөрүн артык көрүп калат.

Жабыркаган табият бир күнү тилге кирип токойлор "мени кыя көрбө, мен мөмө-жемиш берем" дейт. Тоолор "менин кенимди казып, касиетимден ажыратпа" дейт. Канаттуу куш менен жаныбарлардын жалбарганы да ачкөз болуп чоңойгон акылсыз ханзааданын кулагынын сыртынан кетет. Алардын жалбарганын жараткан эгем укту көрүнөт, бир күнү тоо бузулуп, жер көчүп, шаар

суuга чөгөт да калат. Сен көрүп турган шаар ушул дейт Айымбалык.

Чын эле ачкөз ханзааданын алтын, күмүш, жалтырак асыл буюмдары бузулган сарайына кошулуп эч пайдасыз төгүлүп жатат. Табиятты барктабаган ачкөздүктүн эмнеге алып келерин түшүнгөн мен баятан чөнтөгүмдү толтуруп алсам деген оюм үчүн чөнтөктөрү бар кийим кийип алганым үчүн өзүмдү Айымбалыктын алдында ыңгайсыз сезип жаттым. Эгер мен андан бир чеңгел алганымда, азыр аябай бай болмокмун десе, Кыялбекке не дээрибизди билбей оозубуз ачылып, таң калып эле калыпбыз.

Кыялбек болсо: – силер эмес, өзүм да бир оокумда кайырмагымды кармап жээкте отуруп калганыма таң калдым, - дейт. – Баягы кармаган балыгым болсо оозун кере-кере ачып дем жетпей жатканы билинип, ыргыштап жатыптыр. Эми менин балыкка боорум ооруп, кайра көлгө коe бергенимде ал сууда бир аз чалкалап жатты да, анан оодарыла түшүп, канат-куйругу жалт эте тереңге сүңгүп кетти. Мен аны кара курсагым үчүн жеп койгонумда, ал азыр Айымбалыктын алдында сүзүп жүрө алмак эмес десе, жалган же чын экенине ишене албай турганыбызда, эми эле көлдөн тулпар же Айымбалык чыга калчудай болуп көл бети жаркыйт да жаркыйт.

## Сабырдуу кыз

Ошентип хан уулуна жактырган кызды алып бермекчи болуп, эл аралап, жер кезип, көп кыздарды көрсө дагы көңүлүнө анча толо бербей, акыры бир айылдан эки бир тууган эже-сиңди кызды жактырат. Экөө тең бири-биринен өткөн сулуу эле. Хан кимисин келин кылып алаарын билбей, ойлонуп отуруп мындай бир шарт коет экен. Ушул кыздарга чай кайнаттырып көрөйүн. Кимисинин чайы бат кайнаса, ошону тандаймын дейт. Эки кыз эки бирдей очокко от жагып, окшош чайнектерди асып чай кайнатууга киришет. Кичүү кызы сабырдуу эле. Ойлонуп олтуруп эжемдин жолу да, өзү да менден улуу эмеспи деп шашпай олтуруп от жагат.

Улуу кыз шашкалак болгондуктан, сабырсыздык кылып «сиңдимдин чайы эрте кайнап кетпесин» деп улам-улам чайнектин капкагын ача берип, суу муздап чайы кайнабай кечигет. Кичүү кыздын суусу шарактап кайнап чыгат. Муну көргөн хан сабырдуу кыз экен деп кичүү кызын келиндикке алат. Ошентип сабыр кылган кыз ханга келин болот.

Баса, “сабырдын түбү сары алтын” деген макал бекер айтылбайт тура.

## Ыйманга карап бөлүү

Бай менен кедей жолдо бара жатып он теңге таап алышат. Сурап-сурап ээси чыкпаган соң, бай сүйүнүп «кел, бөлүп алалы» дейт.

Кедей байга карап: - Кантип бөлөлү? – дейт.

- Ыйманга карап бөл, кудай көрүп турат-, дейт бай.



- Туура айтасыз байым, - деп кедей байга бир теңге берип, калганын өзү алып алат.

- Кантип ушундай болсун,- дейт бай наарazы болуп.

-Өзүңүз айткандай кудай көрүп турат. Сиздин тонуңуз жаңы, атыңыз да бар. Мен байкуш эшекчен жүрөм, тонум да жыртык. Ыйманга шек келтирбес үчүн ушундайча бөлдүм, - деп кутулуп кетиптир кедей.

## Эмгекчил абышка, жалкоо кемпир жана эси жок кыз жөнүндө жомок



Бир айылда Абышка, кемпир небере кызы менен жашачу экен. Абышка байкуш өтө мээнеткеч болуптур. Кечке талаада иштеп, анан үйгө келгенде үй шыпырып, кир жууп, тамак да бышырчу. Кемпир менен кыз болсо бабырап сүйлөшүп, анан "чарчадык" деп уктап күн өткөрчү. Карылыгы жеткен абышка бир күнү тиги дүйнөгө кетет. Талаадагы эккен эгини орулбай калып калат.

Кемпир менен кыз үйдө болгонду түгөтө жеп, жалкоолугу кармап буудайды оргулары келбейт. Аңгыча күз келип, кемпир кызына «эгинди сен оруп ал» - дейт. «Мен күйөөгө кетип калам, сага керек, сен жыйна» - дейт кыз. Кемпир болсо «мен эми өлөм, сен иште, сага керек» дейт. Экөө тең жалкоолук кылып бышкан эгинди жыйнабайт. Аңгыча кар жаап, үйдө тиштээрге бир бурдам да нан калбай, ачка болушат. «Өлөм» деген кемпирди ажал албай, «күйөөгө кетем» деген кызга күйөө да келбейт. Жалкоо кызга кайдан күйөө келмек эле. Ажал келбесе кемпир, кайдан өлмөк эле. Отуруп, отуруп, ач болгондо экөө кар тырмалап, суукта үшүп, аябай кыйналып, кар астында калган буудайдын машагын терип, кыштан араң чыгышыптыр. Эми жалкоолукту таштап, келерки жазда эгин айдаш- ыптыр. Эгин мол болуптур. Мындай мээнеткеч кызга эми күйөө келип, чоң той өткөрүшүптүр.

## Эки падыша

(жомок-табышмак)

Өткөн замандын биринде Адыл жана Акыл деген эки падыша жашаптыр. Алардын падышачылыгында эли аябай тынч, жакшы туруучу экен. Анткени, ал эки падыша башка падышаларга окшоп биринин жерине бири көз артып, көрө албастык кылып

согушушпаптыр.


Адыл падыша да Акыл падыша да адамдардын акылына, жакшы мүнөздөрүнө баа берип, ал тургай жан-жаныбар, курт-кумурсканы да пайдалуу, же зыяндуу деп баалашчу тура. Булар бири-биринин дүнүйөсүнө, жерине көз артып согуш ачкандын ордуна биринин акылын экинчиси сынап көрчү экен. "Кантип?"-дейсиңер го. Бири-бирине табышмак жөнөтүп. Ошол окуянын бири мындайча айтылып келет.

Адыл падыша Акыл падышага алтындан куурчак жасайт. Алтын куурчактардын түзүлүшү, кооздугу, ал тургай салмагы да бипбирдей экен. Бирок, биринин баасы өтө төмөн, экинчисинин баасы андан өйдөрөөк, үчүнчүсүн болсо өтө кымбат кылып "Эмне үчүн мындай?"-деп Акыл падышага табышмак кылып -жөнөтүп жиберет.

Акыл падыша бирдей салмактагы адамга окшош алтын куурчактын ар түрдүү баасына акылы жетпей көпкө ойлонуптур. Анан аябай байкап олтуруп, куурчактардын кулагындагы көзөнөктөрдү байкайт.

"Мунун сыры ушунда го?"-деген акылдуу падыша ошол көзөнөккө бир тал саманды салып көрсө, самандын учу экинчи кулагынан чыгат.

Бул куурчак эң арзан эле да. “Аа түшүнүктүү”- дейт да экинчисинин кулагына бир тал саман салса самандын учу куурчактын оозунан чыгыптыр. Мунун баасы орточо эле. Үчүнчү эң кымбат



бааланган алтын куурчактын көзөнөгүнө салган саман эч жерден чыкпай, куурчактын башына сойлоп кетет. Бул сырдын табышмагын Акыл падыша табат да, анан өзү да Адыл падышага табышмак жөнөтмөк болот.

Акыл падыша алтындан бир кооз, салмагы оор, чоң көпөлөк жасап, баасын өтө эле арзан баалайт. Көлөмү жактан салмагы боюнча көпөлөктөн

кичирээк алтындан кумурска жасап, баасын көпөлөктөн кымбат баалайт. Ал эми өтө кичинекей алтындан жасалган балаарынын баасы барынан жогору эле. Акыл падыша Адыл падышанын табышмагына жооп кылып бул табышмакты Адыл падышанын табышмагынын жообуна кошуп жөнөтүп жибериптир. Адыл падыша да ойлонуп олтуруп алтындан жасалган көпөлөк, кумурсканы, балаарыны салмагы эмес, маанисине, эмгегине карап жообун туура тапкан экен.

Ал эми бул табышмактын жообун балдар, силер да ойлонуп көргүлөчү. Табышмактардын жообун тапкан бала Акыл падыша менен Адыл падышадай эле акылдуу бала экенинде шек жок эмеспи.

## Акылдуу хан

*Өткөн* замандардын биринде жумуш издеп жүргөн жолоочулар бири-бирине кезигип калышат. Үчөө тең өздөрүнө жаккан жумуш издеп таппаганын кеп кылышат да, кеңешип жатып ханга барып, жумуш суроону туура көрүшөт. Анан хандын сарайына да жете келишет. Хан аларды өтө жылуу кабыл алат. Анткени, хан акылдуу, ары ырайымдуулугу менен эл башкарып, баарына мээримдүү мамиле жасар эле. Хан буларга

«жылмайып караган да сооп эмеспи»деп жылмая карап, кандай муктаждык менен келгенин сурады.

Жолоочулар турмушта кыйналып, өздөрүнө жаккан иш таппай жүргөндүктөрүн айтып даттанышты. Алдамчылык, уурулук кылбай, адал эмгек менен үй-бүлөбүздү баксак болот эле дешти.

Хан булардын жаман адамдар эмес экенине шүгүрчүлүк келтирди да, жигиттерин чакырып мындай деп буйрук берди:

- Мага токойдон үч жоон жыгач кыйып келгиле, - деди. Көп өтпөй жигиттер хан айткан жыгачты алып келишти.

Хан иш издеп келген жолоочуларга карап: "Ушул жыгачтан өзүңөр каалаган буюмуңарды жасап мага көрсөткүлө" деди. Келген жолоочулардын бирөөсү жыгачтан мал кайтарганда керек болот деп бир нече таяк жасады. Экинчиси жер казып, эгин сугарганда керек болот деп кетменге сап жасады. Үчүнчүсү өтө кооз ээр чапты. Акылдуу хан алардын кесибин жасаган ишинен байкап-билди да, ар кимисине өздөрү каалагандай жумуш берди. Алар чын эле берген жумушту эң сонун аткарып, ханды ыраазы кылып иштеп калышты.

Мен бул жомокту окуп отуруп, ойлонуп көрүп, хандын кимге кандай жумуш бергенин боолголодум. Эмесе балдар, силер да ойлонуп көргүлөчү. Хан кимге кандай жумуш берди экен?

## Таранчы эмнени ойлоду экен

Күз аяктап барат. Кээде күн бүркөлүп, тез- тез муздак жамгыр жаайт. Келгин куштар жылуу жактарга учуп кете баштады. Эми болсо сары-кызгылт жалбырактуу дарактарга конуп отурган бирин-серин гана таранчыларды көрүүгө болот. Топтошуп жапыз учкан ач көз каргалар, жаңы айдалып жаткан тоңдурманын арасынан жем издеп тапканын жанталашып чокуп жеп жүрүшөт.

Жалбырактары акырын соккон шамалга дирилдеп күбүлүп түшүп жаткан дарактын бутагында конуп отурган таранчы жерге учуп түштү да, айдоодон бир даана буудайды көрдү. Буудайдын данын таранчы каргаларга окшоп бир чокуп жутуп койгон жок. Ал тапкан данына бир аз карап турду да, жумшак топуракты чокулап, бир даана буудайды эптеп көөмп, кайра пыр эте учуп, мурдагы отурган бутагында бир сырды ойлонуп отургандай эле.

Баятан бери таранчынын жоругуна таң, кала карап турган мен таранчы бир даана буудайды ач болсо да эмне үчүн жебей көөмп койгонуна акылым жете бербей, ойлоно түштүм.

Балдар силер ойлонуп көргүлөчү, таранчынын буудай жөнүндөгү оюн балким силер билерсиңер?

## Сырдуу баян

Жай мезгили бүтүп барат. Көк мелжиген ак карлуу тоолорду улай кеткен бөксө адырлар саргайып, анын кашкайган жалгыз аяк жолунда небересин ээрчитип келаткан абышка, кичинекей түйүнчөгүн колуна кармай келаткан кемпирге жолугуп, жылуу учураша кетти.

-Жол болсун, байбиче,-деп тилегин билдирүү менен суроолуу кайрылып.

-Туулган жериңди кээде сагынат экенсиң. Анан калса апамдын эжесинин кызы уулдуу болуп, уулун бешике бөлөп берсин, - деп айтырып жибериптир.

-А болсун, -деди карыя кубанганын жашырбай, жакшылыкка бараткан турбайсызбы. Мен саякмын байбиче, атым Нурмат, бабамды унутпай жүрөлү дешкен го ошонун атын коюшуптур. Мен да экинчи журтума баратам.

-Менин апам саяк кызы, -деп байбиче өзүн тааныштыра кетти, -ата-энем үч кыздуу болгондон кийин менин атымды «Жаңыл» деп коюшкан ошондон кийин уулдуу болушкан.

-Аа, Жараткан Эгем ата-энеңиздин тилегин кабыл кылган тура.

-Сизге ээрчиген бул неберeңиз көрүнөт, ыйманы ысык бала экен садагаң болоюн, жараткан өмүр

берсин,- деп баланы алкап койду кемпир.
-Ооба, -деди абышка-аты Акжол апасы кыпчак кызы. Кобурашып отуруп жолдун эки айрылыш жерине келгенде байбиче: - менин барар жерим тиякта, тетиги шуудурама өскөн шылдырамадан ары, -деп адырдын боорундагы көгөргөн жерди көрсөтүп бурула берип, - сиз мен ызаттай турган уруудан экенсиз өткөн – кеткенде үйгө түшүп конок боло жүрүңүз -деп кош айтышты.
-Жараткан ыраазы болсун, байбиче, ыйманыңыз саламат болсун,- деп карыя да кош айтышып, көк мелжиген асмандагы томуктай болгон ак булутка жетип барчуудай болуп, бийик тоону көздөй кеткен жол менен небересин ээрчитип эрбеңдеп кетип баратты. Чоң атанын небереси болсо « жакшы сөздү уккан жакшы сүйлөйт, балам, сөздүн маанисин түшүнүп, салтыбызга маани бере жүр» дегенин эстеп, абышка - кемпирдин сөздөрүнүн маанисин баамдап кетип баратты.

А силерчи балдар, кемпирдин «шуудурама-шылдырама» деп эмнени, эмне үчүн атаганын, абышка кайсы журтуна баратканын, кемпирдин жаш кезинде өскөн жери кандай аталарын, салтка тиешелүү айтылган дагы кандай сөздөрдү баамдап билдиңер, ойлонуп көргүлөчү.

# Алма жана кароолчу

Бир соодагердин бир түп алмасы болуптур. Жыл сайын жаз келгенде апаппак болуп гүлдөп, шагы ийиле мөмө байлап, күз келгенде кызара бышып, даамы да аябай таттуу боло турган. Соодагер соодасы менен алек болуп, алманын сулуу жана таттуулугунан кароол коер эле.Колуна таяк карман алдуу-күчтүү кароолчу кайтарчу.

Бирок ошого карабастан мөмөсүн жыйнай келгенде өтө эле аз түшүм алып калчу. Буга ичи ачышкан соодагер казыга келип, болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берет.

-Кароолчу мыктыбы?-дейт казы.

-Ооба, алдуу-күчтүү таякчан адам кайтарат,-дейт соодагер.

-Анда алмаңдын түбүнө ит байлап койсоң болот,-дейт. Эми соодагер алманын түбүнө итти байлап койду. Чын эле кийинки жылы алманын түшүмү эч кемибей мол болду.

Эмнеге андай болду экен?! Ойлонуп көргүлөчү балдар?.

## Аңкоо дөө жана айлакер бака

Бир күнү бака аз эле жерден өлбөй калды. "Кантип?" дейсиңерби. Ал окуя мындайча болду. Бака жапжашыл чөптүн арасы менен кызыл-тазыл кооз гүлдөрдү аралап, арасындагы курткумурскаларды узун тили менен "шап" этип илип алып, секирип-секирип жүргөн эле. Анан байкабай калып, уктап жаткан дөөнүн баласынын так бетине секирип түшсө болобу. Дөөнүн баласы аябай ыйлаак экен, чочуп кетсе эле уңулдап ыйлап кирди. Ыйлаак тура деп, бака тостоң карап калганча болбой дөөнүн атасы келип:

-Эмне болду?-деп сурап калды.

-Тиги, карачы муздак бака экен, бетиме секирип түштү, коркуп кеттим, -деп дөөнүн коркок баласы дагы ыйлай баштады.

-Аа, тостойгон гана жалпак баш, сени элеби!,- деп баканы кармап алып мыжыгып таштамай болду.

-Дөө аке, сабыр кылыңыз? Эгер мени мыжыксаңыз колуңуз булганат эмеспи. Колуңузду караңызчы кандай гана сулуу,-деп, дөөнүн түктүү одуракай колун мактап жиберди.


-Туура айтасын, жалпак баш, таманым менен эле басып салайын,-деп көзү жалтыраган баканы жерге таштады.

-Ой, ий мындай сулуу бут эч жерде жок деп, бака тамагын бүкүлдөтүп, эми дөөнүн майпаң, бутун мактап кирди.

-Анда эмне кыл дейсиң бакажан, соо кутулуп кеткиң барбы? Баары бир сени соо койбойм,- деди дөө.

-Мен сиздин колуңуз, ал тургай бутуңуздун да булганышын каалабай турам. Мен күнөөм үчүн тумчугуп эле өлөйүн, сууга ыргытып жибериңиз,- деди.

-Бака туура айтат,-деп дөө баканы көлмөнү көздөй ыргытып жиберди. Азыр болсо ошол айлакер бака секирерде абайлап, эки жагын карап, анан секирип жүрөт.



## Кеп мааниси макалда

Ошентип баш кошкон эки жаш, тез эле балалуу болушуптур. Тайатасы менен тайэнеси да неберелүү болгонуна сүйүнүшүп баланы өздөрү багып алышат. Небереси акылдуу болуп өсө баштайт. Айрыкча айткан сөзгө өзгөчө маани берген бала болот. Эр жетип чоңойгондо тайатасы менен тайэнеси карый

баштаган эле да. Булар мени багып чоңойтту, эми мен булардын кызматын акташым керек деп ойлоп, бала мындайча кеп баштайт. «Ашка жүк, башка жүк»- дейт эмеспи элибиз. Эми мен да, силердин маңдайыңарда бекер олтура бербей, иш издейин- дейт. Тайэнеси менен тайатасы кеңешип олтуруп, жалгыз уйун сатып, небересине жол каржы кылып берет. Жыл айланбай бала куру кол келиптир. Тайатасы менен тайэнеси эмне болгонун сурашса, сөз маанисин билген бала, «Же иттен жок, же ит байлаган жиптен жок»- дейт жер карап.

Небереси кур кол келсе да, баланын сөзгө маани берип сүйлөп, айыбын мойнуна алганына ыраазы болушат да, минтип кеңеш беришет. Тигине жерибиз деле бар, "жатып ичээр жалкоо оорудан жаман". "Ыйлап жүрүп арык чап да, ырдап жүрүп суу сугар", «эр эмгегин жер жебейт »- деген макалды айтышат.


Ошентип "өлбөгөн кулга жаз келет"- дегендей тез эле жаз да келет.

Эми эстүү бала жөн жатмак беле. Тайатасы менен тайэнесинин айткан макалы көкүрөгүнөн кетпей, белсенип ишке киришет. Жер айдап, эгин эгет. Кыйналып жүрүп арык казып,эгинин сугарат. Эгин жайкалып өсөт. Мээнети кайтып, эгин мол түшүм берет. Тайатасы менен тайэнеси бул ишке небересине кошо кубанып: «Балам, акылмандыктын уюткусу

байыртадан бери ата- бабаң сактап, барктап келе жаткан макалда аны дайыма эсиңе тутуп, жашоодо колдоно бил «эр эмгегин жер жебейт» деген ушул дептир.

## Короздун үнү эртеге угулат

Кечээ жакында эле бир адам кичинекей айылдын баш-аягына белгилүү болуп калган бир окуяга туш болду. Өзү таптакыр мындай болот деп ойлобогондуктан түн ичинде шайтан айдап коңшусу уктап жатканда короосуна кирди да, көптөн бери көз артып жүргөн семиз корозун алып чыгып союп алды. Муну көргөн аялы бушайман болуп,, «уят эмеспи, үнүн чыгарып кыйкырып жиберсе эмне болмоксун?» дейт.



-Үнүн чыгарбай союп салбадымбы, эми үнү угулбайт-дейт күйөөсү.

-Анда шашпа - дейт аялы-эртең үнү угулбаса эле болгону. Күйөөсү короздун жүнүн жулуп, тазалап, шашпай кайнаттырып жеп, «Эми эртең үнү кайдан угулмак

эле»,-деп уктап калды. Мына бүгүн да адаттагыдай эле күн чыкты. Бирөө жумушка жөнөп, дагы бири мал айдап адырды беттеп кетти. Анан эле короосун шыпырып жүргөн коңшу аял кыйкырып калды. Ачуусу келип, тилденип, «алыстан ууру келмек беле, коңшулардын эле кылганы» -деп жүрдү. Корозунун жулунган канатынын бир-эки талын коңшусунун короосунан көрүп калды. Аңгыча короздун башын көмгөн жерден күчүгү чукуп таап, тиштеп алып, көтөрүп жүрүптүр. Коңшусунун айыбы албетте бетине айтылды. Канча жашырган менен болбой эле бул окуя айылдын баш-аягына жетти да калды. Эми үнү чыкпайт деген короздун үнү бүт айылга угулду.

## Адам жамандыкты кайдан үйрөндү

Өткөн кайсы бир мезгилде жакшы заман болгон экен. Адам пендеси уурулук менен эч бир иши жок, аккан суу менен чыккан чөпкө да зыяны тийчүү эмес. Уруш –жаңжал түшүнө да кирбептир. Ошондон болсо керек миңге чыгып жашашчу экен.

Буга шайтандын ичи күйүп, адамдар жашап жаткан айылдарга келсе, эркектер шатыра –шатман эгин бастырып, аялдар үйүн тазалап, кирин жууп иштеп жатыптыр. «Буларды кантип уруштуруп, кандайча күнөөгө батырсам экен»-деп ойлогон

шайтан адам кейпине келип, адегенде эгин бастырып жаткан бир дыйкандын алдына келет да;

– Сенин буудайың эмне үчүн элдикинен аз? –дейт кууланып.

–Мага ушул эле жетет, - дейт дыйкан. Бирок шайтандын айтканы оюна бүлүк салып, коңшусунун буудайын көзүнүн кыйыгы менен уурдана карайт да «чын эле меники аз окшойт» деп ойлоп калат.

–Мен сенин буудайыңды оңой эле көбөйтүп берем, -дейт адамдын оюн биле койгон шайтан.

–Кантип? Буудай бастырып жаткан адам таң кала шайтанга карайт.

– Сен карап эле тур, -дейт да шайтан башка бирөөнүн бастырып койгон кызылынан уурдап ташып кошуп берет. Буудайы көбөйгөнүнө кубанган дыйкан эгинин эми кампасына бекитип алат. Эгинин уурдаткан дыйкан келип, эгини азайып калганына ичи ачышып турганда, баягы шайтан шып этип жетип келет да;

- Сенин буудайыңды бирөө уурдап кетиптир, сен да мына минтип бирөөнүн эгинин ташып ал, -деп ага да уурулукту үйрөтүп койду. Ошентип ал да шайтандын тилине кирип уурулук кылды.

Эми адамдар тез эле бул жамандыкты үйрөнүп, ынтымагы кетип, биринин буюмун бири уурдачуу

болду. Шайтан болсо кылгылыкты кылып коюп, эми кир жууган аялдарга чү койду. Кирин жууп анын кир суусун чуңкурга көтөрүп барып төгүп жаткан аялга келип;

- Эмне эле кир сууну алыска көтөрүп кыйналып убара болосуң. Мына бул арыктагы аккан сууга эле төгө сал, -деп кулагына шыбырап коюп кетип калды.

«Чын эле», -деп ойлогон аял, жанындагы аккан тунук сууга кирдин суусун төгүп баса берди. Бул жаман жорук да аялдардын арасына тез эле тарады.

Мына эми арыктын суусу булганып, аны ичкен эл арасына оору тарады. Айылдан ынтымак кетип, ар ким өз пайдасын ойлочуу болуп, кызыл чеке болуп эркектер мушташканга өттү. Аялдар да бөйрөктөрүн таяна бири–бири менен айтышып, жаңжалдашканды үйрөнүп алышты. Ал жорук ушул күнгө чейин калбай келет.

Шайтандын болсо дагы кимди адаштырсам экен, -деп, эл аралап, жүргөнүн эстүү балдар жакшы билет.

## Тарбия издеген бала

Качан экенин ким билсин. Мындай бир окуя айтылып келет. Узак жолдо үч жолоочу бири-бирине кезигип калып бирге жол тартышат. Анын бирөөсү чачы агарып улгайып бара жаткан адам, экинчиси кермурут жигит эле. Үчүнчүсү болсо алардын бир топ жашы кичүү кичинекей бала экен.

Жолдо баратып тиги эки киши бирдемелерди жашырып, шыбырашып сүйлөшө башташат. Бала алардын сөзүнө кулак түрбөй тез –тез алдыга басып кетет. Бир топ жол жүргөндөн кийин тиги экөө жол боюндагы жалгыз үйгө ээсин чакырып, эшигин чертип көрүп, эч ким жооп бербеген үйгө кирип кетишет. Бала болсо аларды карагысы келбей, «туура эмес кылды» деп дагы тез –тез басып узап кетет.

Бир топ убакыттан кийин тиги экөө колтуктарына бирдемелерди кысып жете келишет. Бала болсо алардын колтугундагы буюмга да көңүл бурбай келе берет. Жүрүп-жүрүп отуруп бир жерге келсе, адам өтчүү көпүрөдө бир торпок кепшеп коюп жатат. Аны көргөн улгайган киши жаман сөздөр менен тилдей баштайт. Тиги жигит болсо жете келип торпокту сабап тепкилеп кирет. Ошондо тиги бала.

- Тийбегиле, бул байкуш торпокто не айып? –деп кашылап тургузуп, акырын жетелеп четке чыгарып

айдап коет. Баятан буларды көрүп, байкап отурган жол жээгиндеги аппак сакал карыя алардын алдынан тосо чыгып, салам айтып учурашып, кыргыздын салты боюча - жол жүрүп чарчаган түрүңөр бар, конок болуп кеткиле, -деп үйүнө ээрчитип келет. Тамактанып, жолоочулардын көңүлү жай болгондон кийин карыя тигилерге кайрылып:

- Кана, көргөн билгениңерди божурай отургула, жолоочунун жолдо көргөнү үйдө отурганга кызык болоор,- дейт.

Тиги эки киши бир жакка баратабыз, эч нерсе деле көрбөдүк, -деп кыңк –мыңк деп тим болушат. Баятан жаш баланын жолдо жаткан малга кылган жакшы жоругуна ыраазы болгон карыя эми балага кайрылат.

- Балам сен жаш болсоң да зээндүү көрүнөсүң, сен көргөн билгениңди жашырбай сүйлөп берчи, булар сенин кимиң болот? –дейт.

- Ырахматылык менин атам илими бар киши эле, -деп сөзүн баштайт жаш бала. –Мен эс тартып чоңоюп тарбиясын көрө баштаганымда атамдын көзү өтүп кетти. Атамдай илими бар киши болсо, кызматын кылып жүрүп болсо да жакшы тарбиясын алсам деп жолго чыктым. Бул жолоочулар менен жолдо

кезиктик. Келе жатып булар менден жашырып шыбырашып сүйлөшүштү.

Атамдын бирөөлөрдүн шыбарашкан сөзүнө кулак салып укпа, жаман сөзгө кулагыңды тоспо, Кудай таала кулакты жакшы сөздү укканга жараткан,-дечү. Булардын эмне сүйлөшкөнүн билгеним жок.



Андан ары жол боюндагы бир үйгө эс алсакпы деп ойлоп эшигин чертсек эч ким чыкпады. Ошентсе да бул эки киши ал үйгө кирип кетишти. Мен атамдан «бирөөнүн үйүнө барсаң,эшигин үч жолу тыкылдат, чыкпаса артыңа кайткын» дегенин эстеп, үйгө кирбедим.

Жолдон булар мага тез эле жете келишти. Колтуктары томпойот. Анын эмне экенин карагым келбеди. Анткени атам жаман нерсеге караба, жараткан эгебиз көздү адал нерсени караш үчүн жараткан деп айтчу эле. Булар колтугундагы буюм адал же арам экенин биле албадым, -деп сөзүн бүтүрдү бала.

Анан карыя балага ыраазы боло бир аз отургандан кийин дагы сурады.

- Жолдо жаткан малды булар сабап тилдеди. Сен болсо сылап сыйпап четке жетелеп чыгарганыңдын сырын айтчы?-деди.

- Атам жараткан эгебиз колубузду да бутубузду да жакшы иштер үчүн жараткан. Колуңду күнөөлүү ишке малба, бутуң менен жаман жакка баспа дечү. Колумду да, бутумду да күнөөгө батпасын дедим. Тилдебегенимдин себеби тилибизди да жакшы сөз сүйлөш үчүн жараткан тура. Ал эми мал да, адам да, ал тургай бардык жандуу – жансыздар жараткандын мүлкү эмеспи. Аларга зыян кылуу улуу жаратуучубузга жакпастыр.

- Атаң чын эле илими бар киши болгон тура. Сени мен өзүмө окуучу кылып алам, тарбиямды берейин, -деп, анан эмне дээр экен деп тигилерге карады. Карыянын олуя экенин сезген тиги экөө:

-Сиз бардыгын бизге айттырбай билип турганыңызды сезип турабыз. Эми биз артыбызга кайтып уурдаганыбызды ээсине кайтарып, жараткандан күнөөбүз үчүн кечирим сурап мындай жаман ишти кайталабайбыз, -деп, тиги экөө убадасын берип, тообо кылып, артка кайтып кетишкен экен.

## Адам маймылдан эмнени үйрөндү

Бизге чейин канчалаган замандар өтпөдүбү. Ошол өткөн замандардын биринде дагы бир кызыктуу окуя болуптур дешет.



Илгери кайсы бир жерде жапайы жүзүмдөр өтө көп болуп, анын арасын маймылдар мекендешчү экен. Күндөрдүн биринде бир жолоочу адам маймылдар жашаган ошол жүзүмзарга туш болот. Чарчагандыктан олтуруп эс алат. Эриккен жолоочунун маймылдардын жорук-жосуну кызыктырат. Маймылдар жүзүмдөрдү үзүп-жыйнап чоң дарактын көңдөйүнө төгүшөт да

анан тебелеп эзип баштайт. “Маймылдын кылганын кара жеп тоюп, анан калганын эзип таштады” деп маймылдарга сынтагып кете берет.

Бир нече күн өтүп баягы жолоочу келген жолу менен кайра артка келе жатып, дагы баягы маймылдардын үйүрүнө туш келет. Өткөндө өзү көргөн чоң дарактын көңдөйүнө эми маймылдар башын салып ачыган жүзүмдүн ширесин соруп алып, ырсалактап күлүп, тоңкочок атып, өтө шайыр болуп жолоочудан коркпой жанына келип тийише баштайт. Мунун сыры ушул жүзүмдүн суусунда болсо керек деген адам да андан татып көрөт. Суусап турган жолоочуга бул аябай жагат да андан тойгончо ичип алат. Жолоочунун көңүлү көтөрүлүп, жол ката ырдап, бийлеп үйүнө кандайча тез жеткенин да билбей калат. Уктап турса үйүнө келген болот. Эми кечээги ширеден ичкиси келип өзү да үйүндөгү жүзүмдөн үзүп маймыл эзгендей эзип жыгач чакага куюп ачытып койот. Бир нече күн өткөндөн кийин жүзүмдүн ачыган ширесин ичип, ошого үйрөнүп көңүлү шат болуп бийлеп ырсалактап калат. Жолоочунун маймылдан үйрөнүп жасаган суусундугу коңшуларына да жетет. Эми баары жүзүмдү ачытып ичүүнү үйрөнүшүп, аны ичкенден кийин кээде

маймылдын жоругун кайталоону да унутушпайт. Көбүрөөк ичкенде эс учун да жоготуп маймылдай күлүп калганы ошондон экен дешет. Чын эле көп ичкилик ичкен адамдын жоругу кээде маймылга окшоп кетет эмеспи.

## Тамак качан таттуу болот

Дыйкандын кошунасынын эрке баласы бар эле . Ал бойго жетип баратса да эркелиги калбай «сүткө айранды кошуп ичем» деп, берген тамактын «даамы жок» деп нан менен этти да танат. Сүткө да көңүлү чапай «жатып алып жей турган таттуу тамак бергиле» деп тентектиги ашынат. Анын бул жаман жоругун байкап жүргөн эстүү дыйкан коңшусуна келип:

-Уулуң бой жетип, ишке жарайын деп келатат. Минте берсе эмгектин да, тамактын да баркына жетпейт. Уулуңду бир жума мага кошуп бер, менин ишиме жардам берсин – дейт. Кошунасы сүйүнүп макул болот. Анан дыйкан балага келип: «-жүр уулум, экөөбүз таттуу тамак издейбиз. Жатып жей турган таттуу тамак болсо талаада «эми татуу тамак жейм» деп бала макул болот. Ошентип дыйкан кош өгүзүн сокого кошуп баланы ээрчитип талаага келип, өгүздү жетелетип жер айдай баштайт. Улам айдоонун башына

келгенде бала «таттуу тамак кана» деп сурай берет. Дыйкан болсо улам-улам «чыдай тур балам, айдоонун тиги башында калыптыр»,-деп жатып күн түш оойт. Бала болсо чарчап суйжыгылат, курсагы аябай ачат. Дыйкан болсо эч нерсе билбеген болуп баланын алдына суу менен нан коет. Курсагы ачкан, чарчаган бала жамбаштап жаткан бойдон нанды алып бурдап чайнап, артынан сууну кана ичет.

–Кандай экен? дейт,- дыйкан шек алдырбай.

-Аябай таттуу, экен чоң ата –дейт бала сүйүнүп.

-Мээнетиң каттуу болсо, анан тапканың таттуу болот, жатып ичсең да жарашат,–дегенде бала сөздүн маанисине түшүнүп ыраазы болуп, эркелигин таштаптыр дешет.

## Бул жомок эмес

Мен тарбия алайын деп Таяатамдын үйүндө жүрүп калдым. Таятам намазкөй, өзүн тыкан таза алып жүрөт. Суроо берсем шашпай сүйлөп, тажабай жооп берип жүрдү - «Билбегениңди уялбай сура» балам дечү. Суроонун чоң кичинеси болбойт. Кичине суроо деп билбей калсаң, чоң түйшүк жаратып коет. Билбегенин сураган аалым болот, сурабаган өзүнө залым болот.

Бүгүн да өзүм маанисин али терең түшүнбөгөн бир сөздү сурагым келип турду,

–Таята,-деп калдым.

–Айт балам, айта бер,-деди.

–Бир жолу атчан аялга жолуктум. Ал аял жаш баласын алдына өңөрүп бара жатыптыр. Капысынан эле аты мүдүрүлүп кетти, да колунан серпилип камчысы түштү. Мен «аттан түшүп убара тартпасын» деп жүгүрүп барып камчысын алып колуна карматсам «рахмат, балам рахмат» деп кайра-кайра алкады.

-Аа түшүндүм,- деди Таятам дайыма оюмдагын адатынча айтырбай билип, «рахмат» деген сөздүн маанисин сурагың келип турат окшойт, -деди. Мен башымды ийкедим.

-Рахмат-бул алкоо сөз. Мунун мааниси өтө терең. Жараткан Эгебиздин бир аты– «рахим-мээримдүү» деген сөз. Алла Таала он сегиз миң ааламдан турган дүйнөнү өзү ырайым кылып жараткан. Ырайымы менен бүт баарына жашоо берип турат. Аял «рахмат» десе сага өтө чоң алкыш айтыптыр. Сага кудай рахим кылсын деген тура. Ал эми эгебиз рахим кылып рахматына алса андай бала эч кем болбойт, бактылуу болот.

Мен чоң алкыш алганымы билип кубанып туруп демек «биздин, ааламдын жаратуучусу бизди жараткан Эгебиз бар экен да» деп сүйлөп жибердим.

Таятам мени карап туруп, анан колундагы иштетип жаткан кетменди көрсөттү.

-Мына бул кетменди көрүп турасың, бул өзүнөн өзү пайда болгон жок да. Муну уста жасады. Бирок кетмендин буга акылы жетип, жасаган устаны көргөнгө кудурети жетпейт. Ааламда жаралагандын баары ошондой. Бул аалам акыл менен жасалбаса, жашоодо да болмок эмес. Биздин болсо аалам илимин билгенибиз – Ысык-Көлдүн суусунан бир кашык суу алгандай эле кеп да. Карачы, ааламдын төрт тарабы төп келишкен таң каларлык.

Таятам ушуну айтып жатып, колундагы өрүк көчөтүн казган чукурга отургузуп болдук. Мен жүгүрүп барып бир чака суу апкелип куйдум.

-Айттырбай билип жүргөн жакшы. Туура кылдың,- деди менин көчөткө суу куйганыма ыраазы боло. Анан таятам эшик алдындагы күндүн жылуу нуру мемиреп тийип турган сөрүнү көздөй басты. Анан күнгө кактана отуруп адатынча маанилүү аңгемеден баштады. Мен мындайда көңүл коюп укчумун. Анткени таятам тарбиясы терең маанилүү сөздү гана сүйлөр эле.

-Ээ балам, -деди адатынча мага бир кайрылып менин көңүлүмдү өзүнө буруп, -не замандар баштан өтпөдү дейсиң. Мен да сендей жаш болгомун. Кудай

тилегибизди кабыл кылганын айтып берейин, -деп сөзүн баштады.

Кычыраган кыш өтүп жаз жакшы башталды. Эгиндер жайкала өсүп, адыр, өрөөндөрүбүз жапжашыл болуп, бак-дарак тегиз гүлдөдү. Мал да кыштан семиз чыкты. Элдин баары «айтты-койду дебе, быйыл түшүм мол болот. Малыбыз семирет. Эми өзүбүз эч нерсеге муктаж болбойбуз», дешип жаратkандын кудуретин унутуп баары өзүнөн-өзү эле боло берчүдөй сүйлөштү. Ар кимиси «Кудай буйруса болот» деген сөздү унутушту.

Ошондон уламбы, эми жамгыр «тып» этип тамбай, күн чакчайып, асманда бир үзүм да булут пайда болбой туруп алды. Жагымсыз кермисел шамал жүрүп эгиндер эми соолуй баштап, адырдын чөбү саргая баштады. Бара-бара муну көргөн эл эми жаратканды эстей башташты. Дагы бир жума ушинтип турса, эгин тургай чөптөн да ажыраганы турду. Сарсанаага баткан карыялар эми эрте менен айыл четине чогулушту. Кары жашы дебей эркектер баары ушул жерде. «Эми эмне дээр экен?» деп эл өздөрүнүн Сатыбалды калпасы менен Молдо Эргешти карашты. Алар «кудайдан тилеп намаз окуйбуз» дешти. Ыйлап намаз окушту. Жамгыр тилеп жатышты. Ошентип жаратканга жалынып

намаз окушту Аталарынын ыйлаганын көргөн балдар да жөн тура алган жок. Баарыбыз ыйлап бата тилеп, анан сумсая үйгө кайттык. Анан балам билесинби, түш оогондон кийин көрүп ал, кайдан жайдан экенин ким билсин асманда сүрүлүп булуттар каптады. Жамгыр а дегенде себелеп, чагылган чартылдады. Бара - бара күчөп чакалап төккөн өңдүү жамгыр жаады. Сайларга суу толду.

Эртеси эрте менен Күн кайра жаркырап тийип, үзүк-үзүк аппак булуттар адырларда сүйрөлүп ээрчишип жүрдү. Бул жомок эмес, болгон иш деп таятам аңгемесин аяктады.


## Курулай мактанычбаш жарат

Бир күнү эле кашкулакка жин тийгендей мактанып жүрдү. «Мына менин дипломум бар табып болдум. Чөптөрдүн түрлөрүн билип алдым. Алардын дарылыгын менден башка эч ким билбейт. Кандай оору болсо да айыктырам. Ооруп калсаңар менин пайдам тийет». Кээ бир айбандар ишенсе, кээси кашкулак билгенди биз деле билебиз деп көңүл бурушпады. Кантсе да аны илимдүү табып деп сыйлап калышты.

Анан эле бир күнү «арыстандын бир көзү ооруп калыптыр» деген каңшаар тарады. Көзүмдү ким

айыктырат деген Арстан сарсана болуп, Турнаны чакыргыла деди. Турна келгенде анын тумшугун көргөн айбандар «турна сизге болбойт, көзүңүздү чукуп алат», -дешти.

Түлкүнү болсо экинчи көзүңүздү да майып кылып коюшу мүмкүн деп куу түлкүгө ишенишпеди. Ошентип турганда айбандардын бирөөсү кашкулактын «илимдүү чоң табыпмын» дегенин айтышты эле, Арыстан тез эле аны алдырды. Кашкулак келип ары-карап бери карап, жок дегенде арыстандын бир көзүнүн жумулуп калганына да



акылы жетпей койду. Анан арстандын таман астында кокусунан басылып, тура албай жаткан бака арстанга кайрылып калды.

-Мени кое бериңизчи, айбандардын падышасы? Сиздин кай жериңиз ооруганын мен көрүп турам,- деди. Арстан бакадан кечирим сурап, бутун тартып алды эле бака бир секирип арстандын тумшугуна чыкты да анын көзүн ачып туруп, тилин сунуп арстандын көзүнө түшкөн чөптү алып койду. Арстандын көзүн чөп өйкөбөй ачылып, айыгып да калды. Эми Арстан мактанган кашкулакты «алган дипломуң менен жерге кир. Өзүң жеп семирген чөптөн башка билериң жок»-деп куйруктан алып, алыс ыргытып жиберди эле, кашкулак байкуш башы ташка тийип, жарылып, «кашка баш кашкулак» болуп калганы ошондон экен.

## Чоо жана кайырмак

- Кайсы бир доорлордо, кайсы бир эки башка тоолордо эки киши жашаптыр. Алар бири-биринен алыс-алыс болуп, бири-бирин билбегени менен, алардын үйлөрүнүн жанында опокшош көлмөлөр боло турган. Ал көлмөлөрдүн тунуктугу, сулуулугу, ал тургай балыктары да аябай окшош экен. Айырмасы эле ошол көлмөнүн боюнда жашаган

адамдардын бирөөсү сабырдуу, ыймандуу эле. Беркиси болсо ач көз, дүнүйөкор, ыймансыз адам болчу. Ошентип ыймансыз ач көз адам балыктарды көргөндө кайырмак салып, көбүрөөк кармай баштайт. Бара- бара ач көздүгү ашынып, базарга да алып чыгып сатат. Байыган сайын көзү тойбой эми чоо салып кармап майдаларын туш келди ыргытып салчу. Барган сайын балык азайып, акыры тукум курут да болду, көлдүн көркү да кетти. Балыктын түшпөгөнүнө ачууланып бир күнү чоого колун саларда уулуу жылан чагып салды.

-Ыймандуу адам болсо кайырмак менен күнүнө



эки же үчтөн гана балык кармап үй бүлөсүн да, келген конокту да ыраазы кылчу. Анткени ал ысырап кылбай, балыктарга да аяр мамиле кылып, анан «бул да жараткандын бизге берген белеги,

балыктын тумшугун да кайырмак үчүн жараткан» деп, чоо салып кармоону күнөө болот деп сезээр эле.

Азыр деле анын көлмөсүндө балыктар канат куйругун жаркылдата, көлдүн көркүн чыгарып, сүзүп жүрөт. Ыймандуу балыкчы да ач калган жок.

## Жалкоого шылтоо көп

Эми эле жаркырап тийип турган күндү, аппак булут далдалап, заматта төгүп кирди.

-Эдил сырттагы куурайды далдоо жерге тартып кой,- деди атасы.

-Мен көйнөкчөнмүн, суук тийет, - деди Эдил. Атасы өзү куурайды бастырмага киргизип койду.

-Балам, очокко көз салып тур, сүт байып кетпесин, - деди апасы

-Ысык отко барсам башым ооруйт, - деди Эдил дагы жалкоолонуп.

Эжеси жүгүрүп келип, очокко от жагып, сүттү бышыра баштады. Дагы бир аздан кийин апасы Эдилге кайрылып

-Эжеңе жардамдашып үйдү жыйнаш, - деди апасы.

-Мен сабак аткарып жатам, - деп Эдил дагы калп айтып, ойноп олтурду. Апасы менен эжеси үй жыйнап баштады. Ангыча атасы келип: -Балам сен эмне үчүн жардамдашпайсың, - деди. Аңгыча эжеси:

-Ата, «жалкоого шылтоо көп», - деди, Баардыгы күлүп жибериишти. Макалдын маанисин түшүнгөн Эдил аябай уялып, кызарып кетти да, ордунан туруп, «мындан кийин жалкоолонбойм» деп, үй ишине жардамдаша баштады.

## Балык жана тарбия

Эне балык дайыма минтип баласына үйрөтөр эле. "Өтө таттуу, өтө кооз тамакты көрсөң абайлап жеп жүр, сугуңду артпа. Андай тамак кээде алдамчы да болот". Чабак дайыма энесинин айтканын эсине тутчу. Канатын жаркылдата сууда ойноп сүзүп жүргөн ушул кичинекей чабак бир күнү чындап эле өтө кооз кызыл куртту суу ичинде салаңдап турганын көрүп, "леп" эте жутуп алгысы келди. Анан энесинин айтканын эстеп сабыр кылып, агып кетпей бир орунда турганына таңкала карап турду.

Жанындагы кичинекей эси жок чабак кызыл куртту көрөр менен даяр тамакты көздөй сүзүп баратты. Эстүү чабактын "абайла, жөн тамак эмес окшойт?!"-дегенин укпай "оп" этип жутуп жиберди. Аңгыча болбой бир аз сүйрөлүп барып, «шып» эте суудан чыгып кетип көрүнбөй калды. Ал балыкчынын кайырмагы эле.

Кичинекей балык болгон окуяны энесине айтын

келди. Эне балык: "Ага энеси, же атасы эскертип тарбия бербеген чыгар" деди. А эстүү чабак болсо "эне-атасы айтса да кээ бирөө ушинтип укпай, жамандыкка жолугат" деп ойлоду.

## Жамандыкка жакшылыктын мааниси

Адамды дайыма адаштыра турган чоң шайтан, кичине шайтан дегендер болот тура. Шайтандын чоңу, элди чоң-чоң согуштарга адаштырса кичинекей шайтан, шаштырып, уруштуруп айтор майда-барат жамандыктарга адаштырып, эл арасын тынчытпайт экен. Чоң шайтан болсо кичине шайтандардын жоругун көзөмөлдөп, жамандык кыла албаганын жазалайт дешет.

Бир күнү кичине шайтан акылдуу адамды адаштыруу үчүн чоң шайтандан тапшырма алат да, акылдуу адамдын өзүн адаштыра албай, анын кошунасына келип аны азгыра баштайт. Кантип дебейсиңерби?

Шайтан өзү көрүнбөй туруп тиги акылдуу адамдын кошунасынын кулагына билгизбей минтип шыбырай баштаптыр.

-Карачы, кошунаңдын эшиги сеникинен таза экен. Ошон үчүн дайыма сенин алдыңда бой көтөрүп, сени тоготпойт. Эшигинин алдына акыр-чикириңди төгүп тикендерди ыргытып ташта,-дейт. Урушса урушуп,

экинчи бой көтөргүс кыл. Бул ойду кошунасы туура көрдү да, шайтан ойлонткондой иш кылды.

Акылдуу адам сыртка чыгып, эшигин көрүп бул кошунасынын жамандыгы экенин билсе да билмексен болуп эшигин акыр-чикирден тазалап, тикенектерди терип өрттөп, анан коңшусунун ал абалын жакшылап сурап, үйүнө кирип кетти. Акылдуу адамдын урушпаганына кошунасы кыжаалат болуп отурганда, шайтан дагы келип анын оюна минтип бүлүк салды. "Көрдүңбү сени тоготпой койбодубу. Эми тиги тиккен жер-жемиштерин карачы, жайнап чыгыптыр, эртең эле бышканда базарга сатып, дагы байып кетет. Ошол эгинин сууга бастырып жибер"-деп шыбырайт.

Шайтандын тилине кирген коңшу дагы адашып жамандык жасады. Коңшусунун эгинин сууга бастырды. Акылдуу адам жаңы чыгып келаткан жер жемишин суу басканын көрүп, коңшусу шайтандын тилине киргенин түшүнүп, аны менен урушкан жок. Эгинди баскан сууну тосуп, коңшусу менен жылуу учурашып, ага жакшылык каалап тилек айтып, таң калтырды. Ошондо акылдуу адамдан жадаган айласыз шайтан ага келип:

-Ой акылдуу адам, сен эмнеге жамандыкка жакшылык кылдың. Урушсаң болбойт беле?- деди.

Акылдуу адам шашпай гана: -Көралбастык сага окшогон шайтандын үйрөткөнү. Эстүү адам эч качан шайтандын тилине кирбейт. «Бир жамандыктан кайткан, миң, жакшылыкка ээ болот» дейт.


-Кантип эле?-дейт шайтан дагы ого бетер таң калып.

-Мен коңшум менен араздашып калсам, эртең өтүгүмдү ким жамап берет. Ал уста да. Ооруп калсам биринчи ким келип абалымды сурамак. Үйүмө сен шайтандын тилине кирип, ууру келсе кимди жардамга чакырам. Жалгыз бүтүрө албаган ишиме ким жардам бермек эле... мындай мамиле коңшум экөөбүздүн ортобузда өтө көп.

- Бир жамандыктан кайткан адам миң жакшылыкка ээ болот,- дегеним ушул деди да шайтанды кубалап жиберди. Чын эле шайтандын тилине кирген коңшусу күнөөсүн түшүнүп, эми ал да коңшусуна жакшылык гана каалап, ынтымакта жашап жүргөнүн көрүп эле жүрөсүңөр балдар.

# Жалкоонун тилеги

Кыш түштү. Күн бүркөлүп кар жаады. Бул жалкоого жаккан жок. Анткени, ал кышка жакшыраак камылга көрбөй койду. Ошондуктан кар жааган сайын: «Элдин үйүнө кар жаа, менин үйүмө кант жаа» деп тилей берди. Чын эле элдин үйүнө кар жаады. Жалкоонун үйүнө болсо аппак кант жаады. Жалкоо четинен алып жеп жыргап жата берди. Элдер болсо кар күрөп, отун алды. Жаз келди, жамгыр жаай баштады. Жалкоо дагы «элдин үйүнө жамгыр жаа, менин үйүмө нан жаа» деп тиледи.



Элдин огородуна жамгыр жааса, жалкоонун үйүнө нан жаады. Жалкоо дагы четинен терип жеп жыргап жата берди. Эл арык тазалап жамгырдан кийин жер айдап, эгин септи. Эгинин өстүрүп, чөп

чаап, кызуу иштей баштады. Жамгыр жааганын токтотуп, жай келди. Жалкоонун үйүнө жамгыр да, нан да жаабай калды. Эми жалкоо ачка жатып өлмөй болду. Эми ар кимден тамак сурап араң жан бага баштады. Күз келди. Элдин кампасы данга толду. Жалкоо эч нерсеси жок ачка болду. Эл кичинеден эгин берип: «жакшы тилек кылып жаз келгенде эмгектен»,—дешти. Эми жалкоо даяр тамак тилегенин койду. Эмгектенип эгин экти. Кийинки жылы жалкоо да элге кошулуп эмгек кылып, күзүндө көп түшүм алды тегин тамак түбөлүктүү эмес экенин түшүндү, жалкоо аты өчтү.

## Бекен жана Текен

Коңшулардын ортосунда ар түрдүү окуялар боло берет эмеспи. Бекен менен Текен да коңшу турушчу. Бир күнү Текен Бекендикине келип;

-Урматуу коңшум, мага он тенге карыз бере турчу, бай болгур. Качан кайрып беремди айтсаң, ошондо кайрып берем,– дейт.

-Үч ай болгондо кайра бер, - дейт Бекен. Бул сөз Текенге аябай жагат да, он тенгени карыз алып кетет. Айткан үч ай да өтөт. Бирок Текендин карызды берер түрү жок. Акыры Бекен Текенге келип

-О кадырлуу коңшум, менден он тенге алганыңа үч ай болду, карызды кайрып берчи,-дейт.

-Үч ай болгондо бер,-дебедиңби? дейт Текен.

-Ооба кошунам, ооба,-дейт Бекен шашып үч айдан өттүго. Бекен карызын доолап келгенде түн эле да. Текен асманды көрсөтүп «Тигине көрдүңбү асманда бир эле ай турат. Ошол ай үчөө болгондо кел» дейт. Айласы кеткен Бекен казыга келип болгон окуяны айтып берет. Казы ойлонуп туруп, «сен үйүңө бара бер. Өзү алыпбарып берет» деп Бекенди узатып коет. Эртеси казы Текенди үйүнө чакырып коноктойт, анан акырын шек алдырбай сөз баштайт Казы.

–Аялым жалганчы окшойт. Кечээ тоо башынан эки күндүн жанаша жаркырап тийип турганын көрдүм дейт. Мен ишенбедим, а сенчи Текен – дейт.

Текен шаша-буша казыга жагынып:

–Аялыңыз калп айтыптыр асмандан дайым эле бир күн, бир гана ай бар дейт, эч нерседен капары жок сүйлөп. Ошондо казы шашпай гана:

–Андай болсо Бекенди бекер жерден асмандан үч айды издетпей, он тенгесин эртең жеткир,- деген экен.

## Тапан менен дөө

Тапан тоолордо эчкилерин кайтарып жүрүп, асканын боорунан жаркыраган сонун ташты көрүп калат да, эптеп жетип алып түшсө, укмуштуудай жаркыраган кооз таш экен. Алачыгыма алпарып койсом түн ичинде жаркырап күйүп, алачыгыбызды жарык кылчу сыйкырдуу таш экен деп койнуна катып алыптыр. Эчкилерин айдап үйүн көздөй жөнөй берерде, алдынан апсайган чоң дөө чыгат да:

-Койнуңдагы асыл ташты бери чыгар. Сенин бул аскадан ал асыл ташты алууга акың жок.
Бул аска тоолордун кароолчусу менмин,- дейт.

-Кечиресиз дөө акеси,- дейт. Тапан тайманбай муну аска өзү мага берди. Аска да менин акылымды сыйлайт, мага кызмат кылат.
Сүйлөшүп туруп сурап алдым,-дейт.

-Ха-ха-ха,-дейт дөө күлүп,- аска сүйлөбөйт.

-А мен аска, зоолорду сүйлөтө алам. Алар мени менен кадимкидей сүйлөшөт,– дейт Тапан. Аска кыйкыра да алат.

-Эгер аска зоолор сүйлөбөсө эле, асыл таш эмес эчкиңден да айрыласың – дейт дөө шарт коюп. Аска зоолорду сүйлөтчү, угайын.

Ошондо Тапан аска, зоолорго карап туруп:



-О аска дос, сен берген асыл таш белегиңди дөө аке талашып жатат,-дейт да анан бардык күчү менен «мен бердим!» деп койчу деп каттуу кыйкырат. Аскалар «мен бердим… мен бердим…!» деп жаңырыктайт. Буга таң кала оозун ачкан дөө «бул бала чын эле акылдуу экен, баланы аска сыйласа, мен да сыйлайын» деп дөө өз жолуна түшүптүр.

# Тапан

Бар экен да жок экен. Ушул биздин жомокто Тапан деген бала бар экен. Анын аты Тапан деле эмес экен. Өзү жаактууга жай бербеген, амалдууга алданбаган бала болгондуктан «Тапан» аталып калыптыр. Ошол тапандын атасы бир күнү жарык дүйнө менен кош айтышат. Тапан жапжаш бойдон жаш апасы менен калат. Күндөр болсо тиричилик менен эптеп өтө баштайт.

Бир күнү апасы Тапанга:- Атаң болсо жок, күндөн-күнгө экөөбүздүн турмушубуз оордоп баратат. Кантип жан сактаар экенбиз,-деп капалуу сүйлөйт.

Турмуштан кыйналган апасын түшүнгөн Тапан:

-Ырас айтасыз, апа, мен сизге иштеп жакшы көйнөк сатып берүүгө али жашмын. Сиз болсо жакшы көйнөк кийгиңиз келет. Сизге көйнөк сатып берип, мени да бала кылып алган бирөө болсо, ойлонуңуз,-дейт.

Тапандын бул сөзүнө апасы бир туруп ыйлап, бир туруп күлүп, акыры ойлонуп бир байга баш кошот. Тапан эми эптеп аталуу болуп калат. Бирок бакма атасы сараң чыгып, бир байбичеси менен кызы бар эле. Байдын байбичеси көбүнчө Тапандын апасын «токол» деп ат коюп алып, кемсинтип көп урушчу

болот. Ошол адатынча бир күнү байдын байбичеси Тапандын апасын каарып

-Сени элеби токол, бай келгенде сени жок кылдырам!- деп зиркилдейт. Муну уккан Тапан карап турмак беле. Сыртка чыгып эчкилердин арасынан токол эчкини кармап союп, ал тургай казанга салып этин бышырып да коет. Бай үйгө келгенде, Тапан этти алдына коет. Шектенген бай «бул кайдагы эт?» дейт. Анда Тапан:

-Байбиче энем «токолду бай келгенде жок кылдырам» дегенинен эле сизди убара болбосун деп токол эчкини жок кылып койдум,-дейт.

-Минтип отурсаң малды түгөтөсүн го, Тапан-деп бай Тапанды үйдөн кууп жиберет. Тапан байкуш кантсин. Апасына,-«камсанаба апаке, эми чоңоюп калбадымбы, иштеп келем» деп үйдөн чыгып кетет. Эми Тапан апасынын «токол» деп кемсинткен аттан кутулганына сүйүнүп бараткан эле.

Тапан сыртка чыкканда күн кечтеп калган эле да. Жүрүп отуруп бир жардын түбүн баш паанек кылып отура кетет. Отуруп-отуруп уйкусу келип үргүлөй да баштайт. Ошол учурда аттын дүбүртүнүн жакындап келатканын угуп калат. Эки атчан жакын келип аттан түшүп сүйлөшө баштайт.

-Ушул жер тынч, ээн экен. Изибиз сууганча баштыкты жар бооруна ката туралы,- дейт бири.

-Жок болбойт. Айдын жарыгында эсептеп туруп тең бөлүп, калтырбай эле алып кетели,-дейт тиги. Тапан тигилердин ууру экенин дароо түшүнөт. Уурулар ары тартышып, бери тартышып отуруп Айдын жарыгында алтындарын эсептеп бөлө баштайт. – Бир… Эки… Он… Жүз…

Тапан көпкө ойлонгон жок. Капыстан эле үнүн жоон чыгарып;

-Кармагыла! мына уруулар. Тез-тез! деп кыйкырып жиберет. Чочуп кеткен тигилер баштыгын таштап аттарына мине качышат. Шектенип калбагай эле деп Тапан колуна эки ташты алып кагыштырып «жет эле жет!» деп кыйкыра берет. Уурулар караңгыга сиңип кеткенде гана Тапан баштыкты алып үйүн көздөй жөнөйт. Үйүн көздөй баратып, ойлоно баштайт «алтын тапкан акылын да табыш керек» деп байга алпарбастан, чоң түп жаңгактын башына чыгып, анын тоңкулдак уя салган көңдөйүнө бекитип түшөт. «Эми апамды байдан куткарып алам», -деп ойлоп, бирок апасын күйөөсүз калтыргысы келбейт. Анан калса байдын да өзү теңдүү бойго жеткен кызы бар экенин ойлоп, Тапан мыйыгынан жылмайып, кайрадан байдын үйүнө

келип кечирим сурап кызматын кыла баштайт. Жөн жүрбөй байдын кызына үйлөнмөккө амал да ойлойт.

Күндөр өтүп жатты. Бирок Тапан жөн жүрмөк беле? Бир күнү базарга түштү да байдын чапанына окшош чапан сатып алып кийди. Базарда жүргөн бай Тапанды көрүп:

-Ой, бейбаш, менин чапанымды булгап эмнеге базарга кийип чыктың? -деп жемелей баштайт.

-Өзүмдүкү,- дейт Тапан кебелбей.

-Өзүңдүн чапаның бар беле?-деп, Бай Тапанды казыга жетелеп келет.

-Чапан чын эле байдыкыбы? -дейт Казы.

-Өзүмдүкү,- дейт Тапан болбой.

-Мындай кымбат баалуу чапанды кайдан алмак элең? – дейт бай. Бул бейбашты жазалап бериңиз.

Ошондо Тапан:

-Казым, байдын үйүнө баралы. Эгер байдын чапаны үйүндө болсо бул меники. Байдын чапаны үйүндө жок болсо мен айыптуумун -дейт. Бул туура чечим эле. Чын эле байдыкына келсе, байдын чапаны үйүндө эле илинип туруптур. Ачуусу келген казы эми байга доо төлөтүп алат. Дагы күндөрдүн биринде Тапан атайы базарга түшөт. Эми байдын атына окшош ат сатып алып минип базарды аралайт. Муну көргөн бай дагы ачууланып кирет.

-Эмне үчүн менин атымды сурабай миндиң?

-Ат өзүмдүкү, сатам -дейт Тапан сөз укпай. Тонду эптеп сатып алса болот. Атты кантип сатып алмак эле деп, бай Тапанды дагы баягы Казыга алып келет. Бай «Тапан атымды базарга алпарып сатканы жатыптыр» деп Тапандын жоругун Казыга түшүндүрөт. Ошондо Тапан «урматтуу казым, үйгө баралы байдын аты үйдө байлоодо жок болсо мен айыптуумун» дейт. Келишсе байдын аты байлоодо эле туруптур. Эми казы байга мурдагыдан да көп айып төлөтөт.

Ушуну эле күтүп жүргөн Тапан эми байдын кызы менен сүйлөшүп, аны жетелеп молдонукуна келет. Молдо «күбөлүккө өтүүгө киши керек» дейт. Тапан Байды чакырат. Бай кызды көрүп- «бул менин кызым,го?» дейт. Тапан болсо- Чапанга чапан окшойт, атка ат окшошот да, адамга адам окшошпойбу? дейт. Бай дагы бирдеме деп талашса эле Тапан казыга барчуудай түр көрсөтөт. Бай «дагы доо төлөп калбайын деп чочулап» күбөлүккө өтөт. Бирок эми шашып үйүнө келсе кызы жок эле. Ачууланган бай таягын көтөрүп Тапан менен кыздын алдынан тосот.

Тапан болсо жылмая басып келип байга алтындан берип, «бакма ата, элеңиз эми өз ата болдуңуз, менден айып кетсе кечириңиз» деп башын ийет. Бай болсо Тапандын амалына баа берип, ак батасын берген экен.

## Жаңы жомок

Асман мелжиген тоолордун этегинде, жайкалып жаткан талааны аралап, шаркырап аккан дарыянын боюнда көптөн бери адамдар жашап, ал жерде көп окуялар болуп өткөн да. Ал окуялардын кээсине ишенсек, кай бири жомок болсо керек деп ойлойбуз. Ошол жерде бир окуянын болуп өткөнүнө көп деле болбосо керек. Бирок анын жомок  же чын экенин силерден сурап билгим келип, ошону айтып бергим келди.

Ал мындай эле. Ал жерде жол боюнда бир жепирейген үй боло турган. Ал үйдө бир киши аялы менен көпкө жашап орто жашка келгенде үч уулдуу болушат экен. Балдарын ак эмгек, маңдай тери менен эмгек кылып багып чоңойтушат. Балдары бой тартып чоңойуп калган кезде тигилер абышка кемпир болуп калышат. Анан абышка-кемпир кеңешип отуруп, балдарына керээздерин айтышат экен.

-Биз эми карыдык, -дейт абышка балдарын чакырып сөз баштап. Жараткан бизди керек деп бул дүйнөдөн көзүбүз өтсө ак эмгек кылып, маңдай териңер менен дүнүйө-мүлк жыйнап жашагыла. Тегин оокатка кызыкпагыла, «тегин тамак тентитет». Сарымайдай сактап жүрдүк эле,-деп чогулткан тыйын тыпырларын үч уулуна тепетең кылып бөлүп

берип ар кимиң өзүң үчүн турмушка керектүү буюм сатып алгып иштеп жашагыла дептир. Ушундан көп өтпөй абышка-кемпир оо дүйнөгө кетет. Эми балдары «баш көз болуп багаар-көрөөрүбүз жок, ойлонуп иш кылалы, ата-энебиздин берген акчасына бекер жатып жеп ичип алсак кыйналабыз» дешип шаарга түшүп жашоо-турмушка буюм-тайым сатып алмак болушат. Шаар бир топ алыс эле да. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп акыры шаарга да жете келишет. Шаарда түркүн буюмдар көз жоосун алат. Базардагы буюмдардын көптүгүнөн балдары эмнени алаарын билбей баштары маң болот экен. Бир кооз дүкөнгө кирип балдар ооздорун ачып таң кала туруп калышат.

-Силерге кандай буюм керек, эмне издеп жүрөсүңөр? -дейт, дүкөнчү таң калган балдарга карап. Балдар башынан өткөн окуяларды айтып берип бизге жан багуу үчүн турмушка керектүү буюм болсо бериңиз дешет.

-Аа, түшүндүм, - деп дүкөнчү балта, аркандан, кетмен, күрөккө чейин көргөзөт.

-Дагы эмнеңиз бар? – дейт улуу баласы кызыга сурап.

-Ии баса, унутуп кала жаздапмын, иштебей эле жан бакканга да илгерки жомоктон калган буюмум бар,- дей салат. Ал эмне дешет балдар кызыгып.

- Бул «ур токмок» дейт дүкөнчү.

«Ур токмогум, ур!» десең болду, кимди болсо да сабап акчасын алып берет. Өзүңөр жомоктон угуп жүргөн жайыл дасторкон да менде бар. «Жайыл дасторкон, жайыл!» десең болду түркүн тамак даяр болот дейт. Анын бизге кереги жок деп кичүү инисинин айтканына болбой агаларынан бири «Ур токмокту» бири «Жайыл дасторконду» сатып алышат.

Балдардын эң кичүүсү өтө зээндүү болгондуктан ата-энесинин кебин эске тутуп ак эмгек менен тирүүлүк кылуу үчүн кетмен күрөктөн тартып, отун алганга керек деп аркан,  да сатып алат. Соодасын бүтүрүшүп жолго чыгышат. Улуу баласы «ур токмогум» болгондон кийин шаарда деле жан багам деп калып калат. Бир аз жүргөндөн кийин ортончу баласы ары ойлонуп, бери ойлонуп шаарда калмай болот. Ортончу агасы да «жайыл дасторконум» турганда ач калмак белем, андан көрө шаарды көрүп курсагымды тойгозуп жүрө берем деген ойдо болот. Балдарынын эң кичүүсү кантмек эле, агалары тил

албагандан кийин өзү жалгыз жүгүн көтөрүп жүрө-жүрө үйүнө келет.

Бала үйүнө келгенде айылда жаз да башталып калган экен. Мындайда эстүү бала карап турмак беле. Күрөгүн алып жер казып, кетмени менен арык чаап, эгин эгип, бак да тигет. Күз келип эгинин жыйнап, анан кышка деп керки чотун алып, токойдон отун да жыйнап алат. Эгин сатып мал алып, мал да күтө баштайт. «Эл эмгегин жер жебейт» демекчи баланын мээнетинин акыбети кайтып тез эле байып баштайт. Күн айга, ай жылга айланып убакыт өтө берет эмеспи. Эмгекчил баланын бой жетип байый баштаганын көргөндөр, «мага күйөө бала болсо экен» деп тилешет.

Ошентип балага бир адам кызын аялдыкка жан дили менен берет. Кыз да акылдуу чыгып эми ого бетер бай жашап калышат. Бала канчалык байыса да көңүлү суз жүргөнүн көрүп, аялы андан «неге көңүлүңүз суз» деп сурап калат. Күйөөсү башынан өткөн окуяларды, анан эки агасы жөнүндө да айтып берет. «Андай болсо бир туугандарыңдан кабар алып кел. Бирөөсү даяр тамакка көнгөн болсо, экинчиси зордукчул болуп көнсө жыргап деле кетпесе керек таап үйгө алып кел», деп кеңеш берет. Аялын тура айтат деп бала жолго түшөт.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп баягы шаарга да жете келет. Ары издеп, бери издеп агаларын таппай жол боюнда кайырчылык кылып отургандардын жанына келип, аларга боору ооруп жардам бергиси келип, ал абалын сурай баштайт. Абайлап байкаса өңү да, үнү да тааныштай туюлат.

-Силер кимсиңер? Алы күчүңөр да бар экен, жашсыңар, эмнеге кайыр сурап отурасыңар? дейт. Ушул жүдөө таанылгыс болгон кайырчылар менин агаларым бекен деп кепке тартып көрөт. Анан агалары экенин байкап билсе да, эмне окуяларга туш болду экен деп үн катпай кулак төшөйт. Жашыраак кайырчы башынан өткөн окуяны айтып келип, акырында «жайыл дасторкон» сатып алганын, даяр тамак жеп жыргап күн өткөрүп жүргөнүн анан эле бир күнү «Жайыл дасторконун» чычкан тешип кетип «Жайыл дасторконум, жайыл!» деп канча айтса да дасторкону жайылбай шору катып, ач калганын, жумуш кылайын десе эч кандай ишке көзү жетпей аргасы кетип ачкачылыктын айынан кайыр сурап олтуруп калганын өкүнүү менен айтып берет.

-Бул менин бир тууганым дейт улуураак кайырчы сөз баштап, экөөбүз кайыр сурап жүрүп жолугуп табышып калдык. Мен деле «Ур токмок» сатып алып «Ур токмогум, ур!» деп коюп көрүнгөндүн буюмун

тартып алып, жыргап эле жашап жүрдүм. «Ур токмогум, ур!» десем болду, кимди болсо да сабап кирчү. Токмок жеген адамдар мага тапканын берип араң кутулушчу. Бирок бул кылыгым ханга жетип калып, мени зынданга салып койду. Зындандан жакында чыктым,- деп балага жалооруп карап отурду.

Канткен менен бир туугандары эмеспи, бала чыдай албай:

-Мен силердин кичинекей бир тууганыңармын,- деп кучакташып учурашып маркум атасынын «Ак эмгек менен жан баккыла, тегин оокат тентиретет» дегенине маани бербей койгонун эстерине салат.

Алар эми эстерине келип кичүү инисин ээрчип айылына келип, ак эмгек менен жан бага баштаганын айтпасам деле түшүндүңөр го деп ойлойм.

## Азыркынын жомогу

Жаркыраган сулуу Күн, жаркыраган Ай, жыбыраган жылдыздарга жакын тоо арасында жашоо кандай гана сонун. Ошондой асманга жакын тоодо мындай бир окуя болуптур. Ал жерде бир жигит аялы менен турчу экен. Алар бир кыздуу болушуп, ал кызы аябай сулуу төрөлөт. Кыз ушунчалык сулуу болгондуктан, атасы менен апасы кандай ылайыктуу

ат коюуну билбей баштары маң болот. Ойлонуп, ойлонуп отуруп Күнсулуу деп ат коюшат. Күнсулуу күн өткөн сайын сулуу болуп өсө берет. Тоо Күнгө жакын болгондуктан, бир күнү эрте менен тоо башына түшүп келип;

-Мени бул жерге ким чакырды?, - дейт.

– Эч ким, - деп таң калышат жаңыдан ата-эне болгон тиги экөө. "Күнсулуу" деп чакыра бергениңерден келбедимби,- дейт экен Күн.

– Ой, кызыбыздын аты Күнсулуу эмеспи, - дешет.

– Анда кызыңарга башка ат коюп алгыла, Күнсулуу менин гана атым, ал мага гана жарашат – деп Күн өйдө көтөрүлүп кете берет. Тигилер бир чети уялып, бир чети туура дешип, эми кызына башка ат коюуну ойлонушат. Канча ойлонушса да ылайыктуу ат таба алышпай, эми Айсулуу деп ат коюп алышат. Алар эми кызын "Айсулуу" деп калышат. Күндөр өтүп кыз чоңое берет. Бир күнү кечинде Ай да тоо башына асмандан түшүп келип;

-Кызыңардын аты Айсулуу экен. Ай деген асманда гана болуш керек. Мен эми кызыңарды алып кеткени келдим. Анын үстүнө кызыңар мага аябай окшош экен, - дейт.

Кыздын ата-апасы айга жалынып-жалбырып жатып эми башка ат койобуз, - деп араң алып


калышат. Кыздын атасы менен апасы кызыбыздын сулуулугуна жараша эч кайсы ат туура келбейт экен деп "Жылдыз" деп ат коюп алышат. Жылдыздар бизден өтө алыста турат. Алар түшүп келе алышпайт деп ойлошот. Күн өтүп, ай айланып, бир нече жылдар өтөт. Кыз да бойго жетип чоңоет. Бир түнү жарк этип Жылдыз түшүп келип:

-"Жылдыз",-деп чакырганыңардан келдим. Менде эмне жумушуңар бар – дептир. Кыздын атасы менен апасы чочуп кетип, "мына бул кызыбыздын аты Жылдыз эмеспи" - дешиптир кызын көрсөтө. Кыздын сулуугуна таң калган Жылдыз мен кызыңарды алып кетем, Жылдыз деген жылдыздар менен кошо жашоого тийиш, - дейт. Эми кыздын атасы менен апасы эмне шылтоо айтарын билбей айласы кетет. Жылдыз болсо кызды колунан жетелеп шаштыра баштайт.

Кыз өтө сулуу болгондуктан, куштар да ал кызды жакшы көрүшөр эле. Кыздын эми Жылдыздан кутулбасын түшүнүп, сулуу куштар кыздын себетине жумурткалап жиберишти. Анткени Жылдызда жумурткалар, куш да болбошун жакшы билишчү. Кыз болсо эми тоодо жүрүп, гүл терип жасаган гүл чамбарын башына кийе коюп, апасы менен атасынын аштык деп даярдаган үрөнүн алып, колуна бир

кумура суу кармаган бойдон Жылдыз кармаган колун бошото албай, жылт этип асманга Жылдыз менен кошо учуп кетет. Кыз жылдыздардын бирине келип жашай баштайт. Ал жерде Жетиген деген жылдыздардын ханы бар эле. Эми Жетиген хан кызды өзүнө аялдыкка алат.

Күн өткөн сайын кыздын азыгы түгөнө баштап, көөкөрдөгү суусу да аз калат. Кыз ойлонуп отуруп, “мүмкүн жылдыздын кыртышына өсүмдүк өсөр” деп ойлоп, аштыктын калганын сээп, калган сууну төгүп коет. Төгүлгөн суу заматта арык болуп агып кирет. Эңкейип сууну төкмөкчү болгондо башындагы гүл чамбар жерге түшүп анын уругу түшүп гүлдөр өсүп чыгат. Аңгыча себеттеги жумурткалар да балапан



болуп анан учуп чыгышат. Жараткандын бул кудуретине Жылдыз ыраазы болот да, эми мурдагыдай кусаланбай, көңүлдүү жашай баштайт.

Муну көргөн Жетиген хан да таң кала, кубанып жүрдү.

Бир күнү алар уулдуу болушту. Уулу да тез эле чоңоюп, эстүү болуп өсө баштады. Ал чоңоюп, акылына кирген сайын “апа сен менин апамсың, а сенин апаң кайда?” – деп көп сурачу болду.

Акыры бир күнү болгон чындыкты апасы баласына баштан аяк айтып берди.

Ошондон баштап бала жер жөнүндө, андагы таята, таенеси тууралуу көп ойлончу болуп, аларды көргүсү келе баштады.

Бала бул оюн атасы Жетиген ханга айтты. Жетиген хан канча ойлонбосун, жакшы көргөн уулун жанынан кетиргиси келбеди. Бирок, “менин кандай экенимдин дайынын билбей, ата-энем сарсанаа болуп жүрөт. Алар азыр карып да калгандыр. Кабарымды билдирип койсом жакшы болбойт беле” - деп жакшы көргөн аялынын жалооруганын көргөн хан айласыз макул болду.

Аялынын жерден ала келгендери Жетиген хан жашаган кунарсыз Жылдызда эми суу агып, гүлзарга айланып, куштар сайрап калбадыбы. Муну көргөн Жетиген хан эми баласынан Жерге кандай белек жөнөтүүнү ойлоно баштады. Анан Жетиген хан балага бир алтын кутучаны берип жатып:

– Балам, бул кутучада үч нерсе бар: Алардын бирин алган адамды, – “дүнүйө-мүлк талашкан ичи тарлыктан айыктырат”, экинчиси, – “кары адамды жашартат”, үчүнчүсүн “пайдаланган адам өтө акылдуу болот”, - деп эскертет.

Бала болсо ал белеги үчүн атасына ыраазылыгын билдирип, жерди көздөй учуп жөнөйт. Бирок баланын келе жатканына көп жылдар болсо да бул күнгө чейин ал бала бизге жетип келе элек. Анткени жылдыздар бизден өтө алыс экенин билесиңер да.

Эгер, балдар чын эле ошол белекти бала алып келип калса, силер кутучадагы белектин кайсынысын тандап алаар элеңер, ойлонгулачы?.

## Жезкемпир менен Барби

Апасы Эзаска өтө кооз куурчак сатып берген эле. Эзас куурчакка суктана карап туруп:

- Мунун аты ким? – деп сурады апасынан.

- Барби, - деди апасы.

- Ой-ий, өзү да сулуу, аты да аябай уккулуктуу экен, деп кубана сүйлөдү Эзас.

- Ооба, - деди апасы Эзасты кубаттап, өтө сулуу, назик куурчак, кийимин булгабай таза карма, бул куурчак булгап, бүлүндүргөндү сүйбөйт. Мындай тазалыкты сүйгөн Барбини Эзас өтө жакшы көрүп

калды. Кечке колунан түшүрбөй, этият ойноп, кечинде койнуна алып жатчу болду. Бүгүн да ошентип койнуна алып жатып, Эзас терең уйкуга кетти. Барби болсо уктабайт эмеспи,



ойлонуп жатып, өзүнө жакшы мамиле кылган Эзаска белек камдамай болду. Акырын басып сыртка чыкты. Айдын шооласына эшик күндүзгүдөй жарык болуп туруптур. "Жаз да келип калбадыбы" деп ойлоду Барби, Эзаска кооз гүл терип келип, белек кылайын. Барби тоону көздөй бет алды. Али таңга чейин көп

бар деп, улам гүлдөн гүл тандап, коозун издеп жүрүп отурду. Аңгыча тоонун токойлуу жерине келип, жапжашыл кооз гүлдү көрүп, бир тал гана үзүп алып, артына кайтмай болду. Бир тал сулуу гүлдү үзөрдө, көптөп бери тоо арасында токойду мекендеп жашап жүргөн Жезкемпир:

- Сен кимсиң? – деп ачуулуу сүйлөдү,

Коркуп кеткен Барби:

- Мен Барбимин энекебай, - деди.

Эч качан жакшы сөз укпаган Жезкемпир Барбинин жагымдуу үнү менен "энекебай" дегенине жумшара түштү.

- Эмне кылып жүргөн кызсың? – деди Жезкемпир, акырын сүйлөп. Барби эмне жүргөнүн айтты эле Жезкемпир:

- Жок, сен эми эч жакка барбайсың, мени менен гана каласың. Эгер тил албасаң мобуну көрдүңбү деп, узун тырмактуу колдорун көрсөтүп, анан колу менен кычышкан узун мурдун кашылап койду.

-Мурдуңуз эмне үчүн узун? – деп сурады Барби.

-Анткени мен жаш кезимде жалганды көп айтып, чагымчылык, уурулук да кылчумун. Ошондон кебетем бузулуп, мурдум узарып, мени токойго алып келип таштashкан.- деди Жезкемпир.

Айла барбы, Барби Жезкемпирди ээрчип жөнөдү. Эзасты ойлоп кусаланып баратты. Жезкемпирдин үйү таш үңкүрдүн ичинде экен. Үңкүргө киргенден кийин, Жезкемпир Барбини ойной баштады. Бирде мойнун толгоп, бирде колу-бутун кайрып, шалактатып ойноп жатты.

- Акырын, колу-бутумду сындырасың, - деди, бузулгандан корккон Барби.

- Эчтеке эмес, - кемпир узун мык менен балканы көрсөтүп, колу-бутуң сынса ушул мык менен кадап коем, - деди. Эми Барби корконунан Жезкемпирден кантип кутулууну ойлоп жатты. Антпесе колу-бутун сындырып, Эзаска жетпей калчуудай. Анан бир амал ойлоп, тапканына кубана, Барби минтип жезкемпирге кайрылды.

- Энекебай, - деди Барби Жезкемпирге.

- Айта бер, - деди Жезкемпир Барбинин колу-бутун шалактатып ойноп жаткан бойдон.

- Экөөбүз «бекитишмей» ойнойлу, макулсуңбу, - деди Барби.

- Ал кандай оюн? – деди Жезкемпир кызыга.

- Тиги мыкты мен бекитем, аны сен издеп табышың керек. Анан сен бекитесиң, мен табам. Ошентип тапкан адам жеңе берет, табалбаган утулат. Бул оюн Жезкемпирге жагып, макул болуп, көзүн

жумду. Барби мыкты алып, Жезкемпир төшөнүп отурчу карыш кырдын терисинин астына катып, өзү үстүнө отуруп алды. Жезкемпир издеп жүрүп, суй жыгылды. Үңкүрүндөгү бекиткен буюм – тайымдарын чачып таппай коюп; «жеңилдим» деди. Кыз бекиткен жеринен мыкты алып көрсөттү.



- Эми мен бекитем, - деди Жезкемпир. Чын эле Жезкемпир мыкты бекитсе Барби кайдан тапмак эле. Ошондуктан – «жок», деди Барби, «сен жеңилип

калбадыңбы, менин айтканыма макул болосуң. Эми мен өзүм бекинем сен табууга тийишсиң. Муну «Бекинмей» дейт». Жезкемпир чын эле кызык тура деп макул болуп, көзүн жумду. Барби акырын Жезкемпирдин артына өтүп, бүкүрөйгөн жонуна отуруп алды. Жезкемпир ары тегеренип, бери тегеринип, ары чуркап, бери чуркап, суй жыгылды. Анан – «Кайдасың Барби? Мен утулдум» - деди эле, Барби Жезкемпирдин жонунан акырын түшүп, «мен мында эле турбаймынбы» - деди.

Барбини көрүп, Жезкемпир сүйүнүп кетти. Анткени Барбини таппай калса жезкемпир зеригет эле да. Оюн аябай жакты.

- Эми, энекеси, сен бекин, – деди. Барби көзүн жумду. Жезкемпир чоң аюу талпакты жамынып, үнкүрдүн четине жатып алды. Акылдуу Барби болсо кемпирди издемиш болуп, сыртка чыкты да, үңкүрдүн эшигин бекитип, келген жолу менен гүл үзгөнгө да чолосу келбей, шаша – буша Эзасты көздөй кетип баратты.

Жезкемпир жатып – жатып, тажаганда туруп, «мен мындамын» дегенде, Барби Эзасты жанына келип, эбак жатып алган болчу.

## Сүрдүү жылан, азуулуу мышык жана Жаратканга жалынган чычкан

Чынында чычкан байкушка кыйын эле болду. Ийнине жылан кирип келди. Ал улам жакындаган сайын чычкан байкуш коркуп, кылтырап-титиреп, жерди тырмалап, сыртка чыгып кеткени аракет кыла баштады. Байкуш чычкан улам Жаратканга жалбарып, «сактайм десең сактай аласың, өз кудуретиң менен мени ушул балээден куткар» деп жалынып жатты. Жылан болсо өз оюнда «менден кайда качмак эле, ийинди казып сыртка жол да ачат. Анан ийинден чыгарында буттан алып, тиштейм» деп улам чычканга жакындап келе берди. Байкуш чычкан жерди тешип «эми кутулдум» деп ойлоп, секирээрде каршы алдында аңдып, азуулуу мышык туруптур. Мында да Жаратканды унутпай, чычкан тобокелге салып, «өзүң сакта, Жараткан!» деп секирип кетти.



Ушул учурда жылан да чычканды көздөй октолуп, ыргыган эле. Баятан аңдып турган мышык «бул чычкан буйурса да буйрубаса да менин олжом» деп леп этип секирип, бирок эми мышык чычкандын эмес, жыландын башына тырмагын матырган эле. Ачуулуу жылан мышыкты чагып салды. Мышык жыландын башын жара чайнаганга үлгүрдү.

Ошентип Жаратканга жалынган күнөөсүз чычкан кутулуп, менменсиген эки ачкөз жырткыч бири-бирин мерт кылып тыныптыр.

## Актилек жана аракет

Түн кирди. Тоо ичин караңгылык каптады. Бирок бул көпкө созулган жок. Тоо артынан жаркырап ай чыгып, тоо ичи күндүзгүдөй жарык болду да калды. Байкуш коёнго кыйын эле болду. Анткени анын мындайда душманы көп болот эмеспи. Кичинекей бөжөктөрүн оттобогон коён, коркуп жата берсе кантип тойгозмок эле. Анан ал өзү да тоюп, бөжөктөрүн да тойгозуу үчүн сыртка оттоп чыкты. Коен оттоп тое электе эле, түлкү коенду көрүп кубалап жөнөдү.

Коркуп кеткен коен:

-Айланайын Кудай! Түлкү мени тытып кетсе, бөжөктөрүмдүн күнү эмне болот?! Өзүң сакта? -деп

кудайдан тиленип да, катуу аракет кылып да качып да баратты. Эми кайдан – жайдан экенин ким билсин ач карышкыр чыгып түлкүнү качырып сала берди. Эми түлкү коенду таштай качып, кудайдан ал да тилене баштады.

- О, кудай! Мен жаш эмес белем. Дагы жашагым келет. Өзүң мени сактап кал?! –деди. Түлкү да кутулуу үчүн катуу аракетке түшүп жаратканга жалынып чуркады. Экөө куушуп кой короого жакын калганын байкабай калышты. Буларды көргөн койчу да коркуп кетип:



-Булар короомо кирсе, кой калабы?!


-О, жараткан, өзүң эле сакта! –деп актилек кылды да, таяк менен болсо да аркет кылайын деп, жөн турбай таягын көтөрүп чуркап жөнөдү.

Муну көргөн карышкыр да «атып салбагай эле, сактай көр, кудай» -деп, тилеп түлкүнү таштай салып качып жөнөдү. Кудайга жалынып, анан жөн жатпай качууга аракет кылган коен түлкүдөн, түлкү карышкырдан, карышкыр койчудан, койчу болсо түлкү менен карышкырдан аман калыптыр.

Ошон үчүн эл «актилек тилеп, анан аракет кылсаң, тилегиңе жетесиң» дейт тура.

## Ак булутту атпагыла

Түн жаңыдан кирген кезде таенем экөөбүз үйдүн алдында отурганбыз. Жаркырап тийген айдын аянычтуу жарыгына чагылышып, томук-тай болгон апапак булут тоонун боору менен акырын жылып, таенем экөөбүздүн жаныбыздагы булакты көздөй сүйрөлүп келатты. Табияттын мындай сулуу көрүнүшү мага аябай жакчу. Чуркасаң эле жетип барчуудай болуп аппак булут бизге өтө жакын келди.



- Тиги булутту кармап келейинби, таене?

- Шүк отур, чочутасың – дейт таенем да булутту суктана карап – булактан суу ичкени келген го, жаныбар.
- Ой таене, кызыксыз го. Ал деген бууланган эле аба да.
- Жок, - дейт таенем. Бул булуттардын ыйыгы, күмүш булут экен. Эгер сен муну үркүтчүү болсоң, табияттын каарына калабыз, – деп анан таенем адатынча мага табият жөнүндө жомогун айта баштады: Илгери кайсы бир замандарда, хан ууга чыгыптыр. Удан келе жатканда ушул булактан суу ичип турган күмүш булутту карап туруп хандын бир жигити:

- Ханым, тетиги ак булутту көрдүңүзбү? Муну «күмүш булут» дейт, эгер ким атып түшүрүп жуунса, денеси аппак сулуу болот имиш, - деп калат. Муну уккан хан жигитиң шылдыңдап күлөт да, бул жигитти “экинчи жалган айтпас кылайын” деп, мээлеп туруп булутка жаасын кере тарат. Булуттан шыңгыраган үн чыгат. Таң калган хан чаап жетип барса уча качкан булуттун бир үзүмү жерде жаткан болот. Хан атынан түшүп, кебездей болгон муздак булутту алып, бети колун жууп көрөт. Өңү капкара кара хан аппак жүздүү болуп, сергип чыга келет. Ушундан баштап хандын ак булутка кызыгып

уучулугу башталат. Эми күмүш булутту атып түшүрүшүп, хан сарайынын айымдары сулуулана башташат. Хан баш болуп жигиттери менен булутту койбой атып тамашага батышат. Жыл айланбай хан уучулук кылган жерлерге кургакчылык башталат. Хандын жерине булут тургай куштар да конбой калат. Кайберендер баш болуп, жан – жаныбар жер которуп ооп кетет. Табияттын куну учуп, эгин болбой, жер саргайат.

Жыл сайын жаз келет, бирок булуттар келбейт жамгыр жаабайт. Ошондой күндөрдүн биринде хан ойлуу отурса, үстүнөн каркылалар жаз келген жакка учуп өтө баштайт.

- Оо, кыркыралар кай жакка,- дейт хан.

- Жамгыр жаап, жаз келген сулуу өрөөнгө, - дейт какыралар.

Анда хан аларга карап аянычтуу,

-Биздин жерге да жаз келеби? Бизге да жамгыр жаап, жаз келсин, – деп жалбарат.

Ошондо хандын кулагына каркыралар тараптан «ак булутту атпагыла»! «ак булутту атпагыла»! – деген кыйкуулаган үн угулат. Эми Хан өз айыбын түшүнүп, ушундай кийин ак булутка аңчылыгын токтотот. Кийинки жылы ак булуттар көчүп келип,

жамгыр төгүп, жер жашарып, мурдагыдай табият көркүнө келет.

Таенемдин жомогунда чындык бардай эле. Анткени кечээ күнү каркыралар кыйкуулап учуп өтүшкөн. Ошондон кийин жамгыр төктү. Көрсө алар жазды чакырып, ак булуттарды чакырган тура. Эми менин да ак булутту чочуткум келбей, айдын жарыгында ак булутту аяп, аянычтуу тиктейм, ак булут болсо, булактан суу ичип алып, Айды көздөй жылып баратты.

Биз таенем экөөбүз эми табиятты көрктөндүргөн ак булуттун амандыгын тилеп отурдук.

## Чоң атага кат

Баланын кайсы бир тоолордо жашаган чоң атасы боло турган. Анын шаарга келбегенине көп болду. Бала болсо чоң атасын сагынып жүрдү. Анткени, келсе тоого алып кетмек. Окуу болсо аяктап, жайкы эс алууга аз эле убакыт калган.

Эми чоң атасы келбей коюшунан чочулаган бала телефон менен "кел" деп өтүнүп сүйлөшсө деле болмок. Бирок, өз оюн толук түшүндүрүп, тоолорду көргүсү келген бала кат жазууга отуруп, өз катын: "Ассолому-алейкум, чоң ата деп баштап, ал-жайын сурагандан кийин, ушул кезге чейин тоолорду

көрбөгөнүн, атасы "тоого алып барып келем" деп бирок жумуштан чолосу тийбей жүргөнүн таарыныч кылып да жазды.

Анан кээде атасынын тоодо туулуп, шаарга келип



окуп, шаарда туруп калганын угуп, ал тоолорун сагынарын, андагы табияттын коздугун айтып бергенде, ого бетер тоону көргүсү келгенин катка шурудай тизип жатты. Көрсө, тоолуктар тээ көк мелжиген бийикте, булуттар менен аралаш Ай, Күнгө жакын жашайт тура. Түнкүсүн жымыңдаган жылдыздар ачык асманда даана көрүнөт дейт. Чын эле кээде жамгыр төгүп өткөндө, аппак-аппак булуттар тоо бетинде сүйрөлүп, жылкы, койго да аралаш жүрө берет тура. Күн желесинин кызгылт, жашыл-сары түс берип эки тоонун ортосунда турганы кандай кызык! Ошондой учурда мен да таптаза, туптунук көктү карап, козу кайтаргым келип кетет. Андай мезгилде көк шиберди аралап, оюн салган кулундарды кимдин көргүсү келбесин. Өткүндөн кийин жаркыган Күндүн астында, түнт токойдун арасында кооз куштардын кандай сайраганын уккум келбейт дейсиңби?!

Бийик тоого чыксаң кайберенди да көрөсүң дейт атам. Чоң ата, мен болсо сиздин неберeңиз боло туруп кайберен тургай чегиртке менен бакaны да көрө элекмин. Аларды китептен же телевизордон гана көрүп жүрөм. Шаарда акыр-чикирдин жанынан капкара болуп ышталган бирин-серин гана чымчыктарды көрүүгө болот. Эриккенде шаар ичиндеги кино жайларга, видик көрүүгө чыгабыз. Аны көрө берип жадап да бүттүм. Анан калса түрү укмуш жаныбарлар, мушташкан ырайымсыз адамдарды көп көрөсүң. Видеодогу обужок кылыктарды туурайм деп баягы күнү бир бала көпүрөдөн учуп түштү. Мен андай болгум келбейт, чоң ата. Тоодо эс алып келгенден кийин да жакшы окуй берет элем.

Тоону аябай көргүм келет. Мен чоңоюп эле калдым. Жайлоого алып кетсеңиз козуларыңызды деле кайтарып берет элем. Булактан суу ташыганга кантип жарабайын. Чоң ата, келбей койбоңуз..."

Бала ушинтип дагы бир топ таттуу кыялга батып өз оюн катка жазды да, "Эртең чоң атаңдын айылына барам" деген кошуна агасына катты бергени чуркап жөнөп баратты.




**(бөбөктөр үчүн)**

Кайсы бир замандарда бүт ааламды каптап жаткан муз:

- Оо, мээримдүү Күн! Сен мага жаркырап тийчи, - деп күндөн жылуулукту сураптыр.

Ошондо Күн жаркырап тийип, музга жан кирип, суу болуп агыптыр. Суу агып өткөн жерлер гүлзарларга айланып, ар түрдүү жан-жаныбар түрдүү куштар да пайда болот. Торгой агып жаткан сууну көрүп:

- Суу, суу! Таңдайым катып баратат, сенден ичсем болобу? - деп сураныптыр. Суу макул болуп торгойдун жанына агып келиптир. Торгой суудан ичип ага алкыш айтат. Сууну мактап торгой сайрап учуп баратса, капуста:

- Торгой, торгой, торгойжан! Мага мээрим кылчы? Жалбырагымды курт жеп коймой болду, - деп кайрылыптыр. Торгой заматта капустанын куртун терип койду. Капуста аябай чоң болуп өстү. Эчки болсо капустаны көрүп;

- Капуста, капуста, сен мага жалбырагыңдан берчи, желинимде сүт калбай баратат. Улактарыма сүт керек эмеспи, - деди. Капуста макул болду. Эчки капустага тоюп, желини сүткө толду. Адам эчкини көрдү да:


- Эчки, эчки, менин балдарыма да сүтүңдөн берчи, - деди. Эчки макул болуп, адамга сүтүн берди.

Ошентип күндүн музга, муз суусунун торгойго, торгойдун капустага, капустанын эчкиге, эчкинин адамга пайдасы тийиптир. Баса, Жаратылыштын ушундай улуу керемети менен жашоо уланганы-уланган эмеспи.

## Канаттуу кумурска

Жай айлары эле. Аары гүлдөрдөн бал топтоп, кумурска талаадан дан ташып, жан-жаныбар баары чеке тердетип эмгек кылып жүрдү. Ушундай күндөрдүн биринде аары бал топтоп жүрүп, капысынан бир куурайдын бутагындагы жөргөмүштүн желесине илинип калса болобу?!

Ушуну эле күтүп турган жөргөмүш жайган торуна илинген аарыны шаша-буша орой баштады. Арам тамак жөргөмүштүн торуна эмгекчил аарынын илинип калганын көргөн кумурска көтөрүп бараткан



данын таштай салып, аарыга жетип келди да:

- Аары, аары келе колуңду? - деди.

Аары колун узатаары менен кумурска балбан тартып –тартып аарыны бошотуп алды. Сага ыраа-зы-зы-мын, кумурска баатыр. Эми биз-з-з-дикине жүр, бал жейби-з-з!-деди ыраазы болгон аары кумурскага ызылдап.

-Конокко чакырганың үчүн рахмат, аары дос. Азыр эмгек кызып турган убак. Экөөбүздө тең жумуш убактысында тойлоп, жумуштан калбайлы,

кышында жумуш жок болот эмеспи, ошондо барам,- деди кумурска балбан. Ошентип эмгек кайнаган жай өтүп, кыш да келди. Убадасы боюнча кумурска аарыныкына келди. Кумурсканын эмне белек ала келгенин билгеним жок. Бирок аары болсо кумурсканы аябай сыйлап, узатып жатканда «сен да мага окшоп учуп жүр» деп канат тигип берди. Кумурска үйүнө келгенде аны достору да, «жакшылыгың үчүн канаттуу болупсуң» деп ызааттапып, падыша кылып шайлап алышты. Ал кумурсканы силер деле кээде кумурскалардын арасынан көрүп эле жүрөсүңөр. Аны «канаттуу кумурска» же «кумурскалардын падышасы» деп туура атап алыпсыңар.

## Акылдуу улактар

Жаз келди. Күн жаркырап тийди. Жер бети көк шиберге айланды. Бак – дарактар гүлдөп, булбул үн безеди. Ушундай жаздын бир күндөрүндө так секирип ойноп, оттоп жүргөн улактар үйүнөн узап кеткенин да байкабай калышты. Алар алтоо эле да.

Ошондо алардын алдынан ач карышкыр чыгып;

- Ой кичинекей улактарым, эси жок шоктонгон чунактарым, мени издетпей келип калганыңар ырас болбодубу, - деп сүйүнүптүр.

- А сен бизди эмне кылмаксың? – дешет улактар.



- Энеңер айткан жокпу? Мен деген карышкыр болом.

- Энеңер айткан жокпу. Мен деген карышкыр болом.

Силер мен үчүн даяр гана шыбага эмессиңерби, жешим керек. Анда улактар:

- Бизди жебей эле койчу, биз сенден аябай коркобуз, - дешип жалбарышат. Анда карышкыр:

- Силер коркпой эле койгула. Анда көрө силер катар тизилип ээрчишип кете бергиле, мен артыңардан биринчиңерди, анан экинчиңерди... Ошентип алтынчыңарды жейм. Силер болсо артыңарды карабай кете берсеңер эле коркпойсуңар, менин тиш салганымды көрбөй да каласыңар.

Бизди биринчибиз да, экинчибиз да, ал тургай алтынчыбыз да жок – дешиптир акылдуу улактар.


- Кантип эле ошондой болсун? – деп таң калат карышкыр, - эгер санай албасам тийбей эле койёюн, - деп убада берип.

Улактар болсо дароо тегерек болуп кол кармашып тура калышат. Карышкыр ары жагына өтүп бир карап, бери жагына өтүп бир карап кимиси биринчи, ал тургай кимиси алтынчы экенине акылы жетпей коюптур. Анан айткан убадасын тана албай уялып, улактардын акылына ыраазы болуп улактарга тийбей кетип калыптыр. Ал эми акылдуу улактар болсо азыр да оттоп ойноп жүрүшөт. Балким силер да ал улактарды тоодон көрүп эле жүргөндүрсүңөр.

# Чабалекейдин таарынычы

(Аңгеме)

Айтса-айтпаса да жаз айынын толуп турган мезгили кандай сонун. Табигаттын сулуулугун мындай кой, канаттуулар аябай кубанышып



короондогу гүлдүү багыңа конуп алып, тим эле жыргап сайрашат мындайда. Чабалекейчи?! Эшигиңдин так түбүнө келип, үйүңө да кирип уя салат, сайрап да берет. Мына быйыл жазда Мукандардыкына да эки чабалекей келип уя салып, күндө сайрай турган болду. Анан бир-эки күн өтүп өтпөй ылайдан уя жасай баштады. Бирок, Мукан болсо чабалекейлер ылай алып келген сайын калпагын ыргытып тийише баштады.

Адегенде чабалекейлер тамашалап жатат деп ойлоп, кайрадан ылай алып келип, уя салууларын

уланта беришти.

Мукан болсо чоң энесинин «кой балам» дегенине болбой, калпагы менен уруп жиберди эле аз жерден чабалекейге тийбей калды. Алар чочуп уча качышты да, үйдүн алдында бир аз айланып жүрүп, анан кайдадыр учуп кетишти. Ошол бойдоң келбей коюшту. Мукан болсо чабалекейлерди. кайрадан көргүсү келип тынчсыздана баштады, Чабалекейдин уясы бүтпөй калды. Чабалекейлер ошол бойдон кайрылып келген жок. Бир күнү Мукан ойноп жүрүп Алмаздардын үйүнөн баягы-эки чабалекейди көрүп:

-Менин чабалекейлерим! алар мында учуп жүргөн тура, - деп сүйүнүп кетти.

- Жок, – деди Алмаз, – бул менин досторум, анткени булар биз менен чогуу жашайт. Тигине көрдүңбү балапандары да бар.

Чабалекейдин балапандарын көргөндө Мукандын ичи аябай ачышты. Чабалекейлердин таарынып кеткенин Мукан ошондо гана билди. Чабалекейлер болсо Мукандардын үйүнө кийинки жылдары да келбей койду. Мукан, «быйыл келип уя салаар» – деп жыл сайын күтүп жүрөт. А чабалекейлер болсо келбейт. Алар Муканга аябай таарынышыптыр.

# Алма менен адам

Ак карлуу тоо башынан тептегерек сары алтындай Күн өз нурун жайып чыга келгенде, тоо чокусундагы аппак карлар күмүштөй болуп жаркырап турду. Тоо таянып жайылып жаткан өрөөндүн ала чокул карлары буу көтөрүлө ээрип, Күн көтөрүлгөн сайын жер жылып, жумшарып, теребелге



жан кирип, баягы жылы багбан отургузган алма бакты шамал түртүп жатты эле, муну сезип алма ойгоно баштады.

-Көпкө уктап калган турбаймынбы,- деп ойгоно баштаган алма мээлүн желге шыбырап жатты.

-Жаз келе жатат. Эми жаратылышка жан кирип, шаңдуу жашоо башталат, - деп шамал да алманын бутагына шыбырай баштады. Чын эле шамал шыбырагандай кээ күндөрү жылуу жамгыр жаап, кайра күн жаркырай тийип, буга алма бак аябай кубанып жылмайганда бутактары гүл ачып,алма бакты көргөн келгин куштар гүлдүү шагына конуп

сайрап да кирди. Куштардын сайраганы адамга да, алма багына да аябай жакты.

Жаз келип, алма багы гүлдөп, бутагына куштардын конуп сайрай баштаганына кубанган адам да бактын түбүн жумшартып, азык берип жүрдү. Алма бак эми ажайып кулпуруп, жашыл жалбырактуу ак гүлдүү кийген көйнөгү аябай жарашып калды. Мынтип жасанып алып эмгек кылбай тура бергенге болбойт да. Ушуну ойлогон алма багы эми өзүнүн апакай гүлдөрүнүн түбүнө мөмө байлай баштады . Мөмөсүн тезирээк чоңойсун деп, жер түбүндөгү тамырын жайып, адам берген азыктан суу аркылуу азыктана баштады. Эми мөмөсү чоңойуп кызарып быша баштаганы адамдын да алма бактын да кубанычы эле.

Күндөр өтүп күз да келди. Алма бак эми шагын ийип адамга өз мөмөсүн тартуулады. Адам өзүн, өзүнө жараткан алма багы үчүн Жаратканга шүгүр келтирип түшүмдү жыйнап алды.

Эми күн тез-тез бүркөлдү. Суук түшкөн сайын келгин куштар да алма багына сейрек коно баштап, анан кайдадыр учуп кетип конбой калышты. Ал тургай жалбырактары да бутагынан учуп, алма бак менен коштошуп жаткансыды. Айлана жымжырт.

Күз аяктады. Алма бак болсо көңүлсүз жымжырттыкка берилип үргүлөп уктай баштады.

Анан эле бир күнү ак кар себелеп алма бакка жылуу апакай тон тартуулады. Ак тонго оронгон алма эми терең уйкуга кирди. Бул жакшы болду. Анткени жаз келгенче алма бак уйкусун аябай кандырып жакшылап эс алып, кайрадан жаз келгенде ойгонуп, өзүн бапестеп баккан адам менен учурашып, дагы жай бою эмгектенип, ага мөмө берип жакшылык кылыш керек да. Анткени адам алма багын отургузуп ага жакшылык кылбады беле.

## Кедей кантип казына башчысы болду

Илгери көп эле кызык окуялар болуп өтсө керек. Ошондой окуялардын бири мындайча болуптур.
Хан казынасына акылдуу сарсептүү адамды башчы кылгысы келиптир. Ошол үчүн хан «акылдуу казына башчыны табам» деп тегерегиндегилерге мындай бир шарт коет.


- Мен бир теңге берем. Ким ушуга өзүн да, минген эшегин да, короосундагы корозун да тойгозо алат? –дептир. Ал учурда бир теңгеге бир нан араң берчү экен.

Чөп сатып алсам, өзүм менен корозум кантет. Нан сатып алсам эшек менен короз ач калат. Бир ууч

буудай сатып алсам өзүм кантем - деп, эч ким макул болбойт.

Ошондо муну уккан бир акылдуу кедей эшегин минип, колуна корозун кондуруп Ханга келип, бир теңгесин алып базарга барат. Кедей ары соодалашып, бери соодалашып жатып бир чоң коон сатып алат да, хандын маңдайына келип олтуруп, коонду тое жеп, кабыгын эшегине, уругун корозуна берип үчөө тең аябай тоет.


Ошентип Хан кедейдин тапкыч, үнөмчүл экенине баа берип, өзүнө казына башчы кылып шайлап алган экен.



## Жөргөмүш кемпир

Чычканга куйрук бүтө элек кайсы бир заманда, ташбакадан да түк издеген ачкөз кемпир болуптур. Ал айылдагы аялдардан жип көрсө эле сурап алып, бербесе уурдап алып жүнгө жипке аябай өч экен. Сайма сайчу далай уздар, жибек жиптүү келин кыздар, ал кемпирди көргөндө «жипчи кемпир» келатат дешип жиптерин бекитип, бекиткен жеринен да уурдатып айлалары кетип жүрүптүр. Жипчи кемпир болсо уурдап чогулткан жибин койнунаката берип, коюнколтугу жипке толуп тоголок боло баштаптыр.

Бара-бара жип койнуна батпай чубалып чыгып, өзү тоголонуп баса албай жөрмөлөй баштаптыр. Анан жөрмөлөп жүрүп, жөргөмүш болуп калган тура.



Мунун калп чынын ким билсин. Бирок жөргөмүштүн ичинен ошол уурдаган жиби чубалат да жүрөт.

# Ышкырган тентек



-Ышкырба, -деди апасы.

- Ышкырам, -деди Тентек.

- Үйдүн ичинде ышкырба, -деди атасы.

- Ышкырам, -деди Тентек. Анан Тентек тил албай ышкыра бергенине ачуусу келген атасы анны кулагынан кармап сыртка чыгарып жиберди. Тентек болсо дагы эле ышкырып жүрө берди.

Мени чакырып жаткан экен деп ойлогон шамал, шуулдап келип, Тентекти асманга учуруп кетти. Тентек болсо эми шамалга айлана баштады. Коркуп кетип бирде теректин учун кармаса, ал да колунан чыгып кетип, кээде учуп келип терезени түрткүлөп, кире албай эшикти каккылап учуп жүрдү. Айласыз чөптөрдүн башын уйпалай кармап, андан да колу

чыгып уча берди. Ошентип тил албаган Тентек шамалга айланып «тентек шамал» атыгып учуп жүрөт. Угуп эле жүргөндүрсүңөр, шамал болгондо шуулдаган добуш чыкса, кээде ышкыргансыйт. Демек ал тил албаган ышкырчаак Тентек.

## Тапан жана ташбака

Кайсы бир балага апасы корозду карматып «базарга алпарып сатып кел, саталбасаң бир баалуурак нерсе алмаштырып кел» дептир. Бала корозун көтөрүп бара жатса Тапан жолдо ташбака менен ойноп жүрүптүр.

Бала карап туруп- Ташбакаң кымбатбы? дейт

-Ооба өтө болбосо да сенин алдагы корозуңдан алда канча баалуу,-дейт Тапан мактанып. Анан ташбаканын үстүнө бутун коюп чыгып да алат.

–Корозуң эмне? 5-6 жыл араң жашайт. А бул деген жүз жылдан ашык жашайт, дейт.

-Анда менин корозума алмаштырасыңбы?-дейт бала.

Экөө макулдашып корозго ташбаканы алмаштырат. Муну уккан балдар келип «бири короз кымбат» десе, бири «ташбака баалуу»-деп талаша башташат. Азыр да ушинтип талаша беришет.

А балдар, силер кандай ойлойсуңар. Жүз жылдап жашаган ташбака баалуубу, же корозбу?

## Ай эмнеге тез чоңоет

Дайыма Ай иймейип, өтө кичинекей болуп төрөлгөнүн көрүп эле жүрөсүңөр го. Адегенде араң эле кыбырап жылат. Бирок ошого карабастан тынбай жол жүрүп, тажабай эмгектенип, жарыгын ааламга тийгизүүгө аракет жасай берет экен.

Канчалык көп кыймылдап, эмгектенген сайын, күндөн-күнгө Ай ошончолук чоңоюп табактай болуп жаркырап бүт ааламга жарыгын чачат.

Ал эми жылдыздар болсо эч бир кыймылдап эмгек кылбаганы үчүн кичинекей эле бойдон турганы турган.

## Эрмек

Жакында күз да келет. Балдар мектепке камдана баштайт эмеспи. Эрмек да мектептин босогосун биринчи аттайт. Ошентсе да ал алиге чейин « Апа көйнөгүмдү бүчүлөп берчи», «Эже калпагымды таап бер» - деп эркелигин койбой келет. Бүгүн болсо оюнчук вертолету учпай, бузулуп калыптыр.



«Ата оюнчугумду оңдоп бериңиз» дейин деди эле,

атасы эчак жумушуна кетип калыптыр. Эми апасына келип:

-Оюнчугум бузулуп калыптыр, ондоп бериңиз, - деп былтуңдай баштады.

-Жумуштан кечигип жатам, убактым тар, - деди апасы. Таарынган боюнча эжесине келди.

- Мен үй жыйнайм, өзүң жаса, - деди эжеси.

Эрмек мурдагыдан бетер таарынып, ыйлагысы келип олтуруп алды. Эч ким жардамга келген жок. Оюнчугун аябай ойногусу келди. Айласы кеткен Эрмек эми вертолетунун кыйшайган канаттарын акырын ондоп, атасы жаңы алып берген батарейкасын салды эле, оюнчугу учуп, дайыма учкуч болгусу келген Эрмекти кубандырып жиберди. Жүгүрүп эжесине келип мактана баштады:

-Туура кылгансың, - деди эжеси, - ар ким өзү үчүн өзү аракет кылуусу керек. Чын эле деп ойлоду Эрмек. Таарынганымды таштап, өз кийимимди өзүм кийбесем ким кийгизмек эле. Эми күн сайын өз кийимин өзү кийип, бут кийимин да өзү тазалап алчу болду. Оюнчуктары бузулса өзү эле оңдоп алат. Жакында мектеп босогосун жаңыдан аттайм деп ойлогондо, кубанычы койнуна батпай мектепке барчу күндү чыдамсыздык менен күтө баштады. Анткени окууда да жакшы окуу үчүн өзүнүн аракети

керек эмеспи. Эрмек болсо өзү аракет кылганды үйрөнүп алды. Эми мектепке бара берсе болот. Окууну жакшы окуп, чоңойгондо вертолет минген кандай жакшы.

## Аяз ата

-Кеч күз. Асмандагы сүрүлгөн булуттар кез-кез муздак жамгырын төгүп ал карга айланды. Бир күнү апам «арыктагы суу каймактап калыптыр» деди. Барып көрсөм арыктын бетин жалтыраган муз каптап, анын астындагы суу чулдурап агып жатат. Апама келдим да:

-Суунун каймагы жок тура, - дедим.

-Бетиндеги жука музду «суунун каймагы» дейт, - деди апам.

-Аны ким жасады?

-Аяз ата келе баштабадыбы. Түн ичинде ошол жасаган тура. Аяз атаны көрбөй, анын сууну кантип каймактатып муз кылганын билбей калганыма аябай өкүндүм. Эртеси кечке асман түнөрүп, самсаалап кар жаап турду. Кечке жуук чыгыштан бир аз шамал жүрдү да, түнөргөн булуттарды алда кайда айдап кетти. Түн киргенде асман тазарып, Ай терезеден кылтыйып көрүнүп турду. Айрыкча үйдөгү жарык өчкөндөн кийин терезеден бадырайган жылдыздарды тиктеп жатып уктап калыпмын.



Апам эрте менен эрте ойготуп:

-Карасаң, сен уктап жатканда аяз ата келип терезеге гүл тартып койгон тура, - деп мага терезенин айнегин көрсөттү. Чын эле сырт көрүнбөйт. Терезенин айнегинен бир да жылчык калтырбай, кооз гүлдөр менен ар түрдүү жалбырактын сүрөтү каптап калыптыр. Деги эле мындай сүрөттү биздин класстан эч ким тарта алгыдай эмес.

-Аяз ата кайда? - деп сурадым апамдан.

-Сыртта жүрөт. Шашкан бойдон кийинип жүгүрүп сыртка чыгып эки жакты карадым. Айлана аппак кар. Бак-дарактар ак тон кийген адамдай дүпүйөт. Ал жактан да аяз атаны көрө албадым. Бетим менен колумдун учтары, кулак, мурдум кошо бирөө чымчылагандай тызылдап чыкты. Бетимдин тызылдаганына чыдабай жылуу үйгө кайра шашып кире качтым.

-Аяз ата көрүнбөйт, кетип калган окшойт, - дедим апама таарынчымды билдирип.

-Эмне үчүн кетмек эле, - деди апам жай гана, - бетиң менен кулагыңды тызылдата чымчып ким кызартты?! Кызык. Көрсө кулак, мурдумду тызылдата чымчыган аяз ата тура.

## Суурдун тоюнда

(чоңдор жана балдар үчүн жомок)

Адамдарды тааныгандан бери, айбандарды жакшы көрөм.

(А. Шопонгауер).

Булбул чечен ой кылды,
Бүркүт батыр той кылды.
Алып келип аюну,
Кемегени каз деди.
Маймылга казан ас деди.

Молдо Кылыч.

Эми картаң суурдун үйлөнө элек эң кичине Чөндөлөйү калды. Аны да той кылып үйлөндүрүп коеюн деп карт суур булбул куш менен сагызганды баш кылып, бир топ куштарды кеңешке чакырды. Картаң суурдун бул оюн баары колдошту. Анткени тойдо булбул, торгойлор кубулжута сайрап, куштардын, айбанаттардын




каалаганынын баары болуп, жеп-ичип көңүл ачышат эмеспи.

Ошентип сагызганды «чакыруучу» кылып,

дайындап да алышты. Анткени сагызган ой тоонун баарын билет да. Сагызган эми «суурдун тоюна, суурдун тоюна келгиле» деп жар чакырып жүрдү. Карыган суурду бардык жан-жаныбарлар куштардын баары жакшы таанышаар эле.

Баягы суурлардын башчысы тура, баралы дешип жооп беришти.


Ошентип жай башталары менен той да башталып



кетти. Суурдун үйү да, ак карлуу тоонун этегиндеги бөксө адырларда болуп бир жагы токой, бир жагы талаа болуп жанында туптунук өзөн да боло турган. Өзөндөгү кур бакалардан тартып, асмандагы куштар, тоо токойдун жан жаныбарлардын уккандары баары жыйнала баштады.

Маймыл менен аюу жакын токойдо жашагандыктан алар баарынан мурда келип, аюу кемеге казып, маймыл казан асып, шашкалактап кашкулак жыйнаган чөп тамырлардан столго даярдады. Дайыма кур шылтоолорду айтып куру келчү түлкү да жумуртканы себетке салып көтөрүп келип, аюу алып келген балдын жанына койду. Жакын турган карышкырды болсо «Дайыма барган

жеринде чырчыгарат» деп сактанган сагызган аны айтпагандыктан карышкырдын келбей калганына эч ким капа деле болгон жок. Той башталып, башталбай эле торгой таң эрте асманга чыгып чулдурап, токойдон куштардын үнү да угулуп турду. Күн түш оой өзөндөгү бакалар да чардап, ээрчише келген эки турна өзөндө бийлеп да жатты. Келгендер даам татып ану-муну сүйлөп отурушту. Ошого карабастан карт



суурдун көңүлү анча ачылган жок. Анын да себеби бар эле. Илгери бүркүттүн тоюнда элик, кийикти мындай кой, ак илбирс баш болуп, арстан келип тойду башкарып, бүркүттөр катар тизилип, ак куу турналар топ-тобу менен учуп келишкен, ошондо жасанып отурган сулуу тоту куштун бири жок. Төрдө пыш-пыш этип сасык үпүп жалгыз отурат. Чакырылбаса да тобу менен келген ала канат майсалар өзүнчө жыргап, көзүнө көрүнгөндүн баарын сугунуп башкалардын алдындагы тамакка да жутунуп жатышты.

Тойго чакырган сагызганга көңүлү толбогон карт суур меймандардын өтө аз келгенинин себебин сурап көрдү. Ансыз да шакылыктагысы келип калган сагызган өз арманын айтып кирди.

-Оо урматтуу суур, көп нерсеге мен да түшүнө албай калдым. Тойго чакырып конокторду издеп аябай жер кыдырдым. Илгери бүркүттүн тоюнда да чакырчу болгомун. Анда ушул жакын эле жерден баарын таап чакырган элем. Эми болсо тээ бийик зоолордун башына жолборс баш болуп кийиктерге чейин качып кетиптир. Тойго чакырсам «суур адамдарга жакын жерде турат эмеспи. Эгер адамдардын көзүнө көрүнсөк көргөн күнүбүз эмне болот. Ансыз деле аз калдык», деп тойго келүүгө макул болушпай койду.

-Эмнегедир чөптүн тамыры да азайып кетти – деди кашкулак ортодон чыга калып.

-Ооба, -деди түлкү кашкулакты колдоп, Сагызганды сүйлөтө койбой күйө бала менен кызга издеп жүрүп жакшы гүлдөрдү араң таптык. Адатта үйлөнгөндөргө белек кылчу кооз канаттуу көпөлөктөрдүн бири да жок.

-Сагызганга капа болбоңуз. Сиз туура айтып жатасыз, деди эми маймыл да сөзгө аралашып бийлеп жатканын токтотуп. Адамдар мага окшош болгону

менен мээримдүү эмес. Ушундай тойдо алар бир деме ичип алса бар эмеспи, чакчелекей түшүп мушташып, көрүнгөн жерге оонап бирин-бири мерт кылып коюуудан да кайра тартпайт. Биз бири-бирибиздин буюмга такыр тийбейбиз. Адамдар биринин буюмун бири уурдап, дүнүйөгө көзү тойбой чогултканы чогулткан. Ошолор бизге жакшылык кылмак беле, -деп адамдардын кылыгына бир чети мылжыйып бир чети капаланып сүйлөнүп алды.

Адамдардын мындай мээримсиз жооруктарын мурдатан эле билип жүргөн аюу ичиндеги бугун чыгаргысы келди окшойт.

-Мага сүйлөсөм уруксатпы? - деп карт суурду кабагы салыңкы карады эле, суур шашып, - сүйлө аюуке, сүйлө, -деп чый-пыйы чыкты.

-Жакында эле мергенчи деген немелер атамды атып терисин сыйрып кетиптир. Өч алайын десем аларга окшоп курал жасай албайт экенмин. Эгер алардын куралы болбогондо колума тийсе бар эмеспи, -деп тишин кычырата андан ары сүйлөй албай мушун түйүп кезенди эле, коркуп кеткен түлкү:

-Капаланбаңыз аюуке, Жараткандан ушундай жаралып калсак кантелик?! Менин да туугандарымдын канчасынын териси адамдардын жакасында жүрөт, -деп аюуга көңүл айтып жатты эле.

Аңгыча сырттан таш баканын кечигип келе жатканын көрүшүп баары аны тиктеп калышты. Ташбака столго жеткиче бир топ сөздөрдү уккан экен наалып: **«Жараткандан коркуш керек!»** мен бир кезде эгин эгип саткан адам элем, таразадан алдап жүргөндүгүмдөн Жараткан менин үстүмө таразанын табагын жармаштырып таштап, эми мынтип ошонун айынан чуркамак турсун тез баса албай калдым. Жараткан эгебиз ар кимге жазасын бербей койбойт экен, адамдар дагы ушинте берсе биздин да көз жашыбыз адамдарды соо койбос-дей бергенде күрүлдөгөн катуу дабыш абаны жарып, айбандардын жүрөгүн түшүрө кулактарын тундуруп тик учак келатты. Асмандагы торгой тургай, өзөөндөгү кур бакалардын да үнү тып басылып куштар токойго уча качып, жан-жаныбарлар бары туш келди жан талашып качып баратты. Тарсылдаган үн чыгып аба жагымсыз жыттанып кетти. Көпөлөк менен аарыларды тик учактын шамалы эчак эле алыска учуруп, кооз гүлдүн тажылары чачылып кетти. Коркунучтан башка



эч нерсени сезе албаган таш
бака жонуна башын ката калды. Чочойуп отурган байкуш карт суур элейип эси кетип ал да эмне кылаар айласын таппай катуу чыңырып, чыңырып алып ал да ийнине кире качты. Эмне болуп кеткенин түшүнбөй ташбака жалгыз калды.

## Табият койнунда


Жайдын сулуу таңдарынын биринде көк ирим Көкарт дарыясын бойлой бетиме эркелете сылап соккон салкын желде миңген тору атымды бирде жортуруп, бирде жай гана бастырып, ак чокулуу тоолорго карап кызгалдагы жайнаган бөксөө адырларды кыялап кетип бараттым. Бууракандап аккан дарыя тээ төмөндө калса да анын сүрдүү дабышы алда кайдан угулуп турду. Каралма токойуна жете бергенимде жолумдан чыккан атчан карыя саламдашып учурашканыбыздан бери үн-сөзсүз ойлуу бастырып келет. Карыя да тээ тоолордун үстүндөгү сүйрөлүп жүргөн ак булуттарга суктана карагандай. Ак сакалы көкүрөгүнө түшүп, картайса да ак жүздүү ыраңынан кызылы кетпеген жүзүндө бир да тырышы жоктугу анын бала кезинен бери эле өмүрү тоодо өткөнүн айгинелеп турат. Мындай сүйкүмдүү карыя менен кимдин гана сүйлөшкүсү

келбейт. Мен да анын узак өмүрүндө жок дегенде кызыктуу кептен укканы бардыр деп ойлодум.

-Ата, -дедим акыры чыдамым кетип, сыпаа кайрылып. Тартынып сүйлөгөнүмдөн үнүм да пас чыкты. Өзү бир деме демейинче шашып кайрылганыма оңтойсуз да боло түштүм.

-Айтабер балам. – деди карыя үнүн жагымдуу чыгарып. Мен жандана түштүм.

-Аба, кызыктуу уккан билгениңиз болсо айта бастырбайсызбы!



-Аа узун жолду кыскарт дегенениңго балам. Анан бир аз үн катпай атын акырын теминип коюп

баратты. Бирок бул тынчтык көпкө созулбады. Карыя күмүш сакалын акырын экчеп коюп өзү жактырган бир аңгемеси бар окшойт, ошону баштап калды.

-Адегенде тоолорду колун жаңсап көрсөтө - ушул сүрдүү десең, сүрдүү, сулуу десең сулуу тоолорубуз ата-бабаларыбыздан бери бизге өзүнүн керемет сырларын айтпай билдирип, айтпай тасирлентип тарбиялап келатат. Бул тоолордун сырын билем десең жан жүрөгүң менен анын табиятын сүйө билишиң керек. Ошондо сенден сырын жашырбайт, балам. Кезинде бул жер жан-жаныбарларлар менен сан жеткис куштардын мекени экен, адамдар жаратылышты барктабай калгандан бери алар азайгандан азайып баратпайбы -деп аңгемесин андан ары мынтип баштады.

Ал кезде канаттуу куштар тобу менен учканда асман көрүнбөй калчу дешет. Ошондой заманда тоолук ата-бабаларыбыздын салтында кыз-ала качууну жат көрүшкөн экен. Эки теңтуш достор уулдуу болсок дос кылалы, бирибиз кыздуу, бирибиз уулдуу болсок кудалашалы деп жараткандан ак тилек тилеп үмүт кылышар эле.

Ошентип чоң атамдын атасынын аялы уул төрөп, досу кыздуу болот. Салтыбызда айткан сөзүн бек тутуу шарт эмеспи. Ошондуктан экөө кудалашат

экен. Кыздын энеси уз чебер болгондуктан кызын да өзүндөй тарбиялап өстүрөт. Чоң атамдын атасы чоң комузчу болгондуктан ал да өз өнөрүн баласынан аябайт. Баласы атасынын өткөн чебер комузчу болот. Эки жаш ата-энесинин макулдугу менен баш кошуп, ошондон кийин бирин-бири жактырып, тагдырларына ыраазы болушат. Бир күнү жигит жарынын себине келген кооз килем, саймаларын көрүп таң кала сурап калат. Айрыкча берген бет аарчысындагы сайылган куштун келбети учуп кетчүүдөй болуп өтө кооз сайылыптыр. Көшөгө, килемдерге кооз сайылган көпөлөк, оймо чийме сүрөттөр андан да кооз эле.

-Мындай чеберчиликти кайдан үйрөндүң эле? – дейт күйөөсү.

-Жараткандын жараткан табиятынан үйрөндүм. Карачы тоолорубуз, андагы өсүмдүк, куштар, жайнаган гүлдөр, кооз көпөлөктөр байкаган адамга не деген керемет. Бул болгону ошолордун сүрөтү эмеспи?!

-Табиятты канчалык сүйгөнүң көрүнүп турат, - дейт жигит.

- Табияттын сулуулугу, табиятты Жаратканда н башканын колунан келбес. Табиятты жанымдай эле сүйөм. Мени да ушул табияттын коздугун көрсөтүп

пенде кылып жаратканына Кудайга шүгүр келтирем,- дейт. Ушундай чебер, ыймандуу кызга кошулганына жигит аябай кубанып турду. Кыз акырын жигитке башын жөлөп суроо салды.

-Жеңелеримден сизди чоң комузчу деп уктум эле. Сиздин комузуңуздун үнүн уксам болоор бекен? – деп калат. Жигит аялына жылмая карап:

-Уксаң болот, сен сыяктуу мен да күүлөрүмдү табияттан алам. Эмесе сенин кооз саймаларыңа жооп болсун,- дейт да алды жактагы кооз токойдун жанындагы сулуу дөңсөнү көрсөтүп,- мен дайыма ошол жерде отуруп күү черткенди жактырам, комуздун күүсүн жан жаныбар куштар, жаратылыш да сүйүп угушат, - дейт. Экөө ээрчише келип гүл жайнаган дөңсөгө отуруп комуз черterден мурда жигит сүйлөп күүнү кайдан, кандайча күү чыгарарын баяндап кирет.

-Күүнү жүрөгүң менен ук. Өзүң айткандай адам баарын табияттан алат, табияттан үйрөнөт. Мен да күүлөрүмдү аккан дарыя менен булактын шылдыраган шылдырынан алам, гүлдөрдүн термелгени, булуттун көктө сызганы, жаркыган Ай нуруда, токой шуудуру да жүрөгүмө күү болуп куюла берет,-деп комузун чертип күүлөп кирет. Жигиттин бармактары комуз кылдарына тийгенде комуздун жагымдуу мукам үнүнөн желп эткен жел да тып

басылып, түркүн гүлдөр таажысы дирилдеп, гүлгө конгон көпөлөк да былк этпей, токой да күүгө кулак төшөп жымжырт болуп угат. Чиркин комуз ар түркүн кубулжуп куштардын сайраганын, бирде булактын



шылдырындай мукам сайрайт. Кыз акырын теребелге көз жүгүртүп өзөндүн боюнда бийлеп жаткан ак куу менен турналарды андан ары күүгө кулак төшөп элейип былк этпей турган элик менен чаарчыкты да көзү чалат. Анан кыз көктөгү сызып бараткан ак булутту көрүп анын да күү укусу келгендей бери

жылып келатканына таң калат. Бул учурда канаттуу куштар кыз жигитке жакын тегерене конуп, комуздун башына торгой коно калып комузга кошулуп кошо сайраган экен, - дегенде табияттын толуп турган мегилинде мындай окуялардын болгонуна ишенип, анан эле азыркы учурда табияттын кунары кетип, жан-жаныбарлардын аз калып баратканына жүрөгүм аябай ачышып, анда
санда гана учуп коно калган куштарга көз тигип бара жаттым.

## Илегилектер согушушпайт

-Жүр балам,-деди Тайлактын чоң энеси отурган жеринен таягына таяна өйдө боло берип,-тиги Малик аяш атаңа учурашып келели. Жыл сайын чоң энеси ушул күнү согуштан келген Малик аяш уулуна барып, жеңиш күнү менен куттуктап, аяш уулу менен кошо согушка кетип кайтпай калган уулун арман кыла эстеп алат. Тайлак да эс тарткан сайын атасын көп эстечүү болгон. Кээде айылга келе калчу кинолорду атам да кинодон көрүнө калар бекен деп тикирейип карап көрөт. Бирок атасы көрүнбөйт. Фашисттерге жини келеген Тайлак алардын кебете - кешпирин келтире буза тартып, ошондон бугун чыгарып алат. Эми ошолордун баракка тартылган сүрөттөрүн жыйнап алып, талаанын ортосу менен

кеткен ийри-бүйрү жалгыз аяк жол аркылуу чоң энесин ээрчип баратты. Тез эле маңдайдагы айылга жете келип, короодон кире бергенде, бакылдап сүйлөшүп жаткан кишилердин ичинен аяш атасы Маликти үнүнөн Тайлак тааныды да, чоң кишилерче салам айтты.

Небересин ээрчите келген аяш энесин көргөн Малик ордунан шаша-буша тура калып, сылтый басып келип учураша кетти. Тайлакты башынан сылап, өөп эркелетип да койду. Чоң энеси болсо колтуктай келген ак көйнөгүн Маликке кийигизип жатып:

-Менин уулум да силерге окшоп аман-эсен келсе болбойт беле, мен уулумду согуш үчүн төрөгөн эмес элем,-деп бышактап да алды.

-Кайгырбаңыз энеке, уулуңуздун ордун басар небереңиз бар эмеспи атасына да аябай окшош, уучуңуз кур эмес,-деп көңүл айткан болду Малик.

Тайлак да атасынын согуштан кайтпай калганына ээни кейип көзүнө жаш тегеренди. Муну байкаган Малик үнү каргылдана:

– Атаң фашисттердин далайын жерге сулайтып анан баатырларча курман болбодубу, жашык болбой атаң менен сыймыктана жүр,-деди. Отуруп жайланышкандан кийин Тайлак-Фашисттер

манамындай түрү суук беле, -деп ала келген сүрөттөрүн көргөзө баштады.

-О азаматтсың, сүрөттү сонун тартат турбайсыңбы,- бу фашистерди кайдан көргөнсүң? Тим эле ошолордун өзү-деди аяш атасы Тайлактын көңүлүн көтөрө сүйлөп.

-Кинодон ,-деди Тайлак

Аяш атасы Малик бир азга сүрөттөрдү карап унчукпай отурду да, анан негедир ыраңдары бозоруп, эриндери кыбырап, титиреген колдору менен шымынын багелегин тизесинен өйдө түрүп, бутуна байланган кайыш курду чечип, уланган жыгач бутун ыргытып жиберди да, ок тийип тытып кеткен жоон санын көрсөтө берди. Мултуйган, оңурайып ортосу чукурайган кебетеси суук бутту көргөндө Тайлактын денеси дүркүрөп, суу сепкендей муздай түштү. Жанында отурган кичинекей Гүлназ коркуп кетип, ыйлап жиберди да, апасына жармаша калды.

-Согуш деген ушул, тартсаң ушуну тарт!-дей бергенде:

-Жап ары, балдардын жүрөгүн түшүрбөй кебетеси суук согушуң курусун сенин,- деп кагып жиберди.

Ортону суук аралап баары тым-тырс отуруп чай ичкен болушту.

-Эми биз кайталы,-деди чоң энеси отургандарга

кайрылып. Эч ким каршы деле болбоду.

Чоң энесин ээрчиген Тайлак баягы келген жолу менен согушту мурдагыдан да жек көрүп, «эч качан тартпайм согуштун сүрөтүн, согуштун киносун да көрбөйм»-деп капалуу да, ойлуу да келатты.

Тайлактын көңүлүн ачкысы келгендей болуп табияттын май айындагы жумшак жели аны беттен сылап жатты. Асмандан ырчы торгой да сайрап жиберди. Тигине узун чөптөрдүн башына «чырт-чырт» этип коно калып, сарыала чымчык учуп жүрөт, куушкан көпөлөктөр менен гүлгө конгон аарылар талааны ого бетер көркүнө чыгарып турду. Көңүлү көтөрүлө түшкөн Тайлак көк асманды тиреген ак карлуу тоолорго, тоону улай кызыл-ала жашыл шиберлүү бөксө адырларга көз чаптыра ойуна ушул сулуулукту тартуу келе калды. «Тартам» деди Тайлак табияттын кооздугун тартам. Көктө сызган куштар менен бактын кылда учунда турган тиги эки илегилекти тартам. Алар бири-бирин жек көрүшпөйт, эч качан согушушпайт, согуш дегенди билбейт, жакында балапандарын ээрчитип көк менен сызып учушат, балапандары да атасыз калбайт, ушуну тартам, деп уясында улам-улам канатын кагып отурган илегилектерге суктана карап келатты.

Фрунзе. 1963-ж

## Байкуш мамалак

Алыскы түндүктөгү бир ак мамалак энесин аткан мергенчилерден коркконунан күрткүгө кире качып аран кутулду да, энесин күтүп жатып ачка бойдон үргүлөп уктап кетти.

Түшүндө дениз жээгинде энесин ээрчип жүрүптүр. Энеси балык кармап берип жүрөт. Эки алдынкы колу менен музду бекем таянып, тумшугун чулп этирип сууга малат да, улам эле килейген балык кармап чыгып мамалактын алдына таштап коет.



Мамалак болсо жей берип, жей берип эч бир тойгон жок. Анан энеси экөө пингвиндерди кубалап жүргөндө «тарс» эткен катуу добуш чыкты. Мамалак карай салса эки үч киши аларды көздөй — чуркап келе жатышыптыр.

— «Кач!» — деп катуу бакырган эне аюу күп этип кулап түштү. Мамалак түшүнөн чочуп ойгонуп кетти. Кечээки кайгылуу окуя түшүнө кириптир. Ачка болуп ойгонгон мамалак дагы эле

энесинин келбегенин көрүп аябай кайгырды. Ыйлап да жиберди. Көзүнүн жашы карга түшүп, муз болуп жатты. Бирок аны эч ким жыттагылап сооротконжок. Эркелеткен жок. Бир нерсе жегиси келди. Күрткүдөн чыгып акырын жылып жөнөдү. Ай менен кардын чагылышкан алсыз жарыгында мамалак эки жагын карап коюп, энесин издеп баратты. Кечээги энеси бакырып жыгылган жерге келди. Энесинен дайын жок. Муздун ар кай жери кызыл ала болуп калыптыр. Ары жакта аңчылардан калган бир эки балыкты жеп көрдү. Ачуу экен. Ачкачылыктан ошол балыктарды шам-шум эте койду да, анан өзү денизди көздөй жөнөдү. Энесине окшоп балык кармагысы келди. Тумшугун суугa малды. Көпкө убараланып жатып араң дегенде кичинекей бир балык кармады. Аны жеп болуп дагы бирди кармады. Анан күп этип кокусунан сууга түшүп кетти. Сууда сүзүүнү жакшы билчи эмес. Кулак мурдуна суу кирип ча-балактай баштады. Анан эптеп жатып деңиз үстүндө калкып бара жаткан музга тырмышып чыкты. Бир-эки силкинип астындагы муз менен кошо өзүнүн туулган мекенинен аргасыз алыстап, асмандагы Айды аянычтуу тиктеп, каякадыр кайгылуу кетип баратты...

## Ууру түлкү, каракчы карышкыр

Түн кирди, короочу дөбөт да таттуу уйкуга батты. Ушуну эле күтүп отурган куу түлкү тоокканага жойлоп кирип, жумуртткага аябай тоюп, кетеринде эки тоокту колтугуна кысып, акырын жылып чыгып кетти. Жолдо бараткандa кокусунан алдынан карышкыр чыгып:

– Оо түкө, дагы эле уурулугуңду койбой жүрөсүңбү? Колтугуңдагы эмне, бери узат деп– түлкүнү коркута баштады.

– Урматту каке, –деди түлкү жойпуланып,– уурулук эмес, сизге алып келе жаткан белек эле деп – эч качан колго түшпөгөн куу түлкү азыр да колундагы тооктун бирин карышкырга бере салып,

«Урууну каракчы коркутат деген ушул» деп кутулуп кетиптир.





# Адептүү бол

## Ырлар

## Саламдашуу

Сараң адам чынында
Салам айтсаң карабайт
Жок дегенде жылмайып
Караганга жарабайт.
Ыйман качып андайдан
Суук шамал аралайт.
«Салам-Алик» актилек
Улууларга салам айт.

## Адептүү бол

Адептүү бала сүйкүмдүү,
Бой көтөрбөйт, оолукпайт.
Пейили жакшы бала үчүн,
Жамандыкка жолукпайт.
Жакшы сөз сүйлөп дайыма,
Кишинин көөнүн оорутпайт.

Чоң муштум болуп ар кимге,
Чокчоңдобой жүргүнүң.
Оройлук оору экенин,
Ойлоп көрүп билгиниң.
Табиятты бапестеп,
Ата-энеңди сүйгүнүң.
Адептүүлүк башкадан,

Сурабай буюм албастык.
Чөнтөгүн аңдып бирөөнүн,
Ач көздүкө барбастык.
Ыймансыз рекет бала,- деп,
Жек көрүнүп калбастык.

Жакшы жүрүп, сарамжал,
Чачылганды жыйнамак.
Кулак төшөп кунт коюп,
Карынын сөзүн тыңдамак.
Адеби жок чоңойсо,
Адамдык сапат кыйрамак.

**Байкап жүр**

Тоого барам десе иним,
Токтоно албай кубанам.
Тоонун сырын билбейт ал,
Айтпай кантип тура алам




Токоюнда куштар бар,
Чочутпай ук үндөрүн.
Бүлдүрүп, үзүп сындырба,
Чоктой кызыл гүлдөрүн.

Тоонун суусу шар агат,
Кечем дебе шашылып.

Адам эмес атты да,
Кээде кетет агызып.

Кулун көрсөң ойнойм деп,
Куйругунан тарпагын.
Тээп ирет чочуса,
Энесинен башкасын.



Чөптэ жылан сойлосо,
Кармап алба, ойнобо.
Заары болот тишинде,
Чакпайт бул деп ойлобо.

Кармап алып каалаçаң,
Таш баканы жарыштыр.
Этият болуп, эстей жүр,
Ээн жерде карышкыр.

Чыгам деп жалгыз аскага,
Жаман жорук баштаба.
Кулап кетип жүрбөгүн,
Ишенип болбойт ташка да.
Барсаң иним байкап жүр,
Тоонун сыры башкача.

## Балалык

Күлүк тай болуп жел менен
Жарышып өсөт балалык.
Табият менен сырдашып
Таанышып өсөт балалык.

Шибердүү гүлдү аралап
Ойноп өсөт балалык.
Жактырып кокту – колотту
Жойлоп өсөт балалык.



Окуп Марска жетем деп
Ойлоп өсөт балалык.
Мекенин даңктап, ардактап
Ырдап өсөт балалык.

Күрөшүп күчүн мелдеште
Сындап өсөт балалык.
Күн өткөн сыйын бой тартып
Чындап өсөт балалык.

Бүлдүркөн терип чалканга
Чактырып өсөт балалык.
Эрдигин айтып Манастын
Жактырып өсөт балалык.

"Эне тилим ыйык" деп
Баалап өсөт балалык.
Кыргызмын деп өз салтын
Каалап өсөт балалык.

Жамандыктан ар дайым
Алыс өсөт балалык.
Жакшы сөз айтып, чын айтып
Калыс өсөт балалык.

Санжыра сөздү кулакка
Илип өсөт балалык.
Ыйман менен адепти
Билип өсөт балалык.

Окуп илим – билими
Тереңдеп өсөт балалык.
Жакшы ой ойлоп, максатка
Жетем деп өсөт балалык.

Ата энесин урматтап
Сүйүп өсөт балалык.
Жакшы адамдын артынан
Жүрүп өсөт балалык.
«Токто» десең токтобой
Күлүк өтөт балалык.

## Ыйман деген эмне?

-Ыйман деген эмне?
-Тазалыгы дилиңдин.
Беш парызын унутпай,
Жүрүү керек диниңдин.

-Ыйман деген эмне?
-Убал, соопту ылгамак.
Ата- эне, улуу-кичүүнү,
Урмат кылып сыйламак.

-Ыйман деген эмне?
-Уурулуктан алыс бол.
Чындыкты айтып дайыма,
Ар бир ишке калыс бол.

Адамда ыйман болбосо,
Адамдыгы не пайда.
Жаратканды билбесе,
Жаралганы бейпайда.

## Ынтымак деген эмне

Динибизге карабай,
Тилибизге сынтакпай,
Кыйынчылык иштерде,
Чилдей качып тарабай,
Дүйнө, мүлккө кызыгып,
Урушпай да талашпай,
Адам ата, Обо эне
Сүйүп тапкан баладай,
Бекем тутуп ыйманды,
Бирге жүргөн -**Ынтымак**

## Сооптур

Жараткан Алла-Эгебиз,
Билип алган сооптур.
Кайсы жерден болсо да,
Илим алган сооптур.
Улуунун сөзүн кулакка,
Илип алган сооптур.
Эне –атанын ардайым,
Тилин алган сооптур.


Жакшылыкты коңшуңа,
Каалаганың сооптур.
Насаат айтса жакшы адам,
Баалаганың сооптур.

Табиятын мекендин,
Сүйгөндүгүң сооптур.
Жакшы бала аталып,
Жүргөндүгүң сооптур.

## Күнөөдүр

Биссимилда, келмени,
Билбей жүрсө күнөөдүр.
Адептүү болбой, ыйманга,
Кирбей жүрсө күнөөдүр.
Өз кийимин тазалап,
Кийбей жүрсө күнөөдүр.
Жан –жандууга аябай,
Азап кылса күнөөдүр.
Кудай кылган майыпты,
Мазак кылса күнөөдүр.
Жалган сөзгө кулакты,
Түрүп жүрсө күнөөдүр.
Киши эшигин чертпестен,
Кирип жүрсө күнөөдүр.
Ата –энеңди алайып,
Караганың күнөөдүр.
Жалкоолукту жашыңдан,
Самаганын күнөөдүр.
Жамандыкты башкага,
Каалаганың күнөөдүр.

## Турбайбы



Жазып, окуп отурсаң,
Китеп сонун турбайбы.
(Барпы)

Жакшы китеп окусаң,
Акыл болот турбайбы.
Эмгек кылбас жалкоолор,
Жакыр болот турбайбы.

Бай болуп жардам бербесе,
Бакыл болот турбайбы.
Кыштын күнү кар жааса,
Жерге сонун турбайбы.
Жаз келип эгин жыйналса,
Элге сонун турбайбы.

Түн ичинде Ай чыкса,
Айдың болот турбайбы.
Жалган сөзүң билинсе,
Айбың болот турбайбы.

Киши акысын уурдап,
Жебеш керек турбайбы.
Уят сөздү бирөөгө,
Дебеш керек турбайбы.

Жаш балдарга улуулар,
Кеңеш берет турбайбы.
Ойлонуп иш кылбаса,
Убара болот турбайбы.
Иштебей акча сураган,
Дубана болот турбайбы.
Уурулугуң билинсе,
Ошондо кудай урбайбы.

Жакшылык кылсаң адамга,
Жардам болот турбайбы.
Ыйман менен өскөнүң,
Пайдаң болот турбайбы.
Ыйманы жок өскөндөр,
Айбан болот турбайбы.

**Кесип жөнүндө**

Кыздар кесип үйрөнүшөт,
Ээрчип жүрүп апасын.
Калпак жасап, ак көйнөктүн,
Кантип тигет жакасын.

Эстүү бала бул да үйрөнөт,
Угуп, жандап атасын.
Минген аттын кантип жасайт,
Ээр менен такасын.



Дыйканчылык, малчылык бар,
Багбан жана балчылык.
Бул кесипти үйрөнгөндүн,
Жашоосунда жакшылык.

Жоокер жүрөт күзөтүндө,
Эли тыптынч жатканда.
Матрос айдап чоң кемесин,
Учкуч учат асманда.



Мугалим, уста, ширеткичи,
Айдоочу жана доктурлук.
Комузчу ырдап, күүсүн чертсе,
Инженери жол куруп.



Айта берсек көп кесиптер,
Пайдалуу ал чеги жок.
Үйрөнбөсөк кесип сүйүп,
Элдер айтат- **«эби жок!».**

## Кокуйбек

Көрсөтүп мушун бирине,
Бир бала жүрөт тигине,
Окуучу деп ойлобойт,
Караган адам түрүнө.
Айткан насаат, жакшы сөз,
Кулагына кирбеген.
Көп көрүп жаман кинону,
Эс – акылы кирдеген.
Адептүү болуп сылык сөз,
Сүйлөгөндү билбеген.
«Рекетмин» десе менсинип,
Уялат кыздар «кокуй» деп.
Жакшы аты өчүп андыктан,
Аталып калды Кокуйбек.

## Күлүп баары каткырды

Жашылчада жер-жемиш,
Витаминдер көп болот.
Аны жеген баланын,
Ден-соолугу бек болот.
Деп мактанып Майрамбек,
Сатып келсең жеп коёт.

Аны угуп достору,
Айткан сөзүн жактырды.
Өсөт десе дүкөндө,
Күлүп баары каткырды.

## Терс мүнөз

Акыбетин ойлобойт,
Кылып жаткан ишинин.
Маанисиз, дейди сүйлөсө,
Ачуусу келет кишинин.

Эки жагын көп карап,
Эч себепсиз элеңдейт.
Шашып сүйлөйт, алактайт,
Мактанып «мен элем» -дейт.

Ыксыз ыйлап чаңырат,
Күлсө катуу каткырат.
Окубайт ошол-билимсиз,
Жалкоолукту жактырат.



Моюну кир, чач өскөн,
Ким сүйөт мындай баланы.
Урматтабайт улууну,
Терс мүнөзүн карачы.

## Эстүү бол

Эстүү бала эч качан
Кулачтабайт эшикти,
Жөлөнбөйт да, бойлобойт.
Шайтандын үйү - күлдөбө,
Жаман жерде ойнобойт.

Кедей болуш ушундан-
Малды тепсе, кордосо.
Ооруу болот ким эгер-
Шыпыргы менен чабышып,
Ыпылас жерде ойносо.

Караңгыда ышкырып,
Үйгө кирсе жүгүрбөйт.
Күйгөн очок, агын суу-
Ыйык болот, түкүрбөйт.

Күн чыкканча уктаса,
Ырыскыга жарыбайт.
Сыркоолоп калган баланы,
Ысырык салып даарылайт.

Тамак жеп жатып керилбе,
Итаякты теппегин.
Нанды ыргытып, ак сүттү,
Убал болот төкпөгүн.

Кир колуң салып оозуңа.
Эшикти ачсаң – теппегин.
Эрте-саар тамакты,
Бышса таштап кетпегин.

## Ысырап деген эмне?

Эгер келме билбесең
Диниң болот ысырап.
Ниетиң таза болбосо
Дилиң болот ысырап.
Жалган сөздү сүйлөсөң
Тилиң болот ысырап
Окубасаң үйрөнүп
Илим болот ысырап.

Иштетпесең жакшылап,
Жериң болот ысырап.
Убагында жыйбасаң,
Эгин болот ысырап.
Ынтымагы болбосо,
Элиң болот ысырап.

Булгасаң, бекер агызсаң,
Сууң болот ысырап.
Эсебин таппай чачкандан,
Пулуң болот ысырап.

Тойуп алып ыргытсаң,
Наның болот ысырап.
Жакшылап карап бакпасаң,
Малың болот ысырап.
Ден соолукту сүйбөсөң,
Жаның болот ысырап.

## Бейбаштык

Жаман сөз  айтып, жөөлөшүп,
Ашынганын бейбаштык.
Уруксатсыз буюмга,
Асылганың бейбаштык.

Өзүңдөн кичүү иниңди,
Сабаганың бейбаштык.
Жат эшигин шыкалап,
Караганың бейбаштык.

Жан жаныбар куштарга,
Таш атканың бейбаштык.
Бөөдө жанын оорутуп,
Какшатканың бейбаштык.

Моюн толгоп улууга,
Тил албаган бейбаштык.
Тартиптүү болуп көчөдө,
Жүрө албаган бейбаштык.

## Эмне жакшы

Колуңда жок тулпардан
Короодогу ат жакшы
Короңдогон досуңдан
Кол алышкан жат жакшы
*Сунсак начар китептен*
*Сурашып жазган кат жакшы*
Бай болуп бербес сарандан
Кедей да болсо март жакшы
Жатып ичээр жалкоодон
Жакшы болоор дарт жакшы.

## Эмне жаман

Жаман айтып ортого,
Чагым салган сөз жаман.
Дүнүйөсүнө бирөөнүн,
Сугун арткан көз жаман.

Опурулуп сүйлөгөн,
Орой сөздүү тил жаман,
Рекет болуп ар кимден,
Жыйнап алган пул жаман.
Теңтушуна кыйынсып,
Бой көтөргөн – бул жаман.

Ата – энеси карыса,
Карабаган эң жаман.
Жакалашып мушташа,
Эки бала тең жаман.

## Кийиз кулак

Абайлабай кирдетет,
Кийим кийсе кечээ эле.
Айтканды укпайт кулагы,
«Сабак оку» десе эле.
Укпаган кежир баланы,
Кийиз кулак дечү эле.

# Кесирлик

Ак нан турса "торт тап" деп
Ыйлаганың – кесирлик
Күндө жаңы кийем деп
Кыйнаганың – кесирлик.

Тойсоң "тамак даамсыз" деп
Танып турсаң – кесирлик
Бой көтөрүп курбуңду
Чанып турсаң – кесирлик.

Дептер, китеп, билимди
Баалабасаң – кесирлик
Дени сак туруп окууну
Каалабасаң – кесирлик.



Бар нерсени барктабай
Кыла берсең кежирлик.
Кежирликтин айынан
Келип чыгат кесирлик.

Кесирленген адамдын,
Пейили бузук тар болот.
Эмнеге кылса кесирлик,
Кесири тийип зар болот.

## Дөдөй деген эмне?

Адам болуп адамды
Сүйбөгөндү дөдөй дейт
Сөзгө маани бербестен
Сүйлөгөндү дөдөй дейт.
Ата-эне, Мекен кадырын
Билбегенди дөдөй дейт.

Эне тилин, улутун
Унутканды дөдөй дейт.
Бар дүйнөнү барктабай
Курутканды дөдөй дейт
Айбы жок каралап
Урушканды дөдөй дейт.

Минген атын башына
Чапкандарды дөдөй дейт
Илим менен кесипти
Чангандарды дөдөй дейт.
Дос, тууганын барктабай
Тангандарды дөдөй дейт.

Аккан сууну арамдап,
Булгаганды дөдөй дейт.
Акыл айтсаң кашайып,
Укпаганды дөдөй дейт.
Айткан акыл дээрине,
Жукпаганды дөдөй дейт.

## Алма

Алма тиксем өстүрүп
Ийилип мөмө байлады.
Күз келгенде кызарып
Көргөндүн көзү жайнады.

Курбум көрүп кызыгып
Таттуу бекен? жегиз дейт
Курту бар,- десем алманын
Караңгыда жейбиз дейт.

## Милдет жана илдет

Сылык сүйлөп сыйлашуу – милдет экен,
Орой өсүү обу жок – илдет экен.

Чыңдап жүрүү денени – милдет экен,
Чылым, кумар чыныгы – илдет экен.

Адал ичмек, тазалык – милдет экен,
Баалабасаң ал дагы – илдет экен.

Ыйман сактоо, сабырлык – милдет экен,
Калпычылык, уурулук – илдет экен.

Кечиришүү бир – бирин – милдет экен,
Жалкоолукту жактырган – илдет экен.

Илдет – оору аны го билесиңер,
Милдетти кандай ойлоп жүрөсүңөр?!

## Чал менен казан

Эрте келип азандан,
Жалтыраган казандан.
Сатып алып кайтыптыр,
Чал үйүнө базардан.

Көк эшеги кыдыңдайт,
Казан, чалды көтөрүп.
Чал сүйүнүп кудуңдайт,
«Кемпирге эрте жетелик».

Жолундагы көпүрө,
Араң турчу солкулдап.
Аны көрүп чал сүйлөйт,
Эт жүрөгү болкулдап.

- Көпүрөдөн казанды,
Сындырбай өтүп алайын,
Жардам бер кудай жолуңа,
Бир улагым чалайын.



Өтүп алып чал күлөт,
Таныптыр азыр айтканын.
- Өзүм деле өтмөкмүн,
Алдадым, кудай алдадым!

Оозун жыйып алгыча,
Эшеги үркүп жыгыптыр.
Кемпирге жетпей казаны,
Бөлүнүп эки сыныптыр.

Ыйлайт анда абышка:
-Үркүткөн кандай эме? –деп.
Кечирсең болмок кудайым,
Тамаша кылдым эле, -деп.

## Сөз маанисинин икаясы

Көргөн түшү падышаны ойго салат
Түшүндө тиштери бүт түшүп калат.

Бирөө жоорup: Түшүңүз калпыс деди
«Туугандардан ажырап каласыз жалгыз» деди

Сөлтүк сөзгө падыша болуп капа,
-Ылайык,- деп буйруду зындан сага.

Бирөө жооруйт: Оорубасын падышам көңүлүңүз
Туугандардан узунураак өмүрүңүз.

Падыша ушул сөздү туура көрүп
Узатты сөз тапканга сыйлык берип.

Сөз кадырын билбеген каап сүйлөйт
Сөз маанисин түшүнгөн таап сүйлөйт.

## Китеп окуган менен китеп жыйнагандын икаясы

Эки бала окуйбуз деп бир чоң шаарга жөнөптүр,
Эне-атасы камын көрүп, окууга акча төлөптүр.

Бирөөсү анын окуп, билип, акылына түйүптүр,
А беркиси китеп тандап, жыйнап коюп жүрүптүр.

Жылдар өтүп кайтышыптыр жалдап алып араба,
Бир чоң суугa туш келишет, агып жаткан талаада.

Айла барбы, атты айдап өтмөк болду дайрадан,
Кайтмак беле арт жагына, үйгө барбай кайрадан.

Аңтарылып арабасы китеп суугa агыптыр,
Агып кетпей, өздөрү араң, аман-эсен калыптыр.

Айтпасам да билдиңерго кантип билим алмакты,
Китеп жыйнап окубаган, тиштеп калды бармакты.

## Макоо кылык

Кезинде бир чоң ууру болгон экен
Эл ичин эч тынчытпай койгон экен
Эмгек этпей «арам тамак-ууру» атыгып
Эки бети саландап тойгон экен.

Тынчытпаган ууруну байкуш элди
Хан каарданып кармоого буйрук берди
Айтканы хандын эки болмок кайдан
Жигиттер чоң ууруну кармап келди.

Койсо айыпты мойнуна арга барбы
Хан буйругу – ууру акең дарга барды
- Уруксат бер атама коштошойун –
Деди да ууру атасы чалга барды

- Атаке, ууру атасын карап туруп
Тилиңди өбөйүнчү койчу сунуп
Атасы тилин сунуп чыгарганда
Баласы тилден тиштеп алды жулуп

Хан көрүп: - мунуң эмне макоо кылык,
Өз атаңды сен өзүң сакоо кылып?
Ууру айтат: «Жаш кезимде алма уурдасам,
Ушул - тил койгону жок мени тыйып».

Хан анда туура болду деген экен,
Бул окуя бир кезде болгон экен.

## Тилиме байла

Бир атчан жол жүрүп алыс жактан,
Жолукту эшекченге келе жаткан.
Сүйлөшүп бири – бирине эрмек болду,
Айтышып ар нерсени өткөн баштан.

Мактанып эшекчени "баймын" деди,
Көрүнгөн тиги менин айылым деди.
Үй тушуна келгенде кур мактанып,
Конок болуп бир күнгө калгын, деди.

Аттан түшүп жолоочу чалды карап,
-Атымды айтчы, анда байлайм кайда?
Улагы жок чал байкуш айла кетип,
-Тилден кеттим – дебеспи – тилге байла.

## Халифанын жоомарттыгы

Аалы чыгып кезинде саякатка,
Төөдөн түшүп, эс алып өргүп жатса,
Кедей келди жарты нан кайыр сурап,
Колун сунуп, жалдырап, "Болдум ачка".

Халифа Аалы карап кызматчыга,
Нан бергин дейт тойгузуп кайырчыга.
-Наныбыз төө үстүндө, жүктө,- деди
-Төөгө кошуп ал нанды бергин ага.

-Төөлөрдү бири-бирине байлаштыргам,
Чечилбейт мен айласын кандай кылам?
-Нанга кошуп, чиркешкен төөлөрдү бер,
Аткар, - деди Халифа буйрук кылам.

Шашып кетип төөлөрдүн жибин чечип,
Ыргытты Канбар колун титиретип,
-Неге колуң титирейт? – десе Аалы,
-Коёт депмин мени да кошо берип.

## Чындык сөз

Бир сопу келе жатса эшек минип
Суроо салат бир пенде карап, күлүп
–Эшегиндин буттары канчоо сопум,
Көрбөгөнмүн эшекти мындан күлүк?



Сопу акең, эшегинен түштү дагы
-"Бир, эки...төрт" буттарын кармап санап
Болгон сон,, колун кагып таза кылып
"Төртөө экен"-деди анан өйдө карап.

-О сопум койдум эле тамашалап
Түшпөй эле айтсаң не, жүрбөй санап?
-Чындыкты айтыш үчүн-деди сопу-
Өзүң көр, же кармап бил эң оболу

## Түшүнүк жөнүндө

Суу жээгинде чоң таш жатат тегерек.
Чегилиптир изи али кетелек.
Качанкы таш? Неге тийген пайдасы?
Башы катат, көргөндөргө «не?» десек.

Бирөөсү айтат: «жөн эле бир жаткан таш»,
Беркиси айтат: «түшүнбөдүм катты баш».
Кызыкпаган дагы бири үн катпайт,
Деген өңдүү «таш бул жаткан артык баш».

А таш өзү түшүнгөнгө сыр айтат:
-Мен биринчи өнүгүүнүн башы элем.
Кылым бою эмгек кылып адамга,
Тегеренген тегирмендин ташы элем.


Окубас билбейт, көп нерсени түшүнбөйт,
Суроолорго жооп табалбай бүшүркөйт.

## Мекен ташы

Искендер өзү ээрчиткен колу менен
Баратты тоо боорунун жолу менен
Булактын шылдыр аккан суусун көрүп
Түшүптүр суу ичүүгө тобу менен

Кокуч толо, суу ичип, мооку канып,
Булактын ташын тиктейт, көрүп калып.
Аппак таш, ат башындай, сыйда, сулуу,
«Коздотсом» дейт сарайга, алып барып.

Бетине кооз оймо ойдурганы
Сарайдын эшигине койдурганы
Чакырып жигитине берди буйрук
«Казгын» деп колун шилтеп койдудагы




Ангыча бир абышка жетекелип
Сүйлөдү Искендерге салам берип:
– Булактын керемети – ушул ташта,
Касиетин кетирбе, ташты ташта.
Тирүү туруп мекеним ташын бербейм,
Ансыз деле бир күнү өлүм башта.

Бир ташына мекендин башын сайган,
Жоокеримдин кэсинен кыйын экен,-
Деп Искендер баа берип абышкага,
«Тийбедим, ал ташыңды!» деген экен.

## Ааламды кыдырып көрдүм деген кумурсканын икаясы

Бир жалбырак сабагынан учуп көлгө түшүптүр,
Бир кумурска ага отуруп, саякаттап жүрүптүр.



Жел желп этсе көлдүн бети чыбырчыктайт, толкундайт,
Саякатчы кумурсканын «кайыгы» да солкулдайт.

Жээк бойлоп сүзүп барат, каякадыр жалбырак,
Жээкте таштар кумурсканы аябай таң калтырат.

Узак сүзгөн кумурсканын жетер чеги болбоду,
А кумурска «бүт ааламды кыдырдым» деп ойлоду.

Ар бир бала акыл калчап, таразалап караса,
Бардык нерсе көлөмүнө, абалына жараша.

Канча илимпоз асман тиктейт кыялынан бошонбой,
Кең ааламда биздин дагы Корабилдер ошондой.

## Ач көз келемиш жөнүндө тамсил

Бир келемиш ийин казган чоң болучу абыдан,
Ага эч ким тең келбептир ач көздүгү жагынан.

Жашоочу эле чоң жаңгакты сая кылып түбүндө,
Жыйночу эле дүнүйөсүн тамыр асты – үйүндө.

Жаңгак бышып, күзүндөсү үйүнө бүт ташыптыр,
Үйгө толуп жыйнаганы, өзү батпай калыптыр.

«Кеңейтем» деп үйүн анан, казат жаңгак тамырын,
Тамыры жок жаңгак кантсин, куурады да акырын.

Кийинки жыл жаңгак болбойт, кuураган соң тамыры.
Келемиш да ачка калат, ачка калса жашамакпы акыры.

Табиятты жабыркаткан аны менен коштошот,
Бул тамсилим жаңгак кыйган токойчуга окшотот.

## Жаратылыштын баркын билген карыя

Жел желп этсе, алма бакта шыбырашат жалбырак,
Көктө торгой, шакта булбул сайрап тилин талдырат.
Гүлгө конуп, шире соруп аары менен көпөлөк,
Көлдү бойлоп, сууда ойноп аккуу моокум кандырат.

Тоодон өйдө булут чыкты, айдайт шамал камчылап,
Бир заматта алай-дүлөй булуттан суу тамчылап
Анан булут тарап кетти. Күн да батты уяга.
Ай жарк этип, көктө жанды сан жетпеген шамчырак.

Ушул аалам жаралган деп кооз жана ажайып,
Шүгүр кылат бир карыя көктү карап кол жайып.


## Жаратылыштан кемчилик издеген атеистин окуясы

Сопу, атеист ар демеден кеп салып,
Алма бакта отурушту эсти алып.

Сопу айтат: Жаратылыш эч айыпсыз ажайып,
Табалбайбыз ойлоп туруп табияттан эч айып.

Анда атеист: Айтып берем айыбы бар билгенге,
Туура болмок чоң даракка чоң дарбызды илгенде.

Чоң бутакка илгени эмне? ушул муштай алманы,
Же илсечи ашкабакты, чоң эмеспи салмагы.



Алма уктубу, укпадыбы аны кайдан ким билет,
Алма үзүлүп атеистин чокусуна бир тиет.

-Сөзүң чындык турбайбы,-дейт анда атеист сопуга,
Не болмокмун же ашкабак, дарбыз тийсе чокума.

## Байкабастык тууралуу

Бир тикмечи белек кылып, ханга чапан тигиптир,
Сүйүнгөндөн, байкабастан хан тескери кийиптир.

Өзүн көрүп күзгүдөн хан ачууланат экен да,
Тикмечини уруп, сабап каарданып кириптир.

-Айыбым не?! мени сабап белек үчүн урганга,
Байкап кийиң, кооз чапан болмок беле мындан да

Оңдоп кийип хан кубанып, өз айыбын билиптир,
Тикмечинин акысына алтын, күмүш тийиптир.

Шашкан ишиң байкабастан кээде уятка калтырат,
"Шашкан калат уятка" деп элде макал айтылат.

## Сулайман менен кумурска

**Сулайман - Тоо**

Тоонун пири-Сулайман,
Тынчтык тилеп кудайдан.
Чалкалап жатат пайгамбар,
Кеткиси келбей бу жайдан.
Автор

Сулайман өзү баштап,
Ээрчиген колу менен.
Баратты тактысына,
Тоодогу жолу менен.

Кумурска бут астынан,
Кыйкырат чебеленип.
Качкыла Сулаймандан,
Каласың тебеленип.

Сулайман болуп ылдый,
Сураптыр –кимсин, атың?

- Эмне үчүн өзүң качпай,
Буларды качырасың?

- Сен болсоң жин, жандуунун,
Пайгамбар жана шахы.
Мен болсо кумурсканын,
Кымындай падышасы.

Билсеңиз булар менин,
Алдымда кызматкерим.
Болгон соң падышасы,
Элиме төгөм мээрим.

Таң калып шах Сулайман:
-Үйрөндүң кайдан аны?
-Кызматым элим үчүн,
Пайдасын көрсүн баары.

Деп анан Сулайманга,
Кумурска суроо салат.
- Аллага түбөлүк даңк!
Сурадың не аманат.

- Өзүмө тиледим мүлк,
Бир менден башкада жок.
Ааламга пайгамбармын,
Падыша жок өзүмө окшоп.

-Сендейлерге андай мүлк,
Миң эселеп чачкандан.
Казынасы коробос,
Жараткандын эч андан.

Болуптурсуң падыша,
Бул ааламга бир өзүң.
Анын мага жакпады,
Бакылга окшоп мүнөзүң.



Сурадың дагы эмнени,
Алланын молдур бергени.
Убадасы Рахимдин,
Сураганды бермеги.

-Булутту баш ийдирди,
Кубанам бактым менен.
Көтөрүп учуп жүрөт,
Кызматкер, тактым менен.

- Сүйүнбө булут минсең,
Байлык, бийлик булут билсең.
Шамалча тарап кетет!
Дагы айтчы эмне берген?

- Билүүгө аалам сырын,
Колума шакек берди!
- Асылташ –анын сыйкыр,
Мактоого ошол кеппи?

Сулайман аң –таң болуп,
Дейт экен кумурскага:
-Билесиң дагы эмнени,
Акылың айтчы мага.

Кайтарам кошунум менен,
Түн ичи кирпик какпайм.
Керт башым, жыргалым үчүн,
Элимди эч бир сатпайм.

Алсызды тебелеген,
Күнөөгө батмагы бар.

Баарынын жаны бирдей,
Адам да, бүт жаныбар.

Жараткан Алла эгемдин,
Ааламы кенен тура.
Деп анан кумурсканы,
- «Даанышман» -деген тура.

## Ай менен бычмачы
## (жомок)

Ушул биздин жомокто,
Бир бычмачы бар экен.
Тиктирсем деп бир көйнөк,
Хан кызы да зар экен.

Анын тиккен көйнөгү,
Өтө кооз болчу экен.
Ар түс берип кубулуп,
Көңүлгө куп толчу экен.

Тиктирсем деп бир көйнөк,
Асмандагы ай дагы.
Көп суктанып көйнөккө,
Кетип жүрдү айласы.

Түшүп келди бир күнү,
Бычмачыга жалдырап. –

Тигиңиз мага бир көйнөк,
Өз көйнөгүм жалтырак.

Макул болуп бычмачы,
Айдын боюн ченеди.
Даяр болот көйнөгүң,
Бир жумада кел эми.



Айткан күнү ай келет,
Тигилгенде көйнөгү.
Кичине келип батпады,
Туура келбей өлчөсү.

Жаңы көйнөк кийем деп,
Апта сайын ай келет.
Батпай көйнөк таптакыр,
Улам тиксе тар келет.

Чоң көйнөк тиксе бир күнү,
Ай илмийип калыптыр.
Айга көйнөк быча албай,
Бычмачы байкуш карыптар.

## Ширин палоо

Теңтуш болуп жүрчү экен,
Тээ илгери бай, малай.
Бирге отурса күлүшүп,
Тамашасы бир далай.

Бай малайга бир күнү,
Кубандырып кеп салат.
-Бүгүн палоо басалы,
Жакшы иштедиң-деп калат.

Кобурашып ошентип,
Палоо жемек болушту.
Ширинирээк болсун деп,
Корозду да союшту.

Боркулдатып заматта,
Бышырышты палоону.
Демделсин деп жакшыраак,
Өчүрүштү алоону.


Анан байы кеп баштайт,
-Палоо аз го? -деп баштайт.
Шерттешели кел малай,
Уткан адам жеп таштайт.

Акыл ойлоп баятан,
Шертин айтат бай анан.
Жесин ашты түш айтып,
Таң калтырса ким анан.

Ачка жаты малайы,
Уйку келсин кайдагы.

Эми малай уктайт, -деп,
Жатып алды бай дагы.

Уйку канып бай анан,
Түрткүлөдү малайын.
-Угуптур эми түшүмдү,
Укмуштун көрдүм далайын.



Мен түш көрүп карасам,
Айга учуп баратам.
Алты кабат турбайбы,
Асманды мен санасам.

-Сизди көрүп, -дейт малай,
Алыс кетти деп койдум.
Айдан көптө келет, -деп,
Мен палоону жеп койдум.



## Сүрөтчү булуттар

Көк асманда ак булут,
Деңизде сүзгөн кемедей.
Тармал булут тегерек,
Кадимки эле тебетей.

Жал, куйругун сапырган,
Тиги булут –күлүк тай.
Кызыл булут жалбырттап,
Коломтонун отундай.

Түтүнү сымал айылдын,
Кара булут дөөгө окшойт.
Ээрчишип жүргөн булуттар,
Аюу, тайлак, төөгө окшойт.

Караймын түркүн булутту,
Чыга албайм санап четине.
Сүрөттү сүртүп койгондой,
Көк асмандын бетине.

## Өткүн

Төгүп-төгүп өткүн өттү,
Жаз жамгыры басылды.
Күн чайыттай жарк дей түшүп,
Көпкөк асман ачылды.
Көк асманга күзгү болуп,
Көлчүк жерге чачылды.



Куштар кайра сайрап кирди
Кытыгылап сезимди
Шибер тамчы мончок тагып
Жаздын жыты сезилди.

Төө өркөчтүү ак булуттар
Тоону көздөй чубалат
Биз жүрөбүз булуттардын
Көлөкөсүн кубалап.

## Эрте жаз

Эрте жазда кээ күнү
Табият сырдуу карачы
Кара булут шоктонуп
Асмандын бүркөө кабагы
Чапты бирөө булутту
Жарк-журк этет жарагы
Ызадан жашы куюлду
Булутту ким сабады?!
Аяп мээлүүн жел келип
Сылап жүрдү булутту
Күлүп кайра Күн чыгып
Булут баарын унутту.

## Түнкү жел

Шуу-шуу этип жел аргы
Шибер, гүлгө күү күүлөйт
Шамал күүгө термелип
Булак ырдап,гүл бийлейт.

Жаркыраган Ай, топ жылдыз
Бийге карап турушат.
Кулак салып тоо, токой
Жымжырт туруп угушат.

Маңдайдан сылап түнкү жел
Ата журт мээри билинет.
Табият жанды терметип
Магдырап көзүң илинет.

## Жаз экен



Булут тарап Күн чыгып,
Жан-жаныбар жыргады.
Көк асманда көкөлөп,
Ырчы торгой ырдады

Бал аарылар бириндеп,
Кош канаты дирилдеп.
Издейт таттуу гүлдөрдү,
Кайсынысы ширин деп

Ылдый-өйдө көкөлөп,
Гүлдү сүйүп бөпөлөп.
Каннаттары гүлгө окшоп,
Учуп, конот көпөлөк.




Сууда сүзүп ойногон,
Өрдөк менен каз экен.
Көкөлөткөн көңүлдү,
Көркү сулуу жаз экен.

## Кыш



Кычыр-кычыр кычырайт
Баскандардын таманы.
Тээп балдар жыргашат
Коньки, лыжа, чананы.
Ызаланат ызгаар кыш
Үшүтө албай баланы.



## Үч урук

Табият сырын карачы,
Эккен элем үч урук-
Топурактын арасы.

Он күн өтпөй арадан,
Эккен урук чыгыптыр.
Кош кулак болуп карасам.

Жаады жамгыр, жагыптыр,
Дагы он күн өткөн соң,
Сапсары гүл тагыптыр.

Анан эле бир күнү,
Жакшынакай көк ыраң,
Болуп калды бадыраң.

## Табышмактар

Тийбесең эгер тим эле турат
Кармасаң колго чокуңа чыгат.
(калпак)

Чаар ала денеси,
Баласынын ичинде энеси.
(дарбыз)

Үч көзү бар таң калбагыла,
Бир көзүн кызартса абайлагыла.
(светофор)

Кулагы бар укпайт,
Жылуу жерден чыкпайт.
(казан)

## Дарбыз



Ак төө карды жарылды,
Кирип келди жыргал күз.
Барсам дыйкан абама,
Бере салды чоң дарбыз.

Колдон түшүп жарылды,
Көрчү колдун калпысын.
Көпкө чейин отуруп,
Араң жедим жартысын

## Чокуда

Чыдап чыктым чокуга,
Чылп –чылп терге чөмүлүп.
Чычкан дайра ийреңдейт,
Чыпалактай көрүнүп.

Сыймыктанам, сүйөмүн,
Алатоомдун аскасын.
Булгалап өйдө ыргытсам,
Булутка тиет калпагым.



## Кыялбек кыялкеч

Кыялданып Кыялбек,
Оюнда болду коёнек.
Ач карышкыр андайда,
Алдынан чыкса ал кантмек?!

Кайра ойлонуп башкадан,
Болуп алды ак күчүк.
Ак кар, көк муз кышында,
Эшикте жатмак анда үшүп.

Ал ойу жакпай өзүнчө,
Боло калды мамалак.
Бал жей албай кыйналды,
Бал челекти сагалап.




Анан дагы мектепке,
Барбай калмак сумка алып.
Китеп, дептер дегенге,
Түшүнбөй жүрмөк таң калып.

Ойлонуп кыял экенин,
Ачылды кайра капасы.
Болгонум жакшы экен деп,
Апамдын эле баласы.

# Жыл сүрүү



Күндү мурда көрөм деп,
Чычкан төөгө чыккан дейт.
Ошондуктан элибиз,
Жылдын башы **чычкан** дейт.



Пайдам көп деп адамга,
Жылга кирет **уй** өзү.
Бул жылда ким туулса,
Токтоо, сылык мүнөзү.





Келип калат **жолборс** да,
«Менден кимиң зорсуң» деп.
Жолборс жылы төрөлгөн,
Тайманбас, эр болсун деп.




Бөгүп жаткан ийинде,
**Коен** жылды билиптир.
Жолборстон кийин менмин деп,
Бул да жылга кириптир.

**Ажыдаар** же **балык** дейт,
Бешинчисин жылдардын-
Ден соолуктуу, сезимдүү,
Ээси байлык жыргалдын.





Андан жылан калабы,
Жылга кирүү талабы.
Айлакер, сезгич, сак дешет,
Жылы **жылан** баланы.



Кадырлабайт жылкыны,
Ким чарбаны билбесе.
Уят болмок чынында,
**Жылкы** жылга кирбесе.



Кошолу сени жылга деп,
Жаныбарлар торушту.
Берекелүү жыл бол деп,
**Койду** жылга жоорушту.

Көрүп ушул жыйынды.
**Мечин** карап турабы.
Окшошмун деп адамга,
Жылга кирет бу дагы.





**Тоок** жылга кириптир,
Мындайды ким билиптир.
Түшүмү мол бул жылды,
Бардык жандар сүйүптүр.

Түн ичинде короону,
Бөрү, уурудан сактаган.
Жылга кирип калганга,
**Итти** баары мактаган.





Он экинчи жыл кылып,
Дагы бирди кошобуз.
Эл айтышат ал жылды,
**Кара кийик** же **доңуз.**

Кайра он үч-чычкан жыл,
**Мүчөл** дешип билишет.
Мүчөлүндө ар бир жан,
Кызыл кийим кийишет.

## Каркыра

Алтын канат каркыра,
Ай астында жаркыра.
Күмүш канат каркыра,
Күн астында жаркыра.

Эй каркыра, каркыра
Элге салам айткыла.
Алыс-алыс жактардан
Эсен-аман кайткыла.

Тоо, сууларды сүйөбүз
Аларга да айта кел.
Канатыңа жаз конуп,
Биздин жерге кайта кел.

## Жашынмак

Биздин короо жашыл бак
Көп ойнойбуз жашынмак
Таппай калат Таттыбү
Тал түбүнө жашынсак.

Бетегеге бекинип
Таптырбайбыз кыйлага-
Таалайбекке күлөбүз
Таппай калып ыйласа.

Карагат бар капкалың
Жашынабыз ага да
Чыдабастан чыр кылып
Чынар болот- тамаша.

Тиги бакта гүл өсөт
Карагаттан калың ал.
«Быштыы-быштыы»-бекиндик
Кыйын болсоң таап ал.

## Бабалар менен мактанам

Жөө жомок, макал, дастандар
Баянын айтып кыргыздын
Сактаган кылым ыр, күүнү
Аталар кыргыз – кыргызмын

Адашкан кезде жол тапкан
Касташса душман жоо чапкан
Туйлатып күлүк, куш таптап
Чоң атам кыргыз-кыргызмын.

Булутка кошуп жылкы айдап
Сырдашы болгон жылдыздын
Мөңгүдөн тунук суу ичкен
Бабалар кыргыз – кыргызмын



Улуу деп тегин сыйлаган
Уулумун улуу кыргыздын
Кылымдар эркин жашаган
Бабалар кыргыз – кыргызмын.

Кылымдар салтын улантып
Кең пейил наркын сактаган
Достуктун туусун бек туткан
Кыргызым менен мактанам.

## Туу туткула Манасты

Карайлы окуп тарыхты?!
Манастын теги байыркы.
Манас деп жашап келатат
Байыркы кыргыз, азыркы.
Кыргызын коргоп сактаган
Кыраан Манас билгенге
Чакырат кыргыз «Манас!» деп
Кыйкырып жоого киргенде.
Теңир берген кыргызга
Теңдешсиз баатыр жаратты.
Туу тутуп, окуп билгиле
Теңирим берген Манасты.

## Жети атам

Те илгертен кыргыздар
Ата-тегин иргешет.
Сыймык тутуп урматтап
Санжыраңды бил дешет.

Билемин мен атамды,
Андан мурун-**чоң атам**.
Чоң атамды чоңойткон
Үчүнчү атам ал-**Бабам**.

Бабамдын өз атасы
Төртүнчү атам-**Абагым**
Муну билсең кызыктуу
Үйрөнө жүр, карагым.

Бешинчиси-**Агатам**,
Алтынчысы-**Бабатам**
**Тагатамды** кошкондо
Санап көрсөм жети атам.

Сегизинчи-**Сагатам**
Тогузунчу-**Көбатам**
Эгер анны билбесем
Болмок экен көп катам.
Жаттап муну унутпай
Жети атаны сыйлайлы
Ата-текти билгениң
Сыймык болот турбайбы.

## Мекен жөнүндө

Чөлдөрдө, өрөөн, тоолордо,
Адамдар жашап мекендейт.
Киндик кан тамып бул жерде,
Бабабыз өткөн экен дейт.
Жашаган жерин андыктан,
Сүйүүсү менен бекемдейт.
Төрөлүп өскөн жерлерин,
Жанындай көрүп Мекен дейт.
Суктантат тоо, көл, дайрасы,
Мекеним менин – Кыргызстан
Көп жерлер ага тең келбейт.

## Тууган жер

(Бир шилтем)

Күлмүңдөп Күнү чыккан жер,
Күкүктүн үнүн уккан жер.
Ай тийип тоодон суйкайып,
Айылды тиктеп турган жер.
Күмүштөн болгон тоолору,
Белине булут бууган жер.
Мөлтүрөп аккан булагы,
Мөмөлүү бакка куйган жер.
Дардайган таштар киринип,
Дайрага жүзүн жууган жер.

Секинден соккон шамалы,
Сергитип бойду урган жел.
Жыпар жыт өскөн гүлүнөн,
Жакшылык жанга жуккан жер.
Өрөөндө өсүп жер-жемиш,
Өзгөчө сулуу кутман жер.
Өзүңдө калдым туулуп,
Өзүңдү сүйөм туулган жер.

## Кыргыздын баары самашат

**(ыр-сүрөт)**

 кыргыз конушу

Колунан түшпөйт 
Тоолордон туруп ырдаса
Ааламга жетет добушу



Созулса колдо
Сыймыгы элдин бу дагы

 чертип,  тартса
Уккандын сүйөт кулагы

Кыргызга  жарашат
Кызыгып баары карашат

Алкынтып  минсем деп
Кыргыздын бары самашат.

## Жыргал күз

Кубанамын күзүндө
Байлыгы мол түшүмгө
Суктанып карайм короомдо
 менен  гө

Бышып турат бакчамда
Алачапан 

Үзүп жедим  ын
Кандай сонун жыргал күз.

## Ороз менен короз



канча?

- үч.

Кайдан билдиң Ороз

Кыйкырды го үч жолу

Короодогу 

## Коенек

Серендеген  ек

Сергектигин кое элек

 менен  ди

Кырт-кырт чайнап тоё элек

## Ойлоп тап

Жар бооруна жармашат

Күндүзү учпайт, арданат.

Ойлоп тапчы бул эмне?

-Кийими жок 

Көтөрө албай жүрсө да
Бербеймин деп башкага.
Таш чарасын жамынган
Ошол эмне? –



Коркуп баары тийбеген
Бүт денеси ийнеден.
Ойлоп көрсөк жакшылап –
Тикенектүү  экен.

Жазда, жайдын таңында
Сайрайт көктө достордой.
Көкөлөткөн көңүлдү -
Ойлоп таптым, - Боз



## Жолдош болуп алышты

Таргыл  мыймыйын,
Жанына алып сүйлөшөт.
Сен да мендей секирип,
 ал деп үйрөтөт


дөбөт күчүктү,
Ал да ээрчитип сүйлөшөт,
Арс - арс этип короону,
Кайтаргын деп үйрөтөт.
«Кызмат кылган жакшы» деп
Ала күчүк үйрөнөт.


Мый-мый, күчүк үйрөндү,
Кантип жанды багышты.
Кесиби жагып адамдар,
Жолдош кылып алышты.



## Ат кандайча аталат

Тоголонуп «топ» этип
Топтоголок зат болот.
Ошондуктан «топ» деген
Топко койгон ат болот.





Тоголок таш ичинде
Кыбыр эткен бака бар.
Ошол үчүн ал байкуш
Ташбака – деп аталар.

Биздин үйдө кенжебиз
Эми баскан сары кыз,
Ошондуктан Кенжетай –
Деп айтабыз баарыбыз.



Окшоштуктан, жоруктан
Көп заттарды аташат.
Эгер аты болбосо
Элдин баары адашат.

## «103» тез жардам

Бир күн кырсык тооруду
Ичим, башым ооруду.
Тегеретсем «103» тү
Тез жардамды беришти.
Врач көрдү тилимди
Оору экеним билинди.
Ийне сайды кыйнабай
Карап турдум ыйлабай.
Көрдү эртеси көзүмдү




Жакшы сездим өзүмдү.
Тегереткин «103» тү
Ооруп калсаң капыстан.
Айыгасың тез эле,
Тез жардамды чакырсаң.

## Шар учканда

(калп)

Шарларымды үйлөдүм
Баарын жипке байладым.
Учун кармап жибимдин
Шамал жакка айдадым.

Шарым учту бийиктеп
Көкөлөдү асманга.
Кошо кеттим мен учуп
Шар көкөлөп жатканда.

Булутка да жетипмин
Өтө бийик кетипмин.
Ак кар баскан эң бийик
Аска, зоодон өтүпмүн.



Учуп өттүм токойдон,
Айыл, адыр, дайрадан.
Бирден жарып шарымды
Жерге түштүм кайрадан.

## Туура кеңеш

-Көчүргөн элем Жоомартан,
Үйгө берген эсепти.
Жоомарт «2»и алыптыр,
Эми эмне кылам?,- деп,
Алымга Самат кеңешти.
- «2» син да заматта,
Көчүрүп ал, -дебеспи.



## Билбес токон



Билбес Токон калп айтат
Мактанып, мурдун дардайтат.
Жөргөмүштү «чаян» деп
Колун жазып тарбайтат.





Тоту кушту «күкүк» дейт
Торгой көрсө «үпүп» дейт.
Жарыштырсак кирпиге –
Ташбака өтөт күлүк дейт.

Токондун бул сөзүнө
Угуп баары күлүштү.
Жартылыш – жандууну
Сүйбөгөнүн билишти.

## Тартипсиз мамалак

Түлкү бир чоң той кылып,
Түрлүү тамак бериптир.
Мамалагын жетелеп,
Майпаң аюу келиптир.

Стол үстү жайнаптыр,
Тамак аттуу калбаптыр.
Көрө салып мамалак,
Бир четинен аймаптыр.

-Уят! –дептир энеси,
Кулак салып койбоптур.

Чатак салып чырланып,
Тамакка түк тойбоптур.



Ушундан кийин мамалак,
Үйдө калчу болуптур.
«Тартипсиз!» деп энеси,
Түк ээрчитпей коюптур.

## Беш өрдөк

Мен өзөнгө бардым деп,
Калпагымды салдым деп.
Калпагыма толтуруп,
Балык сузуп алдым деп.

Айта салсам балдарга,
Балдар мага күлүшөт.

«Беш өрдөгү учту!» -деп,
Чурулдашып жүрүшөт.


Эки жагым карадым,
- Кайда учту? деп –өрдөгүм.
Күлкүсүнөн балдардын,
Башка эч нерсе көрбөдүм.

## Кумурскалар караван

Ары-бери катташып,
Эгин ташып талаадан.
Узун-узун жолдордо,
Кумурскалар караван



## Уланбы же Улакпы



Үйгө сүйрөп киргизет,
Улан кармап улакты.
Так секирип ак улак,
Тарелканы кулатты.
Үйдү билбей шоктонгон,
Уланбы же улакпы?

## Кир жууган Айнура

Кичинекей Айнура,
Кир жуууганга камынды.
Көбүрсүн деп чакага,
Салып койду самынды.

Ойлоно калды ал анан,
Таяна калып бөйрөгүн.
Анан салды чакага,
Жоолук менен көйнөгүн.

Кирин жууп болуптур,
Бойоктору оңуптур.
Кургасын деп таптаза,
Кумга жайып коюптур.

Кир жууганды Айнура,
Мурда байкап билбептир.
Ошондуктан адашып,
Кир жайгычка илбептир.

## Көчүргүч менен өчүргүч

Эрмек эсеп чыгарбай,
Эсенбайдан көчүрөт.
«Көчүрө албайт туура» -деп,
Өчүргүч кайра өчүрөт..

## Көлөкө

Кызык болду Төлөккө,
Барбаймын деп бөлөккө.
Жеткирбестен качса да,
Кууп жүрөт көлөкө.

## Кызык

-Шоктоносуң мынча неге!
Агай менден көп сурайт.
Кармап алып кулагымды,
-Кулагың барбы? деп сурайт.

## Окуу жана Окен

«Оку», десең тамгалап,
Окен башын кармалап,
Оозу кыбырап тим болот.
Окубаса ошентип,
Окен кийин ким болот?!

## Эстүү улактар

Эчкинин көп улагы,
Энесинен сурады:
- Бизге дагы сага окшоп,
Эки мүйүз чыгабы?

-Чыгат, -дептир энеси,
Тилимди алып чөп жегиле.

Маалы менен тамакты,
Кежирленбей көп жегиле.

Энесинин айтканын,
Эстүү улактар угуптур.
Энесине окшошуп,
Экиден мүйүз чыгыптыр.



## Короз жана уйкучу



Чоктой Кызыл таажысы,
Чокуларын карачы.
Чегирткени зыянкеч,
Чокуганынын карачы.
Короо ичинен эч жакка,
Качпаганын карачы.
Канат куйрук бар туруп,
Учпаганын карачы.
Таң атарда «ойгон» деп
Кыйкырганын карачы.
Жалкоо балдар андайда,
Укпаганын карачы.
Шылдың болуп корозго
Уктаганын карачы.

## Аары менен Ишенбай

Зуу –зуу этип аарылар,
Эмгек кылып жүрүштү.
Иши жоктон Ишенбай,
Уясына тийишти.

Дуу-дуу этип аарылар,
Дуулдатып чагышты.
Кулак көзүн шишитип,
Мурдуна да жабышты.

Тыз-тыз этип тызылдап,
Үйгө качып жан калды.
Бетти-башы томпоюп,
Кулактары далдайды.

Көргөн балдар таанытбай,
«Ким экен?», -деп жүрүштү.
-Ишенбаймын, -десе да,
Ишенишпей күлүштү.



## Бака болуп калыптыр



Өзөнгө Самат барыптыр,
Сүлгү, самын алыптыр.
Бетти-колун жуумакка,
Самынды суга малыптыр.
Сыйгаланып самыны,
Колдон түшүп агыптыр.
«Агызбайм» деп самынды,
Шашып кармап алыптыр.
Тарбалаңдап самыны,
Бака болуп калыптыр.

## Ой тобо

(калп)



Чегирткени чиренип,
Минип алдым, ой тобо!
Жөргөмүштүн чубалган,
Жибин алдым, ой тобо!

Кумурсканы ал жипке,
Байлап алдым, ой тобо!
Буудай жүктөп үстүнө,
Айдап алдым, ой тобо!

Кең дайрадан чегирткем,
Учуп өттү, ой тобо!
Жүгү менен кумурскам,
Кечип өттү, ой тобо!

Азоо экен чегирткем,
Жыгып кетти, ой тобо!
Калппы, чынбы эсимден,
Чыгып кетти, ой тобо!

## Жайлоодо

Минип алып Жеңишбек,
Кичинекей такайын.
«Боз тулпарым –күлүк», -деп,
Чаап жүрөт атайын.


«Желмаян», -деп торпогун,
Какен минип кубанат.
Бир топ балдар жармашып,
Учкаштыр деп суранат.



Бардыгынан кызыгы,
«Тоо теке», деп Ормоке.
Минген анын карасаң,
Мүйүзү аркайган ч-о-о-ң теке.

## Чычкан менен төө

Чычкан төөгө айтат дейт
Чыга калып ийинден:
-Кулагыңды бери тос
Бир кеп уктум бүгүн мен.



-Кет алдаба –дептир төө,
Сени эмнеге угамын.
Кыйын корком сенден деп
Ала качты кулагын.

Биз билбебиз чычкандын,
Кичинекей экенин
Анда неге төө коркту
Айткылачы себебин.

# Кара күчүк сугалак



Тамак берсең кызганып,
Жөжөлөрдү кубалап.
Тойбой кала тургансып,
Шашып жеген сугалак.
Дагы жейм деп Жамаштан,
Кара күчүк суранат.
Карап туруп каз-өрдөк,
Сугалактан уялат.

## Азыркынын Кемчонтой

"Боевик кино" – сүйгөнү
Тостополоң жүргөнү
Акча бер десе бербесең
Жакалап үзөт түймөңү.

Арабызда бар чонтой
Акылы аз чоң чонтой
"Рекетмин" деп дердейген
Ал азыркы Кемчонтой.

Түпкүлүгүн ойлобой
Боломун дейт рекет.
Келечегин Кемчонтой
Рекет болсоң балекет.

## Помидордой кызардым

Помидору коңшумдун,
Эрте бышып жайнады.
Уурдап алып жегенге,
Таппай жүрдүм айламы.

Койунума толтурдум,
Бир күн кирип бардымда.
Качарымда «жылт» коюп,
Ээси турду алдымда.

Коңшум күлөт: «уурдабай»,
Сурасаң деле берем, - деп.
Помидордой кызардым,
Уят болуп элеңдеп.

Ууру атыгып кызарбай,
Сурап алып жеп жүрөм.
Эмки келер жазында,
Өзүм айдайм деп жүрөм.

## Бөбөктүн ыры

Апам мени мактайт дайым,
Жакшы бөбөк болгонумду.
Анткени мен өзүм жууйм,
Тишим менен колдорумду.

Эрте менен ойгоном да,
Эринбестен тура алам.
Көйнөгүмдү апапакай,
Өзүм тандап кийе алам.

Ырдап, бийлеп балдар менен,
Ойногондо кубанам.
Жакшы бала болсом дегем,
Аткарылсын убадам

## Китеп

Көркөмдөп кооз чыгарса
Көрнөк болот бул китеп
Көп адамдар окуса
Өрнөк болот бул китеп

Караңгы акыл окуса
Жарык болот бул китеп
Айлар, жылдар өткөндө
Тарых болот бул китеп

Коюп койсоң төрүңө
Конок болот бул китеп
Колуңа алып окусаң
Жомок болот бул китеп

Тартууласаң китепти
Белек болот турбайбы.
Сактап, оку китепти
Илим берет турбайбы.



# Абышка менен коен



Абышканын үйүндө,
Эки коен бар экен.
Бири-кара көмүрдөй,
Бири болсо ак экен.


Багууга тийбейт чолом деп,
Кур убара болом, -деп.
Базарга алып жөнөптүр,
Пайдасы жок коен деп.

Жолдо коен туйлаптыр,
«Сатпачы?» -деп ыйлаптыр.
Чалпоо мүнөз жан экен,
Чал ырайым кылбаптыр.

Колдон чыгып карасы,
Токой жакка качыптыр.
Жерге коюп аппагын,
Чал акылдап шашыптыр.

Кууп жетпей карасын,
Кайра кайтып келиптир.
Таштап койгон ак коен,
Бекем жерге бөгүптүр.

Чал базардан калыптыр,
Кармай албай коенун.
Коен качып кеткен соң,
Бүттү менин жомогум.



## Мазмуну


Автордон ........................................ 3
Кыялбектин жомогу ............................ 4
Кыялбектин экинчи жомогу .................... 8
Кыялбектин үчүнчү жомогу ....................12
Сабырдуу кыз ..................................20
Ыйманга карап бөлүү ..........................21
Эмгекчил абышка, жалкоо кемпир жана эси жок кыз
жөнүндө жомок ..................................22
Эки падыша ......................................23
Акылдуу хан .....................................26
Таранчы эмнени ойлоду экен .................28
Сырдуу баян .....................................29
Алма жана кароолчу ...........................31
Аңкоо дөө жана айлакер бака ...............32
Кеп мааниси макалда ..........................33
Короздун үнү эртеге угулат ..................35
Адам жамандыкты кайдан үйрөндү ..........36
Тарбия издеген бала ...........................39
Адам маймылдан эмнени үйрөндү ...........43
Тамак качан таттуу болот .....................45
Бул жомок эмес ..................................46
Курулай мактанычн баш жарат ...............50
Чоо жана кайырмак .............................52
Жалкоого шылтоо көп ..........................54

Балык жана тарбия .................................................. 55
Жамандыкка жакшылыктын мааниси............................. 56
Жалкоонун тилеги................................................... 59
Бекен жана Текен .................................................. 60
Тапан менен дөө ................................................... 62
Тапан..................................................................... 64
Жаңы жомок ......................................................... 69
Азыркынын жомогу ................................................ 74
Жезкемпир менен Барби ........................................ 79
Сүрдүү жылан, азуулуу мышык жана Жаратканга
жалынган чычкан ................................................... 85
Актилек жана аракет ............................................. 86
Ак булутту атпагыла.............................................. 88
Чоң атага кат........................................................ 91
Күн, суу, адам жана башкалар жөнүндө жомок ...... 94
Канаттуу кумурска................................................ 96
Акылдуу улактар.................................................. 97
Чабалекейдин таарынычы.......................................100
Алма менен адам ..................................................102
Кедей кантип казына башчысы болду ......................104
Жөргөмүш кемпир..................................................106
Ышкырган тентек ..................................................107
Тапан жана ташбака ..............................................108
Ай эмнеге тез чоңоет .............................................109
Эрмек ..................................................................109
Аяз ата.................................................................111

Суурдун тоюнда.........................................114
Табият койнунда .......................................120
Илегилектер согушушпайт .............................126
Байкуш мамалак .......................................130
Ууру түлк, каракчы карышкыр ..........................132
Саламдашуу..............................................134
Адептүү бол .............................................134
Байкап жүр ..............................................135
Балалык..................................................137
Ыйман деген эмне?.......................................139
Сооптур..................................................140
Күнөөдүр.................................................141
Турбайбы .................................................142
Кесип жөнүндө............................................143
Кокуйбек.................................................145
Күлүп баары каткырды ..................................146
Терс мүнөз ..............................................146
Ысырап деген эмне?......................................148
Бейбаштык ..............................................149
Эмне жакшы..............................................150
Эмне жаман ..............................................151
Кийиз кулак..............................................151
Кесирлик..................................................152
Дөдөй деген эмне? .......................................153
Алма......................................................154

**Милдет жана илдет................................................154**
**Чал менен казан ................................................155**
**Сөз маанисинин икаясы.........................................156**
**Китеп окуган менен китеп жыйнагандын икаясы..157**
**Макоо кылык ........................................................157**
**Тилиме байла......................................................158**
**Халифанын жоомарттыгы ...................................159**
**Чындык сөз..........................................................160**
**Түшүнүк жөнүндө ...............................................161**
**Мекен ташы.........................................................161**
**Ааламды кыдырып көрдүм деген .........................163**
**Ач көз келемиш жөнүндө тамсил ........................164**
**Жаратылыштын баркын билген карыя.................165**
**Жаратылыштан кемчилик издеген атеистин окуясы.........................................................................165**
**Байкабастык тууралуу ........................................166**
**Сулайман менен кумурска...................................167**
**Ай менен бычмачы..............................................171**
**Ширин палоо ......................................................172**
**Сүрөтчү булуттар ...............................................175**
**Өткүн ..................................................................176**
**Эрте жаз..............................................................177**
**Түнкү жел ...........................................................177**
**Жаз экен..............................................................178**
**Кыш.....................................................................179**

Үч урук .................................................... 179
Табышмактар .............................................. 180
Дарбыз ..................................................... 181
Чокуда...................................................... 181
Кыялбек кыялкеч ......................................... 182
Жыл сүрүү ................................................. 183
Бабалар менен мактанам .............................. 187
Туу туткула Манасты .................................... 188
Мекен жөнүндө ........................................... 190
Тууган жер ................................................ 190
Кыргыздын баары самашат ............................ 191
Жыргал күз................................................. 192
Ороз менен короз......................................... 193
Коенек....................................................... 193
Ойлоп тап .................................................. 193
Жолдош болуп алышты ................................. 195
Ат кандайча аталат....................................... 196
«103» тез жардам ........................................ 197
Шар учканда............................................... 198
Туура кеңеш .............................................. 199
Билбес токон.............................................. 199
Беш өрдөк ................................................. 201
Кумурскалар караван .................................. 202
Уланбы же Улакпы ..................................... 202
Кир жууган Айнура ..................................... 203

**Көчүргүч менен өчүргүч ......................................................203**
**Көлөкө.................................................................................204**
**Кызык ..................................................................................204**
**Окуу жана Окен....................................................................204**
**Эстүү улактар .......................................................................204**
**Короз жана уйкучу ...............................................................206**
**Аары менен Ишенбай...........................................................206**
**Бака болуп калыптыр ...........................................................208**
**Ой тобо..................................................................................208**
**Жайлоодо .............................................................................209**
**Чычкан менен төө ................................................................210**
**Кара күчүк сугалак...............................................................211**
**Азыркынын Кемчонтой ........................................................212**
**Помидордой кызардым ........................................................212**
**Бөбөктүн ыры.......................................................................213**
**Китеп.....................................................................................214**
**Абышка менен коен..............................................................215**


**Амангелди Мисиров**

# Кыялбектин жомогу

**(балдар үчүн жомоктор, аңгемелер, ырлар)**

Редактору: Турабай Жороев
Техн.редактору: Алтыбаев Ж.
Корректору: Мырзакулова Саадаткан
Компьютерде жасалгалаган: Боронбай к. З

Терүүгө 06 .01. 2015 ж. берилди. Басууга 19. 01.2015 ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 80х64. Офсеттик ыкма менен басылды.
Көлөмү 14 басма табак. Нускасы 1000 даана





# Беш өрдөк

999611